# Жолдубай



Кырг
А 13

Сталбек Абдыраев

# Жолдубай

Нарын облустук
китепк...
№ 57494 сбо

Бишкек - 2016

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-4
А 13

**Абдыраев Сталбек**
А 13 Жолдубай. – Б.: 2016. – 182 б.

**ISBN 978-9967-9024-3-5**

Кыргыздын «Өчпөгөн жылдызына» айланган Жолдубай Кайыповдун жаркын элесине арналган бул китеп, экран жылдызы болгон улуу таланттын кыска өмүрүндө артына калтырган чыгармычылыгына арналды. Китеп коомдук ишмерлер менен акын- жазуучулардын, кесиптештери, аны жакындан билгендердин ой жүгүртүүлөрүнөн, эскерүүлөрдөн жана ага арналган ырлардан түзүлдү. Ыр жандуу кыргыз элинин урматтоосуна татып, элинин сүймөнчүгүнө айланган чыныгы талантка автор ушуну менен экинчи жолу кайрылып олтурат. Чебер жөндөмү менен бүтүндөй журттун назарына түшкөн кыргыздын сүймөнчүк уулунун чыгармачылыгына арналган жарым саатык телеберүү автор тарабынан даярдалып элге тартууланды.

С

А 4702300100-16

ISBN 978-9967-9024-3-5

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-4
© Абдыраев С.,2016



## ЖОЛДУБАЙ

*Акылмандардын, чыгармачыл адамдардын кээ бир учкул сөздөрү ушунчалык таасын айтылгандыктан ал ар адамдын көңүлүнө орноп калат да, «мени айт» деп эстен кетпей кайра-кайра эстетип, тилиңде даяр болуп турат. Ошондой учкул сөздүн бири айтылуу акыныбыз Аалы Токомбаевдин «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» деген сөзү. Бул сөз ондогон жылдар бою кыргызга кызмат кылып келатат, тапталып бүткөн чындык болуп, кыргыз жүрөгү согуп турганда ооздон оозго өтүп айтыла берээри да анык…*

*«Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» деген сөз, жөн адамга эмес, эмгеги элине сиңген гана адамга багыштала турган кеп. Дал ошол мааниси терең сөз, кыргыздын белгилүү да, белдүү да уулдарынын бири нукура талант Жолдубай Кайыповго түздөн-түз тиешеси бар болуп турбайбы. Анткени, ансыз деле кыска берилген адам өмүрүн бүтүрө жашабай, ошол аз убакытта кыргызга жанган жылдыз болуп, бир жарк этип коюп кетип берген эмеспи. Таң каласың, ансыз деле алыс Ат-Башынын тээ тереңинен чыгып, анан бүтүндөй кыргызды «бутуна» тургузгандай чыгармачылык жолу реалдуулуктан нарылап кеткен сыяктанат… Жолдубайдын ата-энеси карапайым адамдардан экен, демек, анын чыгармачылыгы кыргыздын «жети ата кууган » касиеттеринен жаралып, Жолдубай кудай ыроологон талант турбайбы!*

*Анан ошол таланттын өзүнүн чаалыкпаган эмгеги менен, артка кайтпаган дулдулдугу менен, акыры келип эле адамдыгы менен таптап туруп элине сунуш кылган тура. Бу талант дегениң башка түшсө жөн коймокпу, жаныңды суурул алар, түн уйкуңду бузуп түйшүгүнө салар, тескери бассаң өз жолуна дегдеңдетер, жок, талант деген бир жабышып алса коё бербей калсын, азабыңды колуңа берип, түйшүктүн түбүнө түшүрүп салат! Мына ушул кайтпас процессти Жолдубай калтырбай башынан өткөздү. Бир жагынан угарманын дароо таап алчу*

*ырларын жазса, экинчи жагынан телекөрсөтүүдөгү дикторлук, алып баруучулук өнөрү дагы чоң эмгекти талап кылды…*

*Мен дагы телевидениеде он жыл чамалуу иштедим. Оо, ал жердеги иштин кыйындыгы ушул азыр көз алдымдан кетпей турбайбы. Кайсы бир чыгармачыл инсан алдыга озуп кетсе, көралбай дароо аны ушактоолор, түрдүү ыплас ыкма менен бут тосуулар, жаман атын чыгарууга жандалбас уруулар ж.б. иштер жазылбаган мыйзам катары өз нугу менен жүрүп турат. Ошол чабуулга туштуккан адам чабал болсо, коркогураак болсо, жигиттик курчтук кем болсо, анда баягы дымагы дароо өчүп, ошол жерде самсып-самсаалагандардын бирине айланат. Жолдубай жеңилбеди! Айта кеткенибиз эбине келип турат окшойт, теле менен радиодо орто жерде жүрүп жан баккан немелер аябай көп, мурун деле ошондой болчу, эми деле ошондой. Телерадиону кыймылдаткан аз эле адам болот. Ошолор телерадионун баарлык жүгүн көтөрүшөт. Мына ошондой адамдардын бири, кезегинде Жолдубай Кайыпов болду. Жолдубайды көралбагандар болмой коймокпу, болду. Бирок, ал адамкерчилиги менен, эмгекчилдиги менен, адамдарга болгон жакшы мамилеси менен, аккөңүл-айкөлдүгү менен, майда-баратты элес албай, «тур нары» деп итерип койчу жигиттиги менен… баарын орду-ордуна коюп, бүркүт сымал асманга учуп шаңшып турбадыбы!*

*Дикторлук, алып баруучулук айтып бүткүс оор кесип. Азыр аны билбей эле «чамбылала» болуп, же өңүнөн жок, же сүрүнөн жок эфирге чыгып жатпайбы. Накта дикторлор, алып баруучулар, биринчиден, ар тараптан терең билимдүү болуш керек, экинчиден, сөздү чайнабай так сүйлөп, үнү жагымдуу болсун, анан дагы сырткы кебете-кешпири адам суктанаарлык деңгээлге жетип бергени дурус. Маңдайы жарык болсун дегенди айтып не… Жолдубайга Жараткан жогорудагы сапаттардын баарын эталон деңгээлине жеткире берип койгон окшобойбу - бат эле бүтүндөй журттун сүймөнчүгүнө айланды! Ал экранга чыкканда жарк этип үйүңө жакшылык толгондой, ырыскы келгендей боло түшөөр эле. Аны көрүп жатып башка каналга бурап жиберүү кайдан болмок! Анын ар бир айткан сөзүн туюп,*



*жаңылыгын же көрсөтүүсүн бүтүп коштошуп жатканда гана бир билип калгандай болор эле… Ооба, Жолдубайдын сүйлөгөнү сени алсыз кылып таштачу, сени берилтип таштачу, дилиңди бир жакшылыкка алпарып туруп нары түртүп койчу…жакшылыкта болсун деп…Ошондой болчу!*

*Жолдубайдын ырларын айт! Анын ырлары азыркы көпчүлүк ырлардай башка элдики менен жуурулуша кеткен «арабөк» жаралган эмес, тамыр-өзөгү элинин ырларынын ыргагынан чыккан, элинин салттык керемет обондорунун уландысы болуп кеткендей эле. Андай ырлар өзү эле дилге жетип берет, мына ошол дилге жетип берет да а жерде түбөлүк орун алат, анан сени менен сен болуп жашай берет!*

*Жолдубай көп балалуу бүлөдө өскөн. Баарыбыздын эле баамыбызда бар го, көп балалуу бүлөдө өскөндөр адырандап аккөңүл болот, түйшүктөн качпайт, балдар бирин-бири багып чоңоет, эне-атага да кайрымдуу болот. Жолдубай он баланын туну экен. Тун баланын изи менен башкалары кетет… Ал жагынан алганда анын бир тууганларынын баардыгы мыкты жарандардан болду. Чоң-чоң кызматтарды аркалап жүрүшөт. Жеке мен Жолдубайдын бир иниси Алыбайды жакшы билем. Кыргыздын алдыңкы саптагы генералдарынан болду. Бул жигиттин түз жүргөнү, өңгөлөргө жасаган сый мамилеси, терең билими аны белгилүү инсан деңгээлине жеткизди…*

*Жолдубай Кайыпов жөнүндө айтуу, анын чыгармачылыгы тууралу кеп улана берчү, учугу узара берчү баян эмеспи. Ар нерсенин чеги бар дейт, мен дагы ошол чектен чыкпай кебимдин аягына чыгайын, кыркка чыкпай кете берген кайталангыс таланттын арбагы туугандарын, бала- чакасын… элин колдосун! Ушул китепти чыгарып жаткан Сталбек инимди колдосун!*

*Эми кезеги келди көрүнөт Сталбек Абдыраев жөнүндө экиооз сөзүмдү айта кетейин, Сталбек азамат! Дегеним ушул болуп атат: мындан сегиз жыл мурун Жолдубай агасы жөнүндө «Өчпөгөн жылдыз» аттуу китебин чыгарган эле. Эми минтип өзү кумир туткан, айтылуу агасынын 70 жылдыгына карата дагы бир китеп чыгарып турганы азаматтык эмей эмине! Китеп дурус ойлонулуп, чын ыклас менен эмгекке жуурулуп түзүлгөн.*

*Жолдубайды билген, өздөрү да таланттуу адамдардын ал жөнүндөгү пикирлери, ырлары, Жолдубайдын өзүнүн ырлары… баары биригип келип эле, таланты ташкындап турганда эрте кетип берген таланттуу инсандын кыска, бирок байсалдуу жолун баяндап, анын кайталангыс образын даана бере алган. Ошондуктан Жолдубайдын туугандары да, минтип пикирибизди айтып жаткан биз да, Жолдубайдын талантына баа берген ар бир окурман да Сталбекке ыраазы эмеспизби. Сталбек да таланттуулардын бири. Буюрса, эл-жери жөнүндө далай чыгарма жаратууга белсенип турганы. Ошол жолу жемиштүү болсун. Баса, Сталбектин жакында эле «Айылым бүтпөс дастаным»-аттуу китеби чыгып, Ат-Башынын бир кичинекей Жаңы-Күч айылын ааламга теңеп, айылдын адамдарынын айылына, коомго, эл-жерине жасаган мыкты иштерин жетине албай дастанга айланткан. Мындай иш көрүнгөндүн эле колунан келе бербейт. Ал үчүн өз айылыңды чексиз сүйүп, айылдаштарыңды урматтап-сыйлооң керек. Ылайым туулган жериндин кудурет-күчү, элдин батасы тийсин Сталбек иним!*

*Эмесе, кыска кебимди Сталбектин бир ыр сабы менен бүтүрөйүн:*

*Бир айылдын, бир өрөөндүн уулу эмес,*
*Бүт кыргыздын сыймыгы элең Жолдубай.*
*Бүтпөй калды, аягына чыккан жок,*
*Бүт ойлоруң өзүң менен калгандай…*
*Артта калган сен жараткан ырларың,*
*Өзүң болуп, жашай берет Жолдубай.*

***Баратбай Аракеев,***
Кыргыз Республикасынын маданиятына
эмгек сиңирген ишмер



## «ӨЧПӨГӨН ЖЫЛДЫЗ» ЖОЛДУБАЙ КАЙЫПОВ



***Таң калтырып окшош элең жылдызга,***
***Таңга жетпей өчтүң, бирок, турмушта.***
***Жүрөктөргө гүл жайнаткан сендей жан,***
***Жүз жылда бир чыкса чыгаар кыргызда.***

**Асанбек Иманбаев**

Колума калем алып, ушул эскерүүнү баштаганымда эсиме Жолдубай агабыз жөнүндө жазган «Өчпөгөн жылдыз» аттуу алгачкы китебиме тележурналист Сыдык Акматовдун өз эскерүүсүн таенесинен уккан бир сөзү менен баштаганы эсиме кылт этип, китепти барактадым. Анда асмандагы толгон жылдыздарды көрсөтүп, таенесинен эмне үчүн жылдыздар мынча көп деп сураса, «Жердеги ар бир кишинин асмандагы жылдызы бар, жылдыз учканда ал жылдыз кимге тиешелүү болсо, ошол адам оо дүйнөгө сапар алат» - деген экен. Ошол сөз мени ойго салып, асмандагы көп жылдыздан айырмаланып, өзгөчө учкуну бар Жолдубай байкеге энчилүү жылдыздын эмнеге күтүүсүз мезгилинен эртелеп учуп кеткенин чечмелей албай келем… Чындыгында эле жараткан Жолдубай агабызды Ай менен Күндүн нурунан кошуп жууруп, мандайына жаркыраган жылдызды энчилеп жараткан сыяктуу жан болчу. Кимге болбосун улуу таланттын жылдызы жанып, өзүнө да, өзгөгө да жарыгын чачыратып тураар эле. Өмүрүмдө адамдарга жарыгын чачкан далай адамдарды көрдүм, бирок андагыдай өзгөчөлүктү көп кезиктире элекмин. Эгерде Жолдубай байкебиздин өмүрү кыска болбогондо, ага берилген

касиеттүү жарык канчалаган адамдардын өчүп бараткан үмүтүн жандандырып, жашоолорун көрктөндүрөт беле деген ойдо болом. Мен айылдаш иниси, өкүл баласы катары менин турмушка болгон алгачкы кадамымдын түз болушуна дитин койгон жакын адам болгонун эстеп, көңүлүм көтөрүлүп, ага болгон жагымдуу сезим жан дүйнөмө азык болуп келет. Ат-Башынын атактуу Босого жайлоосунда жеке эле анын айылдаштары, Жаңы-Кучтуктөр эмес, бул жайлоону жайлагандар да зарыгып күткөнү Жолдубай байкенин үй-бүлөсү, бир туугандары менен эс алууга келиши болчу. Алардын келиши Кичи-Каманды, Ача-Каманды, Чоң-Каманды жайлоолорун жайлаган чабан малчылар үчүн чыныгы майрамга айланчу. Мен өңдөнгөн чыт курсактардын баарын ээрчитип алып, күндүз кечке балык ууласа, кечкисин жайлоодогу жаштарды чогултуп «Ак-чөлмөк» оюнун уюштурчу. Толукшуган ай менен тоонун эле үстүндө, сунсаң кол жетчүдөй болгон сан жылдыздардын жарыгында, жайлоонун таза абасы жаштардын көңүлүн толкутуп, жайлоо ичи ыр-күлкүгө чулганып, бактылуу жаштыктын оюн-күлкүсү коштогон таң-тамаша тээ таң үрүл-бүрүл болгон кезге чейин созулуп, акырындап суюлуп олтуруп ана-ан барып гана жымжырт тынчтыкка чулганаар эле. Бирок бир аз өтпөй эле түркүн куштардын үнү безеленип, токой тараптан чаарчыгын издеген эликтин үнү жаңырып, аны менен кошо боз үйдүн түндүгү тартылып, үй ээси атын токуп жылкы тарапка бастырса, апалар жаңы эле сааган сүтүн бышырмакка түтүн булатып, балбылдата от жакчу. Ал эми бул маалда таңга чейин оюн-зоок курган жаштар, эчтеме сезбестен кызуу уйкунун кучагына чөмүлчү. Тээ түш таяп барып, мал-салын жайлап эми колу бошогон аталар менен апалар жакшына кийинип алып, бири-бириникине кымыз уулап, кымызга ичегилери ысып, бакылдаган сөздүн арты козу союлуп, шерине берүү менен улантылчу. Ал эми мындай олтуруш Жолдубай байкесиз көркүнө чыкпай, ыр-күү жаңырып турчу. Айылдагылардын баары анын ырларын дээрлик жатка билишчү.



Жайлоодогулардын жашоосун көрккө бөлөгөн мындай күндөр дагы соңуна чыгып, Жолдубай байкенин эмгек отпускасы аяктап, коштошуу күнү айрыкча жаштар үчүн ушунчалык кыйын болоор эле. Бул адат жыл сайын кайталанып, убактысы тардыгына карабай Жолдубай аке жайлоого сөзсүз убакыт таап, өзү да эс алып, андагы элдин дагы черин жазып кайтчу. Мени дагы бир таң калтырган нерсе, иниси Алыбай байкенин таң атпай туруп, жылаңайлак бир нече чакырым жерге чуркап келип, анан Камандынын муздак суусуна жуунгандыгы болчу. Көрсө Алыбай аке Дене тарбия, спорт жогорку окуу жайында окуучу турбайбы. Кийин ал лыжа тебүү боюнча Кыргызстандын бир нече жолку чемпиону экенин билдим. Эгерде ошондогу даярдыгы болбосо кайдан генерал болсун деп коём. Азыр дагы көз алдыма кероэлдин кечке балык уулап, Жолдубай байке бир туугандары менен суунун ылдый жагында тор тосуп, биздин айылдын бир нече чыт курсактары укурук менен суу башынан балык үркүтүп келчүбүз. Анан ар бир боз үйдүн жанында зым кермелерде балыктар кургатылчу. Кийин уксам жайлоодон Жолдубай байкелер ал балыктарды туздап сонун кылып кургатып, досторуна берчү экен. Узун шыргыйга чий жая салынып, ар бир үйдө курут жайылаар эле. Чоң энелерибиз кой саап, айран уютуп, сүзмө куюп, эжигей кайнатчу. Койдун туяктары бутубузду кырчып, далай өңгүрөп ыйлаган күндөр болгон. Андан дагы биздей мадыра баштарга Каманды суусунан көлмө жасатып берчү, ошол көлмөдө ачка ток болуп, ата- энелерибизди издетип, сууда жатаар элек.

Көп жылдар бою жаныма тынчтык бербей келген ойлорумдун өтөөсүнө чыгып, устат агаларымдын батасы, жакын санаалаштарымдын көмөгү, Жолдубай байкенин жакындарынын колдоосу менен анын талантына таң бергендердин эскерүүлөрүн камтыган «Өчпөгөн жылдыз» аттуу алгачкы китебим жарык көрдү. Үстүмдөн бир оор нерсени алып койгонсуп, анын үстүнө биринчи китебим чыкканына сыр билгизбегеним менен көпкө дейре компоюуп жүрдүм. Бирок анын ырларын ичимден кайрып алган көнүмүш адатым калмак турсун кайра күчөп, той-топурда ыгын

келтирип «Алгачкы махабат», «Атам менен энеме», «Көл үстүндө», «Айтылбай калган махабат», «Таңкы поезд» - аттуу ырларын ырдап калам. Жолдубай байке тууралуу жасала турган иштердин аягына чыга электей, жаныма тынчтык бербеген мага белгисиз санаркоо турат. Китеп чыккандан кийин Жолдубай байке мурдагыдай болуп көп түшүмө кирбей калган эле. Быйыл анын 70 жылдыгы тууралуу сөз боло баштагангабы анын элеси адаттагысындай көз алдыма тартылып, түшүмдө баягысындай эле шайдоот кыймылы менен иштеп жүрөт. Түшүмдү сыр кылып сактап, Шайлообек байкени атайын издеп барып жолугуп, айттым. Адатынча кичине ойго бата түшкөн Шайлообек байке колумду кысып, "Жокемдин арбагы сага ыраазы экен" – деп жоруду. Ошол түштөгү айлананы жаркыратып, жиберген улуу таланттын кыймыл-аракеттери мага дале тирүү жүргөндөй сезиле берет. Мендеги аны өлүп калбады беле деген ойлорум, түшүмдө аны тирилтип алганга кылган аракетимдин аягына чыга албай келем... Ойлорумдун баш аягына чыга албай ушул эскерүүнү баштай албай кыйналганымчы. «Өчпөгөн жылдыз » - китебине бир сыйра көз жүгүртүп чыктым. Китепке камтылбай калды деген ойлорум биринен сала бири келип, Жолдубай байкенин талантына баа берип, баалагандарга, аны менен бирге иштегендерге телефон чалып алардын ой-пикирлерин уктум. Баары тең бир ооздон менин идеямды бир пикирден колдоп, 70 жылдыкка эскерүү макалаларын, ырларын беришмек болду. Жолдубай байкенин чыгармачылыгы тууралуу, анын ырларынын тарыхын чагылдырган бир тасма жаратсам деген изги тилегимдин аягына шартка байланыштуу чыга албай келем, «ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет» - дегендей. Бирок ал күндөргө дагы жол ачылып, талантуу агамдын бажырая ачылбай кеткен гүл сыяктуу, элин арманга айланткан ой-максаттарын кайсы бир деңгээлде ачып бериш милдетим деп эсептеп, кудай тилегиме жеткирсе деп эңсейм.

*– Жолдубай менин бир тууган инимдей эле. Мендей болуп кыргыздын булбулдары Атай менен Мусанын ырларын жазып, оркестирлештирип, элге пропаганда кылган. Жаңы чыгармаларын жаратаары менен мага алып келип; «Байке мен бир ыр жаздым ырдап берейин, ойноп берейин »- деп турчу. Мен Жолдубайды эч качан унутпайм, анын ырларын иштеп чыгып, жаңы солисттерге берип көзүм өткөнчө пропогандалайм. Муну мен кудай алдында, Жолдубайдын арбагынын алдында айтып, жумушумду жүргүзө берем - деп айткан маркум СССРдин эл артисти, Кыргыз эл баатыры Асанкан Жумакматов.*



Дикторлук кесип кең илим менен билимди, жеткилең, ар тараптуу өнүккөн, дүйнөгө көз карашы өзгөчө инсан болуусун талап кылат. Жолдубайда бул айтылгандардын баары бар эле. Каякка барба сөз өзүнөн өзү Жолдубайга барып такалып, эл Жокем жөнүндө көп сурашчу. Чындыгында ал өзүнүн чыныгы таланты менен экран аркылуу кыргыз элинин ар бир үйүнүн мүчөсү болуп калган. Тоталитардык доордо ал элге баа жеткис таланты менен кандай жагымдуу берүүлөрдү алып барса, айкындык мезгилинде Жолдубайдын элге кылаар кызматы, элге айтаар сөзү өтө көп болмок. Кесиптеши, эки тилде өзгөчө үнү менен берүүлөрдү алып барган Сатыбалды Жээнбеков, Жолдубай жөнүндөгү эл баасына сыймыктанып, андан көптү үйрөнүүгө далалат кылып, анын талантын сыйлап, гитарага салып Жолдубайдын ырларын ырдачу экен.

*– Өзүнүн жүрөк эргиткен ырлары, адамгерчиликтүү жүрүм-туруму менен элге алынып, Ат-Башынын Ала-Тоосундай бийик, мөлтүр суудай таза обондору менен өзүнө эстелик тургузуп кетти. Анын чыгармалары улам кийинки урпактарга XXI кылымдагы кыргыз элинин эң мыкты үлгүсү катары сакталмакчы. Жолдубайдын жылдыздуу жүзүнөн жакшылыктын илеби уруп турган элеси дайыма көз алдымда-дейт Кыргыз эл артисти, обончу-композитор Калыйбек Тагаев.*

Жолдубайдын баскан турган жерлери жайлоо эле. Салкын төр, таза аба, айлана-чөйрөдөгү жаратылыш кубулуштары аны бала кезинен алда кайда учуруп, көңүлүн көкөлөткөн тура. Жолдубай аз жашады, бирок кыска өмүрүнүн ичинде бир топ ийгиликтерге жетти. «Ырлар» аттуу ыр-обондор жыйнагын даярдап, китеби ал каза болуп калгандан кийин жарык көрдү. Анын ыр жыйнагы, «Ырларым менин сырларым» концерттик

программасы элине калтырып кеткен белеги болду. Музыкалык теориянын жана гармониянын алгачкы сабактарын менден окуган, – деп эскерет композитор Сатылган Осмонов.

Адатта таланттуулар өлбөс болушат деп айтылат, алардын кылган эмгектери эл арасында унутулбай, талантты баалаган адамдардын аракети менен заман талабына шайкеш жаңыланып келет. Өзүнүн ички туюмун чыгармалары аркылуу жашоого алып келген алардын эмгектери чыныгы жашоо менен шайкеш келип, канча жыл өтсө дагы касиетин жоготпойт. Ушул саптар «Өчпөгөн жылдызга» - айланган Жолдубай Кайыповдун дарегине түздөн түз тиешеси бар, ал тирүү болгондо быйыл эли-журту менен 70 жашын белгилемек. Жалпы кыргызды кайгыртып бул жашоодон эрте өтүп кетсе да табигый таланты, чебер жөндөмү менен калайык калктын урматтоосуна арзып, экран жылдызына айланган ак жаркын диктор, айтылуу ырчы, атактуу обончу, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти өзүнүн кыска бирок маңыздуу 37 жаш курагында өлбөс-өчпөс таланты менен артына из калтырып, элинин эсинде түбөлүккө калды. Анын чыгармалары нечен жылдарды карытып жаңы нукта, мезгил өткөн сайын кайра жашарып жаш таланттардын кызыгуусун жаратты.Ушундан улам ал мазмундуу чыгармалары менен артында из калтырып түбөлүк жашап калды. Арадан канчалаган жылдар өтсө дагы жаркылдаган Жолдубай уулун эли унуткан жок. Анын чыгарамалары жүрөктөн орун алып, жаңы баскычка көтөрүлүп, жаш таланттардын кызыгуусун арттырып келет. Сөзүнө обону төп келген Жокемдин чыгармаларын колдогондордун саны жыл санап көбөйдү.

– Ошол каран калган күн 1984-жылдын 29-мартында 37 жаш курагында, Жолдукем азыр дагы көз алдымда турат, тептегерек капкара көзү жумулуп, анделектей болгон тоголок бетинен нур кетип, баягы сол ууртундагы жылмаюусу өчтү. Мен ошондо өлүм деген эмне экенин, өлүм ушунчалык муң, ый, өлүм ушунчалык кайгы экендигин турмушумда биринчи жолу Жолдукемдин жаманчылыгында туйдум. Алып баруучу деген абдан татаал өнөр болот, бул өнөр өтө сезимталдыкты, ар кандай күтүүсүз шарттардан жол таба билген тапкычтыкты талап кылат.



Жолдукем бул өнөрдү көп кырлуу талантка эгедерлиги, талыкпаган эмгекчилдиги менен мыкты өздөштүрдү. Кайсы режиссер менен иштебесин анын оюндагысын жакшы сезмек турсун, алардын акылына акыл кошуп, жок жерден мыкты нерселерди ойлоп табаар эле. Бир жолу үйүнө барсам адатынча жоодурай карап туруп: “Жолочу мага бир ой келип жүрөт, ушуну аткарбасам болбой калды”- деп, текчесинен Алыкулдун китебин алып чыгып, мен элес албай, түшүнбөй жүрүптүрмүн Алыкул Осмоновдун чоң акын экенин деп, белгилеп койгон бетин ачып ыргак менен окуп кирди.

Мен жашадым тагдырыма таарынбай,
Кара тилек жаман ойго багынбай.
Түк билинбей өтүп кетет окшоймун,
Бир кеченин жаап өткөн карындай.
Таза жүрдүм кастык ишке камынбай,
Адал жүрдүм арамдыкка малынбай,
Досторума аппак болсо тилегим,
Бир кеченин аппак жааган карындай.

Ошондо Жолдубайдын ушунчалык берилип окугандыгы менен ого бетер баягы шамал уруп күч алган толкундай күү-шаа уруп Алыкулдун ыр саптары дүңгүрөп кетти. Азыр ойлосом Жолдубай Алыкулдун ырынан өзүнүн тагдырын окугандай болуптур- деп эскерет, сатирик, акын, досу Жолоочу Рыспаев.

***– Жолдубай - Сүймөнкул Чокморов, Турар Кожомбердиев, Рыспай Абдыкадыров, Жолон Мамытов, Белек Жумабаев сыяктуу өтө жаркын таланттардын катарына кирет. Булар эрте жетилишти: маданиятыбызды жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүштү, окуучутүүсү учкан жылдыздай болуп түбөлүккө да эрте кетишти. Бул ысымдар кандайдыр бир деңгээлде Алыкулдун сырлуу тагдырын кайталашты. Алыкулдун кудуретине, Жолдубайдын бүткүл сөздүн музыкасын өтө сергек кабылдаган талант кудурети кошулуп, улуу поэзия дилибизде эрип, Жолдубайдын кайталангыс үнү аркылуу жан дүйнөбүзгө түз эле поэзия агып кирет да, жаныңды ээлеп, каныңды түйлатат, кандайдыр бир турмушка мамилең тереңдеп, көңүлүң жуулат. Алыкул жазып,***

***Турар түзүп, Жолон аруулантып, Жолдубай болсо мөл кашка үнү менен ыйлап да, ырдап да, окуп да берип сыздаган добушунун ар бир тембри жүрөккө жетип турса- даяр нерсени пайдалана албай, улам кийинки муунга жакшылыгыбызды сиңире албай, ошонун кесепетинен ар жактан агып келип, элди тооруган топур массалык маданият сел каптагандай каптап, азыркы ар каналдуу телевидение улуттук дээрибизди тайкылантып, элдигибизди алсыратып барат. Жолдубай Кайыповдун доорундагы кыргыз телевидениеси баарыдан мурун таза энергетикага ээ болуп, заманасына ак кызмат кылган, эли менен тагдырлаш болгон, башка таасирлерге тизгинин жулдурган эмес. Жолдубайдын дээри өзгөчө зирек, эстутуму күчтүү болчу. Жолдубай Кайыповдун жалгыз кайыгы кыргыз телевидениесинде дайыма сүзүп бара берет, таланттар дайыма жалгыз болушат. Жолдубай, Сүймөнкул, Турар, Рыспай да, Жолон да, Белек да ар бири кайталангыз. Алар кыргыз таланттарынын дагы бир муунунун тобун түзүп, өнөр көлүнө айланышты, алардын толкунуна кол беришке биздин өз жеке кайыгыбыз керектир - дейт, кыргыз эл жазуучусу Асан Жакшылыков.***

– Ырааттуу түзүлгөн ыр тизмектери менен анын мукамдуу кайрыктары куюлушуп жүрүп олтуруп, Жолдубайдын чыгармалары угуучунун жүрөгүнөн орун тапты. Эл арасында анын обондору жаңы нук менен жашап, жыл арта баалуулугу артып, жашоосу узарып келет. Обончуларды иликтеп жүрүп, китеп чыгарууну максат кылдым. Рыспай Абдыкадыров баштаган обончулардын чыгармалары камтылган ошол китепти 5 жылдап жүрүп араң чыгардык. Китепке Жолдубай менен радиодо кылган маегимдин негизинде даярдалган материал кирген. Бирок Маданият министрлиги киришип жатып, китептен Жолдубайды чийип таштады. Ошол убакта Жолдубай кичи колдуу болуп, ошонун ызы-чуусу тарай элек болчу. Сенектик мезгилдин кесепети тийип, кыргыз музыкасына тийгизген Жолдубайдын чыгармачылыгы жөнүндөгү эмгегимди алып салышкан. Ошондо жаным кашайып, ыза болгом. Мезгил деген өзүңүкүн кылат экен, Жокенин чыгармалары жаңы нукта, кылым чыгармасынын



алдыңкы сабында жашап келет деп, "Асаба"гезитине журналист Бөкөмбай Боркеев 1999-жылы жазыптыр.

Талант көрөңгөсү көкүрөгүнө батпаган Жолдубай тынчып жатып кала албады.

Өз жолуна түшө албаган, көкүрөгүн түртмөлөгөн улуу күчтүн касиетинен улам айылдык жигит шаарга келип, борбордо Искусство институтунун вокал бөлүмүнө тапшырат.

Табиятынан шайыр, жандүйнөсү ырга жакын таланттуу Жолдубай тез эле чыгармачылыктын көзүн таап, өзүндөгү тубаса таланттын көзүн ача алды. Рыспай Абдыкадыров, Жолон Мамытов, Турар Кожомбердиев, Калыйбек Тагаев сыяктуу өнөрлүү адамдардын чөйрөсү да аны таасирлентти. Жаңы обондору жарык көрүп, анын «Мекеним», «Алгачкы сүйүү», «Атам менен энеме» – деген чыгармалары элге тарайт. Жаркыраган жылдыздуу жигит катарынан суурулган күлүктөй арышын кере чыгармачылыктын даңгыр жолуна түшөт.



Кыргыз телесине диктор керек деген кулактандыруу берилгенин уккан Жолдубай ага өзүн сынап көрмөккө конкурска катышат. Конкурс жөнүндө эмгек сиңирген ишмер, режиссёр Балташ Кайыпов мындай эскергени бар: «Диктор деген өзү сейрек кездешүүчү талант тура. Студияга киргизип бир канча режиссердун катышуусу менен сыноо өткөрдүк. Тексттерди окутуп, экрандагы көрүнүшүнө абдан сын коз менен карадык. Көктөн издегенибиз жерден табылгандай болду. Өңүнөн үнү, үнүнөн өңү өтөт. Бүбүсайра Бейшеналиева атындагы искусство институтунда 3-курста окуп жүргөн студентке шарт түзүп, дикторлукка алдык. Ал учурда мындай ишеним минден бирге көрсөтүлчү. Жолдубайда мыкты касиеттин бардыгы бар эле». Сейрек кездешүүчү тубаса жөндөмү менен Жолдубай ага тез эле эл назарына алынып кетти. Ошону менен бирге эле ал обон чыгарып, ырдап жүрдү. Эл диктор

Жолдубайга кандай кумары артылса, ырчы Жолдубайды андан бетер жакшы кабыл алышты.

*– Ар мезгилдин, учурдун эли сүйүп барктаган, эстеринен эч качан өчпөй турган өтө чыгаан, чыгармачыл, таланттуу жылдыздары болот. Ал жылдыздар менен эли-журту ар дайым сыймыктанып, алардын маңдай тер, талыкпаган эмгектин үзүрү менен беттеген ишине, максатына баш отун сайып, бүтүндөй эмгегин арнаганын эли эч качан унутпайт. Ошондой сыйга татыктуу 80-жылдардын башында кыргыздын тележылдызы, ар күнү көгүлтүр экрандын көркүн чыгара жаркылдаган, келбети келишкен, таланттуу обончу, аткаруучу ошол учурдагы бирден бир көрүнүктүү диктор, алып баруучу Жолдубай Кайыпов каргаша болбогондо быйыл 70 жашка толмок. Адам адам болуп жаралганы күндүн атышы менен батышындай эч бир өзгөрбөй турган мыйзам ченемдүү нерсе бар. Ал Өмүр менен Өлүм. Болгону бири сүйүнтсө, экинчиси күйүнтөт. Жокемдин өтө эле кыска жашоосундагы кылымга тете кылган эмгеги кыргыз элин кандай сүйүнтсө, анын капилет өлүмү аны көрүп билген жалпы калайк- калкты өксүтүп кайгыга салды - деп муңканат журналист Асыран Айдаралиев*

86нын тамагын ичип жаткан атам Абдыраев Нурмамбет айтып калат, айылда анда-санда бир үйдө телевизор бар, бир күнү эле Жолдубай телевизордон чыгып, айыл ичи бака-шака түшүп калдык. Бирибизден бирибиз өтүп, Кайыкем (Кайып ата) менен Салик эжемди куттуктап, айыл элинин сүйүнгөнүн айтпа. Жолдубай бала күнүнөн эле балдардан өзгөчөлөнүп турчу. Баладай болуп бирөө менен урушуп-талашканын деле көргөн жокпуз. Шаардан келээри менен кыдырып айыл аксакалдары менен учурашып, көзү өтүп кеткендерге куран окутуп айылдаштарына өзгөчө сый мамиле кылчу. Айылдаш ата-апалары качан көрсөң Жолдубай уулуна «Өркөнүң өссүн айланайын»- деп баталарын беришчү. Айылдаш курбуларын, ини-карындаштарын жакшы жакка үгүттөп, ал шаардан келгенде айыл ичи өзгөчө шаңга бөлөнөөр эле. Кайран гана бала «Кир кол менен кармачу бала эмес»- эле деп, айылдаштары Жолдубай уулун унутушпай, дайыма



эскеришет. Анын айылдаштарына жасаган мамилесин үлгү катары тутушуп, бир туугандары, балдары өз айылдаштарын урматтап, сыйлашат.



Жолдубай байке диктор эле эмес, ар кандай телекөрсөтүүлөрдү да өзгөчө бийиктикте алып барчу. Ошол кезде «Ыр кесенин» гүлү да Жолдубай Кайыпов болгон. Жаркылдаган жагымдуу жүзүн, үнүн угууну каалагандар кадимкидей Жолдубайын көгүлтүр экрандан күтүп, сагынып калышчу. Ошентип, таланты ташкындап турган маалда 1981-жылы Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти наамы ыйгарылган. Ошол эле жылы Борбор Азия өлкөлөрүндө өткөрүлгөн дикторлор арасында өткөн сынактан баш байгени жеңип алган. Бул сыйлыктар анын шыгын арттырып, көңүлүн өстүргөн. Тоо суусундай шар, булутсуз асмандай чаңкайган ачык мүнөзү, жөнөкөйлүгү, тамашакөйлүгү, бийик адамгерчилиги элдин эсинде калды. Барган жеринин бардыгы тамаша, ыр-күлкү болуп, бүркөө турган кабакты да жазып жиберчү.

Тамашакөй мүнөзү менен бирге эле жашоого, ишине, үй-бүлөгө өтө олуттуу мамиле кылып, жакындарына колдон келген жардамын кылчу. Айрыкча ата-энесине деген камкордугу башкача экен кийин баамдасам. Жайкысын айылдын балдарын уюштуруп, өзү башында болуп, шартылдата чөп чаап, кечке чарчагандары билинбей, айылдын чакан клубу ыр-күүгө жаңыраар эле. Кечке жумушта болгон жаштар чарчадымчаалыктым дебестен, баары клубка агылышчу. Эртең менен карасаң Жолдубай байке эне-атасы жашаган үйдүн шыбагын күрөк менен кырып, эртесинде мелтирете шыбап жатканын көрчүбүз, бир нече күндөн кийин ал үй жумурткадай акталып калчу. Ушунун баарын өз колу менен жасап жатканын көрөөр элек.

Нарын облустук китепканасы
№ 57494 сбо

Келинчегим Айнагүл экөөбүз үчүнчү курста баш кошуп, айыл аксакалдарынын батасын алып, шаарга кайттык. Атам шыр эле өзүнүн көкүрөгүнө катып жүргөн сырын ачып Жолдубай байкени бизге өкүл ата, Жумаш эжени өкүл апа шайлады. Бизди шаарга чейин коштоп келген атам атайын барып Жолдубай акеге жолугуп, өз чечимин айтат. Кийин баамдасам, өмүр бою колхоздун жумушун кылган атам, балдарыма эми өзүң көз салаарсың таризин кылган экен… Ал кезде азыркыдай айылдыктардын шаарда 2-3төн кайдагы үйлөрү болсун. Айылдан кимиси шаарга келсин, окумуштуу байкебиз Эсенбек Мамбетакунов (педагогика илимдеринин доктору) же Жолдубай байкенин төрүн беришпей жумалап, айлап «жата конок» болушчу. Алардын эки комната этаждагы үйлөрү айрыкча жай күндөрү бири кирип, бири чыккан абитуренттер менен ата-энелерге толоор эле. Кайран кана ынтымак, кайран кана элдин пейили. Куржун менен келген козунун эти, чаначтап келген кымызын азыр ойлосом айылдыктар өзүлөрү эле ичип-жеп, конок болушуп, түгөтүп кетишсе керек… Бизди ошентип Жолдубай байкеге табыштап, атамдын санаасы тынчыды.

- Байке деп адатынча жоодурай карап Жолдубай байке атама, сиз эми башка балдарыңыздын камын көрүңүз. Мен Стал менен Айнашты окуусун бүтүрүп, үй-жайлуу кылып, келечегине Жумаш экөөбүз кам көрөбүз. Келинчегим экөөбүз тең Бүбүсайра Бейшеналиева атындагы искусство жогорку окуу жайынын 3-курсунда окучубуз. Биздин деканыбыз Тенти Мураталиев менен өкүл атабыз абдан жакшы теңтуштардан экен. Ошентип биз аталган окуу жайдын мугалимдери үй-бүлөсү менен жашаган жатаканадан бөлмө алып окууну бүткөнчө батирлеп жүрбөй, кыйынчылык көрбөй студенттик күндөрүбүздү үй-бүлөлүү болсок дагы кыйналбай өткөрдүк. Келинчегимден айырмаланып мен айрым учурда стипендияга жетпей калсам, кийин окууну бүткөнчө стипендия алдым. Менин телевидениеде иштөөгө кызыкдар экенимди билип 2-3 курдай өзү иштеген Эркиндик бульварындагы телестудияга ээрчитип барганы эсимде. Ошондогу студиянын көрүнүшү, ар тараптан берилген жарыктар ушул кезге чейин көз алдымдан кетпей менин жашоомдо жомок сыяктуу



калды. Буйрук экен аяшым Гулмира Мамбеталиеванын шыкактоосу менен тагдырыма дикторлукту аркалоо туш келип, жаңы ачылган Нарын телевидениесинде биринчи диктор, кийин КООРТ, Сары-Өзөн, КТР телевидениелеринде диктор-алып баруучу болуп эмгектендим. Кийин ойлосом Жолдубай байкенин өрнөгү менен мен да ушул кезге дейре теле жаатында иштеп келе жатам. Балким ал тирүү болгондо менин чыгармачылыгым балким башкача нукта өнүгөт беле… Телевидениеде канчалаган бут тосууларга, ыплас кир адамдардын жибек жип менен муунткан кылыктарын башымдан өткөрдүм. Ошолорду жасагандар Жолдубай байке менен үзөңгүлөш иштегендер. Азыр ойлосом ошондойлор Жолдубай байкеге дагы эмнелерди жасашты болду экен? Бирок мен сынып калбай, улам жыгылган сайын кайра тура калып, моюн сунган жокмун. Жыйынтыгында эмгегимдин акыбети кайтып КТРКнын отличниги, Маданияттын мыктысы, «Кеменгер» сыйлыгы баштаган бир нече медаль, ардак баракчалардын ээси болдум. Маданият очогу болгон КТРКдан агарып-көгөрдүм. Ушунун баарында Жолдубай агабыздын салымы бар деп ишенем. Эгер ал болбогондо ушул ары жооптуу, ары татыктуу жолду басып өтөт белем деп ойлойм. Кичине темадан четтеп кеттим окшойт. Өмүрүнүн акыркы жылдары ал талантынын аркасы менен сыймыкка бөлөнүп, наам алды. Ошол жылдары 4 бөлмөлүү жаңы үйгө көчүп, көңүлү көтөрүлүп, чыгармачылыкка баш-оту менен кирип, айтор Жолдубай байке өз денесине батпаган, өзгөчө төгүлүп чачылган жыл болду. Басса турса да оюнун баары чыгармачылыкта болуп, ойлоп алган бир нерсени турмушка ашырмайынча жаны тынчу эмес. Колунан кагаз түшпөй , ал көбүнчө экранда окуп бербей, жат айтып берип, ошонусу менен башкалардан айырмаланчу. Жараткан ага кебездей жумшак мүнөздү, акылга толгон керемет ойду, ченеми жок чыгармачыл касиетти берген экен. Аттиң дебеске арга жок. Аргымактай арышын керип турган маалында капилет каргаша Жолдубай аганы арабыздан алып кетти

Жолдубай аганын жалындуу элеси, артында калган өмүрүн улаган эмгеги элинин эсинде сыймык болуп кала бермекчи.

Ооба, тагдыр ага бардыгын берген менен өмүрүн ченеп койгон белем?

Жолдубай агабыз аз жашаса да, саз жашап калдайган калкына «Мен Жолдубай»- деген эмгектерин таштап кетти. Артына калтырып кеткен чыгармалары ар бир жумада жок эле дегенде 3-4 жолу ар кайсы берүүлөрдөн жаңырып турат. Анын экрандагы элесин көрүп, Жокебиздин таланты менен тааныштар оор үшкүрүп «Кайран гана талант, сулуулук» – деп, армандуу үн катышат. Жыл санап ал жараткан чыгармалар дүйнө аралап, ар кыл тилде, жаңы көркөмдүк деңгээл менен аткарылып келечек муундар, таланттар үчүн өрнөк болуп кала бермекчи.Тооруган кырсык аны менен канчалаган максаттарды, ойлорду кошо алып кетти… Кыргыз элинин атактуу акыны Эсенгул Ибраев агабыздын:

Бул жашоодо чындык бар да, төгүн бар,
Жанган от бар жана өчкөн көмүр бар.
Өлдү бүттү дегендерге кошулбайм,
Өлүп бирок, жашай берчү өмүр бар

- деген ыр саптары Жолдубай Кайыпов сыяктуу артына из калтырып кетишкен таланттардын өмүрүнө арналса керек. Арадан канчалаган жылдар өтсө дагы мага табышмак боюнча калган күн сайын Жолдубай байкенин элеси көз алдыма келип, күлмүңдөгөн ажарлуу жүзүндө мага болгон кандайдыр ыраазычылыгы сезилет. Тирүү менен маркумдардын ортосундагы мага табышмак болгон кандайдыр сыр?, кээде көпчүлүк арасындагы менин Атбашылык экенимди билгенинен кийин сөз өзүнөн өзү Жолдубай байкеге такалып, аны көрүп-билгендердин жагымдуу эскерүүлөрү менен аяктайт. Бул жолугушуулар мага жагымдуу таасир калтырат. Кээ бирөөлөр Жолдубай агамдын образын дагы тереңирээк ачууга кылган аракетиме сын көз менен карашса, көпчүлүк мени колдоп, колдон келген акыл-насаатын айткан чыгармачыл, илимдүү адамдардын ишеничтерин аткаргым келет.

Өткөндөрдүн салты болбой,
Өсөөр кыргыз калкы болбойт,
Өлгөндөрдүн даңкы болбой,



Тирүүлөрдүн баркы болбойт! – деп кыргыздын талантуу уулдары, байкелерим Шайлообек Дүйшеев, Ысмайыл Кадыров мени кулак түрө угушуп, жазгандарымды устукандап, жиликтеп беришет. Мен ан сайын жигерим артылып, дагы кандай бир нерсе жазасам деп шыктанып калам. Менин терең ишенимимде Жолдубай байке темасына кайрылгандар келечектте сөзсүз чыгат. Ошондо менин буга чейинки кылган эмгектеримдин кереги тиерине ишенем. Жолдубай байкенин кыска бирок майнаптуу жашаган өмүрү мага өрнөк, мен дагы бала күнүмдө кыялданган тилегиме жеттим. Ой-кыры көп теле тармагындагы 20 жылдан ашуун иштеген жылдар, жашоомдогу эң сонун күндөр. Миңдеген адамдардын тагдыры менен жашоолору мен үчүн чоң сабак болду.

Жолдубайдай талантты берген биздин кереметүү айылыбыз Жаңы-Күчтөн менин терең ишенимимде кыргызга таанымал нечендеген талантуу, чыгармачыл уул-кыздар чыгаарын бөркүмдөй көрөм.

## БИЗДИН АЙЫЛ

Биздин айыл тээ алыста, тоо түбүндө жайгашкан,
Төрт түлүгү күтүрөгөн, жерди чапчып Айгашкам.
Мөлтүр тунук, мөңгү суулар кокту – сайдан куюлуп,
Жашыл арча, майсаң чөптөр кан-жаныңдай туюлуп.

Өйдө жагы Баястан-Коо, ылдый жагы Көл-Арык,
Сары-Булак кош башаттуу, агып келет буюгуп.
Жер-суу аты Даңги, Мойнок, Арпа Тектир, үч Ак-Таш,
Сарттын жону, Оболбек жон, Ой- Кайың.

Чоң, Кичи Төр, Бакалбай-Төр, Сары-Күңгөй, Кош Өтөк.
Алакөз Коо, Балагазы деген жерлер бар дагын.
Жыпар жыттуу, гүлгө оронгон Жакшына,
Ушул элдин берсе керек бактына.

Жаңы- Күчүм чакан айыл керемет,
Качан болсо кучак жайып келгин дейт.
Жолдубайым бүт кыргыздын уулу эле,
Чын талантка элдин баары баш иет.
Жата калып ичем мөлтүр суудан,
Ушул суудa бар го улуу бир касиет...

**УЧТУ ЖЫЛДЫЗ**

Бир айылдын, бир өрөөндүн уулу эмес,
Бүт кыргыздын сыймыгы элең Жолдубай.
Бүтпөй калды, аягына чыккан жок,
Бүт ойлоруң өзүң менен калгандай.

Жамалың жайнап, мандайың жарык жан элең,
Жан дүйнөң толкуп, мээримиң төгүп жалпыга.
Жаркырап күйүп жакын деп, жат деп эч бөлбөй,
Жанып бир турчу жылдызың кимге болсо да.


Бассаң да турсаң ойлоруң баары иште эле,
Баштаган ишин ийине чыга бүтчү эле.
Балбылдап жанып, бал тилиң элди суктанткан,
Баарысы кечте Жокесин чындап күтчү эле.

Жарк этип учуп, жалп этип өчтү бир жылдыз,
Өзгөчө нуру жаркыраар эле асманда.
Жамалың өчүп, жаралбай калды көп эмгек,
Жаш бойдон учтуң белгисиз болгон ааламга.

**Сталбек Абдыраев**

***Жолдубай теленин эле эмес, кыргыз элинин сыймыгы эле***

*(Кесиптештери эскерет)*



## ТУБАСА ТАЛАНТ ЭЛЕ

Убакыт деген учкан сымал куш демекчи, Жолдубайдын арабыздан кайтпас сапарга кеткенине 32 жыл болуптур. Жылдар өткөн сайын артыңа кылчайып карап, артта калган жылдарым максаттуу өттүбү? - элимдин эсинде кала турган бир нерсе кыла алдымбы?- деген суроолор менен жашап калат экенсиң. Телекөрсөтүүнүн, радиоуктуруунун алып баруучусу болууну мурун да, азыр да кимдер гана самабайт?!. А бирок ошол кадыр-барктуу кесиптин канчалык түйшүктүү, жоопкерчиликтүү экендигин түшүнбөй эфирге чыгып жүргөндөр дале болсо кезигет. Ошол жылдары Жолдубайдай таланттуу инсан менен чогуу иштеп, ал турсун улуулук насаатымды айтып, колдон келген жардамымды бере алганыма каниет кылам. Сталбектин Жолдубай жөнүндө жазган "Өчпөгөн жылдыз" эскерүү китебин "Замана" продюссер-лик борборунун чыгармачыл жамааты абдан жылуу кабыл алдык. Китеби боюнча сюжет даярдап, түз эфир уюштуруп, китептин презентациясына чогуубуз менен барып, куттуктадык. Кече ушунчалык кызыктуу болуп, Жолдубай, арбагында бир ала салып алгандай таасир калтырды. Ушуну менен экинчи жолу Жолдубайдын чыгармачылыгына кайрылып жаткан журналист Сталбек Абдыраевге чыгармачылык ийгиликтерди каалайм. Ким эле ушул заманда Сталбектей болуп, чыныгы талант ээлерине куйүп бышып атыптыр. Жакында эле «Айылым бүтпөс дастаным»- аттуу чыгармасын жазыптыр, окуп чыгып абдан ыраазы болдум. Ошол кичинекей айылдан эмне деген кана кишилер чыккан. Ишиңе ийгилик Сталбек иним!

Кечээ эле, кутмандуу кеч айтса кеменгердей туюлган канчалаган залкарлар көгүлтүр экрандан чыкчу эле. Жолдубай менен биринчи жолуккан 1973-жыл, күнү бүгүнкүдөй эсимде. Телевидениеде «Музыкалык жолугушуу» деген бир көрсөтүү бар эле. Жолдубай «Таңкы поезд» деген ырын жаңы жазган экен, аны менен «Музыкалык жолугушууну» алып барып калдым. Ошондо, Жолдубай Кыргыз мамлекеттик искусство институтунун акыркы курсунда окуп жүрүптүр. Жолдубай менен сүйлөшүп олтуруп, ошондо анын обончу, аткаруучу экенин билдим. Анын «Таңкы поезд» деген ыры мага



абдан жакты. Ошол көрсөтүүдө менин байкаганым Жолдубайдын жагымдуу үнү, сүйлөгөн сөзү баардыгы орду менен, кандай жагынан көрсөтсө да, жүзүнүн телегеничный экендиги, интеллектиси билинип турду. Мен ошондо Жолдубайга чын дилимден айттым, Жолдубай, азыр бизге телевидениеге эркек диктор керек болуп атат, эфирден абдан жакшы көрүнөт экенсиң, жанга жагымдуу үнүң бар экен, интеллектуалдык деңгээлиң дагы жогору көрүнөт. Келчи телевидениеге десем, «Жок, эже, мен Токтонаалы Сейталиевге окшоп ырчы болгум келет» деп калды. Ушул кишинин үнүндөй үнүм бар, опера театрында ушул кишидей ырчы болуп иштегим келет деди. Жолдубай, Токтонаалыдай үнүң болгону менен, боюң кичине пасыраак экен, ал жерде экинчи ролдо болуп каласың, ал эми көгүлтүр экранга келсең, сен сөзсүз түрдө көгүлтүр экрандын көркү болосуң деп түшүндүрдүм. Эми өзүңүздөр билесиздер, жакшы адамдын ийгилигинин авторлору көп болот, менин дагы ошо Жолдубайдын көгүлтүр экранга диктор болуп келгенине өзүмдүн салымым бар деп, эсептейм. Жолдубай экранга биринчи келгенден тартып, дайыма менин көз алдымда иштеп, мен бөлөк ишке которулуп кетсем да, анын иши менин көз жаздымымда калган жок. Конкурстан өтүп келген биринчи күндөн тартып, Жолдубай камчы салдырбай иштеп кетти. Анан ал кезде билесиздер кечки саат 6дан түнкү 12ге чейин балдардын көрсөтүүсү, көркөм фильм болобу, телеочерк, саясий көрсөтүүлөр болобу, айыл-чарбасы жөнүндө болобу, баарын диктор гана алып баруучу. Азыр болсо көгүлтүр экранга чыккан элдин саны эң эле көп го...Ал кезде бизди эле эл таануучу. Жолдубайдын бир өзгөчөлүгү экрандан чыкканда жадырап-жайнап, «Кутмандуу кечиңиздер менен!» деп күлүп, ушундай бир жакшы мээрим менен саламдашаар эле. Жолдубай жаңыдан телеге келгенде, ар бир айтылган сөздү жүрөгү аркылуу өткөрчү. Жакшы көргөн адамын, ата-энең менен саламдашып жаткандай «Саламатсыз-дарбы, кутмандуу кечиңиздер менен!» десең, эл чын пейлинден чыккан сөздү жакшы кабыл алат деп, мен Жолдубайга көп айтчумун. Жолдубай ар айтылган кеп-кеңешке маани берип, сөзсүз практикасында колдоноор эле. Алыкулдун ырын окуйбу, өзүнүн чыгармачылыгы жөнүндө сөз болобу, деле ким жөнүндө болбосун Жолдубай ар бир көрсөтүүнү, ар бир көгүлтүр экранда айтыла турган сөздү өзүнүн жүрөгү аркылуу өткөрүп экранга алып чыкчу. Бул анын табиятынан берилген тубаса таланты,

артикуляция менен дикцияны калыптандыруудагы талыкпас зор эмгеги эле.

Жолдубай алып баруучу катарында өз билимине, тажрыйбасына таянып, фестивалдарды, марафондорду толгон эл катышкан көрсөтүүлөрдү, түз эфирлерди чыныгы тубаса таланты менен эң жогорку профессионалдык деңгээлде эфирге тартуулачу. Жолдубайдын жөндөмдүүлүгү интелектуалдык дэңгээли менен айкалышып, өзү алып барган эфирди өзү анализдеп, өзү синтездеп турган чыгармачыл инсан эле. Эми эмне дейли, чыгармачылыгы жөнүндө айтыла турган сөз эң эле көп. Жолдубайдын ырларын түбөлүктүү ырлар деп эсептейм. Жолдубайдын ырлары биздин жүрөгүбүздө кала турган, ар кайсы доордо ар кайсы аткаруучулар кайра-кайра аткара турган классикалык чыгармалардын катарына кирет. Жолдубайдын ата-энесине, бир тууганарына, үй-бүлөсүнө абдан күйүмдүү болгонун айткым келет. «Мен балдардын эң улуусумун эже, мен баарына жардам беришим керек, бул тиякта окуйт, бул биякта окуйт» деп айтып тураар эле. Азыр Жолдубайдын ини-карындаштары анын тилегиндей абдан тың чыгышып, кыргыз элинин керегине жарап жүрүшөт. Жаш болсо да өзүнөн эле эмес бир туугандарынын келечегин ойлогон Жолдубайдын адамдык сапаты кимге болсо да үлгү болоорлук. Жаркылдап жайнап «Тамара эже мобул ишти кандай кылсам болот?»- деп ар дайым кеңешип, акылдашып турар эле. Тубаса таланты менен дикторлук кесипти мыкты өздөштүрүп, ошол учурдагы дикторлордун насаатчысы да боло алды. Биз аны кесиптеш, чогуу иштеген адам катары эле эмес, бир туугандык мамиле менен сыйлап, барктадык. Балдары, кызы Айнура ата намысын сактаган элдик уул-кыздардан болушту. Жолдубай аз жашоосунда артына өлбөс-өчпөс эмгек калтырып кетти. Аны менен канчалаган ырдалбаган ырлар, канчалаган чыгармалар кетти. Жолдубайды жоктодук, тирүүчүлүктө жашоо улана берет экен “бирок»- Жолдубай болгондо бул берүү мындай болот эле – деген ойлор болду. Аттиң, бири кем дүйнө деген ушул тура!

***Тамара Жаманбаева***

Кыргыз Республикасынын Эл артисти, белгилүү диктор, алып баруучу, кесиптеши



## ЖОКЕМ ТЕЛЕВИДЕНИЕГЕ АК ПЕЙИЛДЕН КЫЗМАТ КЫЛДЫ

Жолдубайды жаш кезинен бери билем, жогорку окуу жайында бир мезгилде окуп калдык. Жокем экөөбүз искусство институтунун эки башка факультетинде билим алдык. Ошол жылдары искусство институтунда абдан таланттуу жаштар окушкан. 67-жылы ачылган окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн көпчүлүгү кийин республикага атагы чыккан адамдардан болушту. Кыргыздарга, анын ичинен мага деле мүнөздүү жалкоолук, далайыбыздын турмушубузга кедергисин тийгизбедиби. Мен байкагандан Жолдубай башынан эле эмгекчил, тыкан, таза жигит болчу. Орустар айтып коёт го пунктуалдуу деп, Жолдубай айткан сөзүн эч убакта жерге таштачу эмес. Мен Жокени окууну бүткөндөн кийин операга барып ырчы болот го дечүмүн, кийин уксам телеге дикторлукка чакырып кетиптир. Биз мектепте окуп жүргөндө эле Жолдубайдын ырлары чыккан. Жанагы «Көл үстүндө» деген ырын биринчи укканда абдан таң калгам. Ушундай тунук, кулундун үнүндөй болгон таза үнү менен кийин дагы эки обонду ырдап чыкты. Бул бизге абдан катуу таасир этти. Себеби ал кезде бирөөлөр Калыйбек Тагаевди, бирөөлөр Рыспай Абдыкадыровду туурап ырдачу. Ошондо Жолдубай өзүнчө бир стиль, эч кимге окшобогон манера менен ырдап чыгып, бизге окшогон, өмүр бою ырдаганга кызыгып жүргөндөрдүн баарына башка жол менен кетсе деле болот турбайбы деген түшүнүктү берген. Кийин телевидениеде чогуу иштеп калдык. Ал ар бир берүүгө даярданганда мойнуна алган жоопкерчиликти бийик койгон, кичинекей бир түшүнүксүз бир нерсе болсо дагы ошону эрикпей тактап, ар бир көрсөтүүнү өз деңгээлинде алып чыкканга абдан жанталашкан, бүт талантын, өнөрүн жумшаган, телевидениеге ак пейилден кызмат кылган адам эле. Ошол жылдары Жокемдин чыгармачылыгында өзүнчө багыттар пайда болду. Ал обондорун оркестрге, эстрадалык ансамблдерге салып элге тартуулады.

Мүнөзү шайыр, уюштургуч Жолдубайдын дагы өз элине жасай турган кызматы көп болчу. Тооруган кырсык анын ойлогон ойлорун өзү менен кошо алып кетти. Не деген ырлар ырдалбай, кандай гана үн толук жазылбай калды... Сталбектин Жолдубайдай талантка кылган мамилеси, көңүлдөргө канат байлатып, маанай жаркытты.

Жокенин 70 жылдыгында эскерүү айтпай, куттук айтсак жарашпайт беле. Жокени эстегенде дайыма кулагыма «Кымбатым өскөн жер Мекеним» деген шыңгыраган туптунук үн угулуп турат.

***Түгөлбай Казаков***
КР Эл артисти, обончу, композитор



## ЖҮРГӨН ЖЕРИ ШАҢ ЭЛЕ, ЖҮЗҮ ДАГЫ ЖАРЫК ШАМ ЭЛЕ

Ар адамдын жашоосу, тагдыры ар башка эмеспи, бири кыска, бири узак, бири бир калыпта сыдыргыга салгандай текши өтө берсе, дагы бири өйдө-ылдый, өңгүл-дөңгүл дегендей, ар кандай тагдыр жолун аркалап жашашат. Ал эми Жолдубайдын жашоо тагдыры көп жагынан көпчүлүктөн айрымаланып турган жайы бар эле. Мен анын өмүрүн, жашоосун бир эле адамдыкы эмес, бир нече адамдардын, болгондо да ар кыл таланттуу, эмгекчил адамдардын өмүр жолдорунун жыйындысындай сезчүмүн. Анткени ал профессионал опера ырчысы, кыргыздын кыйырына аттын кашкасындай таанымал диктор, алып баруучу, обончу композитор, аткаруучу, анан дагы үй-бүлөнүн күйүмдүү, камкор атасы, ата-энесинин ишенчиликтүү жөлөгү, кандай иш болсо да тартынбай шартылдап киришип иштеп кетүүчү шар адам эле, кээде Жолдубайдын колунан келбеген иш болбосо керек деп ойлочумун. Чынында эле ошондой баары колунун келген, баарына акылы жетип, жөндөмдүү болчу. Жараткан алла бул жагынан талантты аянбай эле бериптир. Жада калса өңү-түсү да келишкен. Бир көргөн адамдын жан дүйнөсүнөн орун тапкандай эле. Таң калыштуусу ал бардыгына кыйналбай, кысталбай эле жетишчү. Бул да өзүнчө чоң талант, балким баарынан күчтүүсү болсо керек. Ар бир ишти эң жогорку деңгээлде ишке ашырчу. Кимдин болсо да тилин таап, дилин таап сүйлөшчү. Эми кээде ошондуктан, бир нече өмүрдү бир жашагандыктан өмүрү кыска болуп калдыбы деп да ойлойм. Өзү негизи менин баамымда телекөрсөтүү элдин эсинде оңой менен көпкө жашабай, көпкө сакталбай, салыштырмалуу кыска мөөнөт менен жашачуудай туюлат. Анткени мезгил унуткарып муундар алмашып, дагы башка ушул сыяктуу көп себептер менен көпчүлүгүбүз тез эле унутула баштайбыз. Ал эми Жолдубайдын көзү өткөнүнө 30 жылдан ашса да али күнгө дейре кечээгидей эле жашап келет. Бул да болсо анын миң кырдуу талантынын күчү болсо керек. Ал

ошентип кыргыз эли менен кылым карытып жашай берээрине бөркүмдөй эле ишенем. Сталбек менден негедир Жокем жөнүндө көп сураар эле, кээде экөөбүздүн маегибиз узакка созулчу. Көрсө, Сталбек Жолдубай жөнүндө китеп даярдаганы жүргөн тура. Жолдубай жөнүндө экинчи чыгармасын чыгарып жаткан Сталбекке эл баасын, батасын берсин. Эми сиздерге «Жолдубайды жоктоо» деген эскерүү ырымды сунуш кылам.

Толгондой кымыз чыныга,
Толчу эле элдин сынына.
Толкутчу көргөн адамды,
Тартылтып талант шыгыңа.
Сүйчү эле ишиң, кесибиң,
Сүйүнтүп элдин сезимин.
Ар үйдүн болчу коногу,
Ачпастан кирип эшигин.
Сакадай бою алтындай,
Саламын атчу шартылдай,
Сахна менен эфирге
Санаасыз чыкчу тартынбай
Жүргөн жери шаң эле,
Жүзү дагы жарык шам эле.
Жүрөктөрдү жибитип,
Жүрүшү башка жан эле.
Жүз жылы бирге жүргөнсүп,
Жүрөгүм сыздайт дагы эле.
Үнү да бар, ыры бар,
Үртүктүү аттай сыны бар
Жайнаган жоодур көзүңө,
Жалындап кыздар жылынаар.
Болбосок дагы эшиктеш,
Болду эле бирге кесиптеш.
Эртелеп кеттиң кырсыктап,
Экинчи жайга кезикпес.
Эч бир жан жакпайт сенчилеп,
Экинин бири энчилеп,
Ээлешчү эле энчилеп,
Эми экран турат ээнсиреп.
Артында элиң жоктотуп,
Ата-энең, жарың боздотуп.
Алдырып койдуң байкабай,
Ажалга тизгин коштошуп.
Ташкындуу агын окшошуп,
Таланттын түрү топтошуп.
Оргуштап аккан дайра элең,
О дүйнө кеттиң коштошуп!

***Бактыбек Мамытов***

Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти,
алып баруучу, кесиптеши



## МОНИТОР АЛДЫНДАГЫ ЖОЛДУБАЙДЫН ЭЛЕСИ ЭЧ ЭСИМДЕН КЕТПЕЙТ

Жолдубай байкени биз Жоке деп коёр элек. Жокем жүрөгүндө оту бар, оттой күйгөн жан эле. Өзү ою терең, акылы бийик, улуу-кичүүнү урматтай билген адамгерчиликтүү, жогорку интеллектуал болчу. Бала кезибизде улуу дикторлор Роза Рыскелдинова, Тамара Бакеева, Жолдубай Кайыповдордун эфирден чыгышы, биз үчүн тээ асмандагы кол жеткис жылдыздардай болуп, бир ажайып дүйнө эле. Ал кезде айылдагы анда-санда үйдө телевизор бар болчу, жумуштарыбыздын баарын бүтүрүп коюуп, телевизордон көзүбүздү албай, кайсы күнү кайсы диктор чыгаарын билчүбүз. Ал кездеги дикторлордун өзүлөрүн алып жүрүүсү, сүйлөө манералары, кийингени өзүнчө эле бир мектеп эле. Баары бир кырдай таланттуулар болчу. Жолдубай теледен чыкканда үйдүн ичи өзгөчө жаркырап, башкача болуп, ал биздин ар күндө чыдамсыздык менен күткөн сыйлуу коногубуз болчу. Кыялымда мен озүмдү дикторлуктан башка эч ким деп элестете алчу эмесмин. Дикторлукка жарыяланган конкурска көптүн бири катары катышып, буйрук экен, сыноодон өтүп, мен дагы алар менен бирге иштешип калдым. Жолдубай байке, Роза эже өзүлөрүнүн акыл-насааттарын айтып, күйүп-жанып ишке тойбой турган кезимде менин диктор болуп иштеп кетүүмө чоң өбөлгө түзүшкөн. Бул көптөгөн түйшүктү талап кылган ары жооптуу, ары татаал кесиптин көп сырларын Жокем мага чечмелеп берип, тарбиялады. Бир кезде телекөрүүчү катары оңой көрүнгөн дикторлук кесиптин татаалдыгын мен ошондо сезип билдим. Биз биргелешип көптөгөн телеберүүлөрдү, телеконкурстарды, канчалаган майрамдык көрсөтүүлөрдү, нечендеген концерттерди алып барып жүрдүк. Мына ошол кезде Жокемдин бийик адамгерчилиги жүрөгүмдө калды, жаш деп мени баласынтпай, «Келегой Гүлшан, быякка турсаң, мындай иштесек, тигиндей

кылбайлыбы» деп бардык акыл-насаатын үйрөтүп, анан калса иштин татаал жерин өз мойнуна алып, ал жерин мен мындай кылайын, сен болсо бул жерин иштеп чык деп, кандай иш болсо да оңой жолун таап, ошол эле учурда кызыктуу иштердин жаралышына өбөлгө болоор эле. Анын дагы өзгөчө касиетинин бири өзүн дайыма шайыр, шайдоот алып жүрчү.

Ал кезде көпчүлүк жумуштун баары дикторлордун мойнунда болоор эле, жумуштун көптүгүнө карабай, чаалыктым, чарчадым дебей жумушка майрамдагыдай маанай менен келип, кандай гана жумуш болбосун майын чыгарып, ойдо жок жерден жаңы нерселерди ойлоп тапчу. Ал жүргөн жер каткырык-күлкүнүн, орундуу тамашанын чордонуна айланчу. Күлө багып, чукугандай сөз таап, көңүлү чөгүп турган адамдын да жарпын жазып коёр эле.

Ар күнү бажырайган кебетесинен жазбай жүрчү, биз да көңүлүбүздү ачык алып жүрүп, дикторлук бөлмөгө киргенден баштап күлкү коштолгон маанай менен ишти баштаар элек. Кийин баамдасак, ал бизди таң эртеңден баштап эле жумушка даярдап салчу экен. Бизге ушунчалык кыйын, татаал болуп сезилген кандай гана жумуш болсун, өзүнөн өзү бүтүп калгандай сезилээр эле. Жокем үй-бүлөнүн эң мыкты атасы эле. Анын балдарына, өмүрлүк жарына кылган мамилесине баарыбыз ыраазы болоор элек. Мына буюрса Жокем өзү тарбиялаган жибектей болгон эки уулу, өзүлөрү бала-чакалуу болуп ата-эне болуу бактысына ээ болуп олтурушат. Кызы Айнура атасынын жолун жолдоп Жокем иштеген дикторлук кесипте эмгектенип, жашоо агымы менен учурда ишкерлик менен алектенип жүрөт.

Күнү бүгүнкүдөй эсимде, 1984-жылдын 29-марты болчу. Ал экөөбүз эфирде элек. Ал демейдегисиндей эле жаркылдап көңүлү ачык болчу, ар кимибиз өз жумуштарыбыз менен алек, баарыбыздын маанайларыбыз жарык, көңүлдүү элек. Жолдубай экөөбүз чогуу олтуруп, «Ала-Тоо» информациялык программасына даярданып, эфирге алып чыктык. Адаттагысындай эле эфир алдында, баарыбызды күлдүрүп



тамашалады, берүүбүз ийгиликтүү аяктады, кийин баамдасам Жолдубай бир аз шашкан түрү бар эле.

Ошол күндө эсимде калганы, буга чейин Жокем ар дайым эфирге өзгөчө даярдык менен жарашыктуу кийинип, зыңкыйган кебетесинде, татынакай келбети менен келип жүрсө дагы, негедир ошол монитордон өзүн карап алып «Карачы, Гүлшан, тим эле портрет болуп калыптырмын» деп таң калычтуу тамшанганы, жүрөгүмдү кооптуу болк эттирген. Анын өлүмү тууралуу каргашалуу кабарды укканымда биринчи ирет күзгү алдындагы Жокемдин ошол турпаты дароо көз алдыма тартылды, бирок мен ошондо Жолдубай менен акыркы жолу эфирге чыгып жатканымды чындыгында сезбептирмин. Кесиптешибиз, баарыбыз сыйлап, урматтаган Жолдубайдын мындай өкүнүчтүү капилет өлүмү, бизди жаман абалга калтырып бир топко дейре дендароо абалда жүрдүк. Бирок көтөрбөскө айла жок эле. Канткен менен Жолдубай өзүнүн кыска өмүрүндө элдин эсинде калаарлык эмгек кылып кеткен экен. Анысы жыл өткөн сайын ташка тамга баскандай даана көрүнүүдө. Жолдубай жаштыкты сүйчү, баалачу. Аны ал оюн-күлкүнүн, шаан-шөкөттүн гана эмес, эмгектин, аракеттин, изденүүнүн курагы деп кеңири түшүнчү. Ал ушул куракка арнап көптөгөн чыгармаларды жаратты. Жолдубай менен иштөө кимге болбосун кызыктуу эле. Өз ара сүйлөшүп калганда анын кылык-жоруктарын эскеребиз, кап Жокебиз тирүү болгондо мындайча болмок эле деп кейип калабыз. Сталбек кесиптешибизге ыракмат, качан жолугуп сүйлөшпөйлү, биздин «дикторлордун» ишине өзгөчө баа берип, черинди жазып, көңүлүңдү көтөрүп, маанайыңды жаркытат. Жаңы-Күчтүн суусунда барбы Жолдубай агасындай болуп, чымчып сүйлөп, тамашага салып күлүп, каткырып тарап кетебиз. Сталбек өзү да диктор, алып баруучу болуп, «Сары-Өзөн», «КООРТ» телевидениелеринде, «Ала-Тоо» студиясында иштеди. Айылдаш агасынын талантына өзгөчө баа берип, качан көрсөң бир жаңы идеялар менен жүргөнү мени ыраазы кылат. Бар бол, Сталбек сага чыгармачылык ийгилик каалайм!


«Эр эмгегин жер жебейт» дегендей Жокебиздин кыска өмүрүндө талыкпай жасаган эмгектери кыргыз эли турганда өлбөйт, өчпөйт. Кыргызстандын алыскы Ат-Башы районундагы чакан Жаңы-Күч айылында Жолдубайдын киндик каны таамп, чыбык минип, чүкө ойногон куунак балалык курагы, жан дүйнөсү ойгонуп, ой-сезими өскөн күлгүн жаштык мезгили өткөн. Ал эми ушу тапта Жолдубай ушул киндик каны тамган Жаңы-Күч айылынын топурагын жазданып түбөлүк уйкуда жатат. Анын жаркын элеси, адамкерчилиги биздин элесибизде түбөлүккө жашай бермекчи.

***Гүлшан Молдоева***

КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, белгилүү диктор, алып баруучу.

# Изи өчпөгөн талант

*(Айылдаштары эскерет)*



## МААНАЙ ЖАРКЫРАТКАН ТАЛАНТ ЭЛЕ

Жакшы адам жөнүндө кеп айтса адамдын жан дүйнөсү тазарып, көңүлү көтөрүлүп, жеңилдеп каларын акыркы учурларда байкап жүрөм. Жакшынын жакшылыгын жашырбастан алыңдын жетишинче сүрөттөп берсең, өзүңдүн да зоболоң көтөрүлгөнсүп, башыңды өйдө көтөрүп алып өзгөлөргө тике карап, кайсы бир деңгээлде менменсинүү, сыймыктануу сезими пайда болот экен. Жолдубай жөнүндө эскерүү жазып бер деп Сталбек сурaнганда, ойлонуп олтуруп кайгыруу менен сыймыктанууну айкалыштырып алып, көтөрүңкү маанайда колума калем кармадым.

Жолдубай Кайыпов Улуу Теңир-Тоодо туулуп өскөн. Теңир-Тоо чөлкөмү кыргыз журтуна көптөгөн акылмандарды, баатырларды, ысымы өлбөс-өчпөс болуп түбөлүккө калган нечендеген искусство залкарларын берди. Алардын алдыңкы катарында биз билгендерден Тыныбек, Боогачы, Казыбек, Калмурат, Мусулманкул, Муса Баетов, Муратбек Рыскулов, Калый Молдобасанов, Асек Жумабаев, Бүбүсара Бейшеналиева, Актан Тыныбеков, Мыскал Өмүрканова, Жумамүдүн Шералиев, Жоломан Чоробаев, Калыйбек Тагаев, Табылды Актанов жана башкалар турат. Мына ушулар эмне деген гана таланттар болушкан. Чындыгында эле Теңир-Тоо сүйүктүү мекенибиздин ишеничтүү таянычы катары өзүнүн ак кар, көк музу, шар аккан суусу, салкын абасы, көк жашыл токою, жайкалган жашыл шибери менен адамдын көңүлүн көккө көтөрүп, ички дүйнөсүн байытып, алла таала берген талантын ташкындатып турары айныксыз экени белгилүү. Ошондой жеринин баркына жеткен, наркту элинин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон Жолдубай Ат-Башылык Акчубактын кулуну.

Айтылуу санжырачы Мусаев Айтынын баяны боюнча Жолдубайдын ата-тегинин Дөлөн бийден беркиси төмөнкүчө уланат. Дөлөн бийден → Жанкороз → Абыл → Тагай → Черик → Боогачы → Кудайкулу → Акчубак → Тосуке → Тыныбек → Көкүм → Рыскулу→ Бокотой → Кожоберди → Жаныбек → Кумбаш → Кайып → Жолдубай → Бакыт, Бакай → ... Кийинки учурдагы



белгилүү санжырачы Мамбетмусаев Азистин “Санжыра баян” деген китебиндеги маалымат боюнча Жолдубайдын чоң атасы “Кумбаш Ак-Сайдын Балжууран сайынын башына Улуу Жибек жолуна бекет салып, ошол мезгилдеги соодагерлерди тейлеп турган экен. Ал бүгүнкү күнгө чейин Кумбаш бекет деп аталат. Торугарт бажыканасы ошол бекеттин ылдый жагына курулган”

Жолдубайдын энеси Салик эже (чын аты Салиман, айылдагылар Салик дешет) да ошол эле айылдагы Рыскулунун бир тууганы Кытаттан тараган (Кытат → Жалгаш → Мамай → Суранчы → Дөкө) Дөкөнүн кызы. Бир туугандары Абдылда, Абдыкапар Улуу Ата- Мекендик согушта дайынсыз болушкан. Иниси Жумаалы элге кызмат кылып, бригадир, ферма башчысы болуп эмгектенген. Бир тууганы Дөкөев Үсөн балдары жана небере-чөбөрөлөрү азыркы замандын шартына жараша эмгектенип, элден кем эмес жашоолорун өткөрүп жүрүшөт.

Жаш баланын коомдун талабына татыктуу инсан болуп калыптанышына эң ириде ата-эне менен ага-туугандык чөйрөнүн ошол эле учурда табигый жана социалдык чөйрөнүн таасири өтө жогору болот. Жолдубайдын ата теги, энесинин теги жөнүндө жогоруда айттык. Улуу генетик Мендельдин закону боюнча эркек баланын жөндөмү менен жүрүм турумунун үчтөн экиси энесине, үчтөн бири атасына таандык болот экен. Ал закон менен илимий маалыматы болбогон кыргыздар деле турмуштук тажрыйбадан алып “Эр тайын тартат” деген законченемдүү формуланы чыгарып коюшкан. Бул да ойго алып коюучу маселе.

Эми Жолдубай кандай табигый чөйрөдө чоңойду? Ал чөйрө кандай таасир берүүчү касиеттерге ээ эле? Бул өтө татаал маселе. Аны мен Жолдубайды курчаган ошол табияттын өзүндөй таасирдүү айтып бере албайм. Бирок ошондой болсо да Сары-Булактагы Даңгиден агып чыккан шар суусу менен Сырдуу Ой кайыңдын шаркыратмасы, Жакшына жайлоосуна чыгып бара жаткандагы Ойурма менен Кош-Өтөктүн адамды таң калтырган кубулма ойдуну менен бирин-бири жашырып турган өркөчтөрү, Кичи-Төр менен Чоң-Төрдү бириктирип алып чалкып жаткан Сары-Күңгөйү, айлана-чөйрөгө сар эсеп салып, мээримдүү карап турган үч Ак-Таштын сүрү, андан ылдый түшкөндөгү

Кыдыраалынын мойногу, Татыбек менен Сарттын жондору, Баястан менен Алакөздүн коолору чектеп турган Чоң-Кокту менен Кичи-Кокту, Көл-Арык менен Бел-Арыктын ортосунда Кекиликтин жумурткасына окшош салынган Жаңы-Күч айылынын боз тамдары, андан Кара-Коюн суусу аккан сайга чейинки түз талаа, айылдын батыш тарабындагы мелмилдеген түздүктө жайгашкан Кайып акенин тамы менен мал сарайы, Жакшына жайлоосундагы жыты аңкыган миң түркүн чөптөр, жапалак арчалар, табылгы менен шилби, кара карагат менен бөрү карагаттар, согон менен ышкындар, томотой менен четиндин ашы, деги койчу сөз менен айтып бере албаган коздук, жай чилдесиндеги ысыктык менен кырчылдаган кыштагы адамды чыйралта турган суук – мына ушунун баары Жолдубайдын сезимтал, зирек болуп чоңоюшуна, табият менен таттуу, ынак мамиледе болуп, алардын сырларын жан дүйнөсүнө сиңирип алууга жана аны адамдык жакшы сезимдерден өткөрүп, кайра калкына аруулук менен тартуулоого түрткү берген деп ойлойм. Чынында эле ушундай. Ал айылдын чаңдаган көчөсүндө эмес, жайлоо менен кыштоодо чоңойду. Жаратылыштын төрт мезгилинде болуучу табияттын өзгөрүүлөрүн башкача мазмунда жана башкача мүнөздө көрдү. Ошол таасирлер анын чыгармачылык эмгектеринин ар бир барагынан жалт-жулт этип көрүнүп туруучу.

Жаңы-Күч айылынын эли кыргыздын каада-салтын, үрп-адатын туура тутунган эл экен. Анын бир белгиси айылдагы тең курлуу балдарды бири-бири менен кол кармаштырып достоштуруу, досторуна достой мамиле жасоонун шарттарын үйрөтүү жана алардын аткарылышын талап кылуу эле. Ошол шарт боюнча менин досум Молдомамбеттин уулу Кама, ал эми Жолдубайдын досу кошбармак Мамбетакундун уулу Абдылда эле. Бул балдар өздөрүнүн кичине кезинен эле досторго таандык болгон милдеттерди так аткарышып, бири-бирине болгон ымалаларын сактап жүрүштү.

1955-56-жылдары кыштын бир күнүндө айылдын батыш тарабындагы "Кайыптын сарайы" жактан сыбызгыган музыканын үнү угулуп калды. Ал кыяктын үнү эле. Гармошка, баян, аккардеон дегенди көрбөсөк дагы патефондон Муса Баетовдун "Алма алам"



деген ырын кыяктын коштоосунда көп жолу уккамын. Бул кайдан чыккан үн деп тыңшап калдык. Көрсө, Кайып аке уулу Жолдубайга гармошка сатып бериптир. Ал ойногонду үйрөнүп алып, эшигинин алдында отуруп гармошканы тартканда ошончо аралыктан бизге угулган тура. Кыштын күнү аба катмары өтө тыкыз келип, үндү абдан жакшы өткөрөөрүн кийин байкадым. Жолдубайдын музыкалык өнөрү менен ошондо биринчи жолу өзүн көрбөй туруп таанышканбыз.

Өзүбүздүн Жаңы-Күч айылыбызда төрт жылдык гана мектеп болгондуктан, балдар-кыздар бешинчи класстан баштап башка айылдын мектептеринен окуш үчүн тарап кетишчү. Мен Калинин атындагы мектептен жетинчи классты, сегизинчи классты Кара-Суу, онунчу классты Пограничник орто мектебинен бүтүрдүм. 1960-жылы Жолдубай Калинин атындагы жети жылдык мектепти аяктап Ысык-Көл айыл чарба техникумуна окууга кетти деп уктум. Мен Кыргыз мамлекеттик университетинен окуп калдым.

1965-жылы университеттин физика-математика факультетин аяктап Ат-Башы айылындагы орусча окуткан орто мектепке физика мугалими болуп иштеп барсам Жолдубай техникумду бүтүрүп келип, Пограничник колхозунда зоотехник болуп иштеп жүргөн экен. Колхоздогу өзүнө таандык болгон кесиптик ишинен тышкары өздүк көркөм чыгармачылыкка өзгөчө көңүл бөлүп, аны район боюнча уюштуруучулардын алдыңкы катарында жүрдү. Ошол кезде бир нече обондорду чыгарып, радиого жаздырып, өзү ырдап дегендей эл ичинде белгилүү боло баштады. 1963-жылы Кыргыз элинин Россияга кошулгандыгынын 100 жылдыгына арналган чоң маарекеде Москвадан Д. Шостакович, В. Мурадели баштаган көптөгөн композиторлор, артисттер келишкен. Ошол маарекеге арнап Вано Мурадели "Кыргызстан" деген темада хордук чыгарма жараткан. Сөзү Аалы Токомбаевдики болчу. Жолдубай ошол чыгарманы 1967-жылдары Ат-Башы району боюнча жалпы хорго салып, өзү солист болуп ырдап чыккан. Ал областта жана республикада алдыңкы орунга чыгып, сыйлыкка татыктуу болгон.

Жолдубай Ат-Башыда иштеп жүргөндө Кыргыз айыл-чарба институтунда сырттан окуучу. Аны билгеним биздин агабыз, Ат-

Башыдагы орто мектептин директору Карыбеков Акматалы Жолдубайдын физика боюнча текшерүү жумуштарын мага чыгартып берүүчү. Акматалы аке менен Кайып акелердин таяке-жээндик жагы бар. Бирок Жолдубай ал окуусун таштап, жаңы ачылган Кыргыз мамлекеттик искусство институтунда окуп калды. Ушундан баштап анын искусство жаатында жасаган жаңы кадамы башталып, күн санап өнүгүп-өсүп турганына бардыгыбыз күбөбүз.

Биз шаарга 1971-жылы көчүп келгенден кийин Жолдубай менен жолугушуп жүрдүм. Институтта окуп, опера жана балет театрында, кийин кыргыз телевидениесинде иштеп, убактысы өтө чектелүү жүрдү. Опера балет театрында "Бойдоктор", "Аста секин колукту" деген операларда ойногонун өз көзүм менен көргөм. Анын артисттик өнөрүнө, үнүнүн жагымдуулугуна, аткарган ролуна жана кошо ойногон партнеруна жасаган ийкемдүү мамилесине ыраазы болгом. Ошону менен катар ар кандай концерттерде орус жана кыргыз классиктеринин чыгармаларын, өзүнүн ырларын ырдап чыкканда элдин дүркүрөгөн кол чабууларына күбө болгонбуз.

Жолдубайдын көп кырдуу таланты телевидениеде иштеп жүргөндө толук ачылды. Анткени Жолдубай телеберүүлөр үчүн, ал эми теленин мүмкүнчүлүгү Жолдубай үчүн жаралгандай сезилээр эле. Ошол учурдагы жаңылыктардан баштап ар түрдүү мазмундагы жана формадагы берүүлөр Жолдубайдын алып баруусунда ажары ачылып туруучу. Берүүгө катышкан адамдарды эмес алып баруучуну эле карап отурган көрүүчүлөрдү көргөм. Телеберүүнүн мазмунуна, ыңгайына карата мимикасы, жаңсоолору, үнүнүн ыргагы, ийкемдүү кыймыл аракети, көңүлүнө толбой турса да эргүү менен караган көз карашы андагы катышуучуларга дем берип, алга сүрөп турарын далай адамдардан уккам. Анын телевидениедеги ордун, кадыр-баркын 1979-80-жылдары бир жарым жыл бою окуу телевидениеси боюнча мугалимдерге жана окуучуларга лекция окуп жүргөндө көрүп, жакындан күбө болгомун. Азыркы айрым өнөрпоздорду атагандай тырмакчадагы жылдыз эмес, Жолдубай чыныгы Жылдыз болучу.



Ал Ала-Тоону айлана шаңшып учуп жүргөн шумкар катары сезилчү эле.

Кайыпов Жолдубайдын чыгармачылыгы боюнча искусство адамдары, атап айтсам Калый Молдобасанов, Асанхан Жумахматов, Балташ Кайыпов, Турсун Уралиев, Балбай Алагушов, Калыйбек Тагаевдер менен сүйлөшүп калганда, алар анын өзгөчө талантын, эмгекчилдигин, адамкерчиликтүүлүгүн белгилешчү. Жолдубайдын музыкалык чыгармаларынын терең мазмундуулугу менен адамга жугумдуулугун маркум акын Турур Кожомбердиев менен композитор Мукан Рыскулбековдор да айтышчу. Бир туугандарына ата-энесине жасаган маилеси жөнүндө да ушундай эле ой айтылат. Биздин айылдык туугандар аны жакшы билишет, унутпай ар дайым эскерип жүрүшөт. 1984-жылдын 29-мартындагы күтүлбөгөн кайгылуу окуядан кийин айылдаштары артка кылчайбастан, эки жагын карап элеңдебестен туруп айылдагы орто мектепти "Жолдубай Кайыпов атындагы Жаңы-Күч орто мектеби" деп, өзү ата-энеси менен жашаган көчөнү "Жолдубай Кайыпов атындагы көчө" деп атап алышты. Мектепке жана көчөгө атын берүүдө, башка жерде болуп келген талаш-тартыш, мактоо жана жектөө деген таптакыр болгон жок. Элдин бардыгы жапа тырмак колдошуп, асыл уулунан ажырап калган орду толгус жоготууну ушундай жол менен толтурууга каниет кылышты. Бир жагынан күйүнүүсө, экинчи жагынан анын жасап кеткен эмгегине ыраазы болушту. Мына ошондон ушул күнгө чейин Жаңы-Күч мектебин жүздөгөн окуучулар бүтүрүп чыгышты. Алар ушул айылда туулуп өскөнүнө, ушул мектептен окуганына сыймыктанып жүрүшөт. Мектептин кире беришинде Жолдубайдын бюсту турат. Чакан музейи уюштурулган. Мектепте мындан ары дагы ушул темадагы ар кандай иш чаралар өткөрүлөт деген ойдомун. Мен өзүм кийинки 4-5 жыл ичинде ал мектептин акыркы коңгуроо салтанатына катышып, биринчи класстан баштап он биринчи класска чейинки окуучулардын алдынкыларына 1000 сомдон стипендия, алдыңкы мугалимдерге 5000 сомдон сыйлык, бардык мугалимдерге баалуу белектер, китепканага өзүмдүн ар кандай китептеримди, компьютер жана башка оргтехникаларды тапшырып жүрөм. Ар бир барганымда

Жолдубайдын арбагына багыштап бата жасап, окуучуларга, мугалимдерге, айылдаштарыма Жолдубайдын аты коюлган мектептин кадыр-баркын, жалпы аброюн төмөндөтпөө жөнүндө баарлашып кайтам. Ал жолугушуу мага дем-күч берет. Кийинки учурдагы айылдаштарымдын ар кандай жетишкендиктери, тактап айтсам үйлөрүнө суу киргизип, санитардык-гигиеналык шарттарын оңдоп алышкандыгы мени өтө ыраазы кылды. Силерге мындан аркы ийгиликтерди каалайм!

Кезегинде бул мектепте мен билгенден Шоңкоев Айып, Кермакунов Асанакун, Талбеев Ахмед, Алия, Энтериев Жапак, Карыбеков Акматалы, Жусупов Акматказы, Керималиев Калкан, Исмаилов Касымалы, Самаган, Дөөлбекова Аскербүбү, Жумалиев Жеңиш жана башкалар үзүрлүү эмгектенишкен. Аларды Жаңы-Күч эли жана ошол кезде окуган окуучулар ар дайым эстешип, ыраазычылыгын билдирип жүрүшөт. Алар жөнүндөгү маалыматтарды чогултуп, атайын бир жерге топтоштуруп койсо, кийинки муундарга баалуу эстелик болор эле. Муну да менин туугандарым эске алышат деп ойлойм.


Сөзүмдүн акырында Жолдубайдын ата-энесине Кайып аке менен Салик эжеге ушундай жакшы балдар менен кыздарды тарбиялап өстүргөнүңөргө чоң рахмат дегим келет. Өзүңөр аман-эсен болуп, балдарыңардын, кыздарыңардын, небере-чөбөрөлөрүңөрдүн рахатын көргүлө. Тукумуңар өссүн!

*Эсенбек Мамбетакунов*

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, Кыргыз билим берүү академиясынын академиги, педагогика илимдеринин доктору, профессор, СССРдин жана КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кафедра башчысы



## ЖАКШЫНЫН ӨЗҮ ӨЛСӨ ДА СӨЗҮ ӨЛБӨЙТ



"Обондордун лирикалык мукам кайрыктары адамдын көркөм табитин козгоп, уккан сайын кумарын арттырган Жолдубай Кайыпов тоо боорунан туйлап чыккан мөлтүр булактай нукура элдик таланттардын бири эле. Ал табигый таланты, чебер жөндөмү менен бүтүндөй ыр жандуу кыргыз элинин сүйүүсүнө арзып, экран жылдызына айланган. Обончу-аткаруучу, мыкты диктор жана алып баруучу Жолдубайдын жаркылдаган жайдары, ачык-айрым мүнөзү, шайдоот кыймылы, жылдыздуу жүзү, коңур үнү элдин түбөлүк эсинде калган. Анын арабыздан кеткенине 12 жылдын жүзү болду. Өзү жок болсо да анын обондору экинчи өмүрүн сүрүүдө.

Жолдубай Кайыпов 1946-жылы 11-августта Ат-Башы районунун Жаңы-Күч айлында туулган. Балалыгы ушул айылдын тоосундагы Жакшына жайлоосунда өткөн. 1963-жылы Ысык-Көл айыл чарба техникумун бүтүрүп, үч жыл өз айлында зоотехник болуп иштеген. Ошол мезгилде эле табиятынан таланттуу Жолдубай жаңыдан жараткан обондору менен өздүк-көркөм чыгармачылыгынын кароолоруна катышып, алдыңкы орундарды ээлеп турган. 1964-жылы Искусство институтуна өтүп, аны 1974-жылы сырттан окуп бүтүргөн. Ошол мезгилде 1965-жылдан Опера жана балет театрында солист болуп иштеп, 1973-жылы Кыргыз мамлекеттик телерадиокомитетине конкурс менен дикторлукка кабыл алынган. Чыгармачылык менен талбай изденүүнүн натыйжасында, аз эле убакытта зор ийгиликтерге жетишип, Орто Азия жана Казакстан республикаларынын ортосунда өткөрүлгөн "эң мыкты диктор" сынагынын жеңүүчүсү болгон. 1981-жылдан эң жогорку категориядагы диктор болуп иштеген. Ошол жылы ага "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти" деген наам

ыйгарылган. Ошол мезгилдеги көптөгөн теле берүүлөрдүн, айрыкча "Ыр кесенин" ажарын ачкан да Жолдубай болгон.

Ал обончу катары 70ке жакын обон жараткан. Текстти обонуна жараша өтө кылдат тандаган. Анын өзүнө гана таандык подчерктеги обондорунун музыкалык ыргагы угумдуу, жүрөккө жакын экени эл ичинде кеңири ырдалып жүргөнүнөн эле белгилүү. 1985-жылы көзү өткөндөн кийин аны "Ырлар" аттуу ыр-обондор жыйнагы жарыкка чыккан. Ал бүгүнкү күндө музыка ышкыбоздору үчүн таңсык китептердин бирине айланган.

Жолдубай чыгармачылыгы бышып-жетилип турган 37 гана жаш курагында капыстан колдон чыккан куш сымал учуп кеткен. Анын өмүрүнө улуулукту да, сулуулукту да баалабаган наадандар балта чабышкан. Алар Жолдубайдын үй-бүлөсүн, ата-энесин, бир туугандарын эле эмес, бүтүндөй уюткулуу элдин чаалыкканда чарчаганын жазаар, чаңкаганда мукам обондору менен суусунун кандыраар, көңүлдөрү чөккөндө көтөрүңкү маанай тартуулаар кымбат уулунан ажыратышкан. Ал дүйнөдөн өткөндө кайгырбаган, күйүнбөгөн, кайдыгер калган бир да адам болгон эмес.

Жолдубай быйыл 50гө чыкмак. Дагы далай обондорду жаратмак, мыкты телеберүүлөрдү элге тартууламак. Бирок, ар дайым таланттуу адамдардын тагдырына туура келүүчү улуу арман Жолдубайды да кыйгап өткөн эмес. Демек, бул дагы мыйзам ченемдүү көрүнүшпү деген ойго кабыласың? Анткен менен, Жокебиздин элге калтырган эмгеги өнөр чебери булгаарыга түшүргөн сынпоздой мезгил өткөн сайын дааналанып барат. "

Мен бул макаланы Жолдубайдын 50 жашка чыгышына карата жазып, "Обон" республикалык коомдук-маданий гезитинин 1996-жылдын тогуздун айындагы № 7 (9) санына чыгарыптырмын. Ошондон бери дагы 20 жыл өтүп кетиптир. Ошондо Жолдубай арабыздан кеткенине 12 жылдын жүзү болду деп жазсам, быйыл туура 32 жылдын жүзү болуптур. Мына Жокем 32 жылдан бери арабызда жок, бирок экинчи өмүрүн сүрүп келет. Ырлары теледе, радиодо, сармердендерде, же жөнөкөй эле айылдык отуруштарда, тойлордо, куда келгенде ырдалып, чырайы



көзгө сүртүлүп, эл оозунан түшпөй келаткандын өзү эле Жокем эли үчүн көөнөрбөс мурас калтырганын айгинелеп турат.

Улуу В.Шекспир "Улуу инсандардын көпчүлүгү наадандар колдуу болгон", - деп баамдаса, акын Шайлообек Дүйшеев "Генийдин сулуулугу – Кудайдын жаңылыштыгы. Сулуу генийлер көпкө жашай албайт. Көз тийип өлөт" – дейт ("Асаба", №13, 1996). Жана дагы Жолдубайдын элесине Дүйшөк Мамбетөмүров "аз жашайт дейт асыл, тунук жакшы адам" деп ыр арнайт. Улуу, кичүү адамдар айткан мындай таңка тамга баскандай таасын сөздөр, далилдер ого эле көп.

Ушундай жаркын инсандарыбыздын бири Жолдубай Кайыпов чынында эле сулуу болучу. Капкара кашы, сурма көзү, коңур үнү, жаркылдаган жайдары мүнөзү ай жамалына көрк берип, адамдын сезимине бүлүк салып туруучу. Адамды өзүнө ашык кылып коюучу. Ал улуу дагы эле. Кыргыз экранынын жанып турган жылдызы болучу. Адамдын оюн жаземдебей түшүнгөн алып баруучулуктун, табигаттагы татаал музыканын үндөрүн талдай билген мукам обондордун генийи болучу. Ал узак жашаса чынында эле гений болмок. Бирок, тагдыр ага андай жашоону буюрбаптыр. Сулуулуктары суктандырган, таланттары тамшандырган Бүбүсара Бейшеналиева, Таттыбүбү Турсунбаева, Нуркамал Жетикашкаева, Турар Кожомбердиев, Жолон Мамытов, Беганас Сартов, Аман Токтогулов ж.б. сыяктуу эле ал да дүйнөдөн өтө эрте көчтү. Далай обондору жазылбай калды, теле көрөрмандарына далай сөздөрү айтылбай калды. Алдыдагы сүрүлбөгөн өмүр актай боюнча кетти.

Жолдубай Жаңы-Күч айылында туулуп өстү. Мектепте тың окуду, активист да болду. Жаңы-Күч айылында 4 жылдык гана мектеп болгондуктан андан кийинки класстарды коңшу айылдардан окуду. Ошол мезгилде эле ырчылыкка ыктап, атасына аккардеон саттырып алып, аны өз алдынча үйрөндү. Анткени обончу-композиторлордун ырларын укканда алардын чеберчилигине суктанып, ошолордой болгусу келчү. Ырдаганды жакшы көрчү. Жолдубайдын балалыгы Ат-Башынын ат менен гана араң жетүүчү бийиктеги Жакшына деген кол менен жасап койгондой кооз жайлоосунда өттү. Ал сулуулукту мына ушул

жерден баамдады. Табияттын жан эриткен жагымдуу музыкасын тыңдады. Өзү жараткан жетимиштей обондун башатын мына ушул жерден алды. Алган зоотехниктик билиминин өтөлгөсүнө чыгууга да ушул жерден бел байлады. Бирок, табиятынан кошо жаралган талант жан дүйнөсүнө тынчтык бербей өзүнүн татыктуу ордун издөөгө аргасыз кылды. Бишкекке келип Искусство институтунан окуду, Опера жана балет театрында иштеди.

Мүмкүн ошол мезгилде Жолдубайда диктор болом деген ой болгон эместир. Обончу болгусу келгендир. Опера ырчысы болууну каалагандыр. Анын бактысына Кыргыз телекөрсөтүүсүнө дикторлук орунга конкурс жарыяланганы жана залкар режиссер Балташ Кайыповдун комиссияга мүчө болуп, жаш талант Жолдубайдын үнү, дикциясы, улуттук акценти, кыймыл манерасы, жөндөмү, шыгы, мүнөзү, чеберчилиги сыяктуу дикторлукка, артисттик өнөргө төп келген сапаттарын көрө билиши, анын диктор болушуна, обончулуктан башка дагы бир талантынын ачылышына жол ачып берген.

Теледе иштеп калганда, редактордун даярдаган текстин эфирге чыгаардан мурда окуп, талдап, өз алдынча даярданчу. Кээ бир түшүнүксүз, бүдөмүк жерлери болсо редактору менен тактап койчу. Тележурналисттин өзүнчө стилин табууга аракеттенчү. Жасалма сөздөрдөн, көп сөздүүлүктөн, узун сүйлөмдөрдөн качуучу. Анткени бир окулган текст уккан адамга түшүнүктүү болсо деп далалаттанчу. Ал мезгилде дикторлорго талап азыркыдан башкача эле. Бир эле сөздү туура эмес айтып алса, талкууга коюлуп, летучкада тепкиге алынчу. Ар бир көрсөтүүнүн деңгээли боюнча талкуу болуп, летучкаларда Жолдубайдын редакторлорго, операторлорго карата ишенимдүү, калыс сөзүн айткандарына бардыгы макул болушчу.

Артисттик чеберчилиги арбап алгандыктан, ички дүйнөсүнүн касиети абдан күчтүү болгондуктан элди өзүнө тартып, көпчүлүк көрөрмандар ошол жылдары Жолдубай Кайыповду көрүш үчүн телевизордун алдында отурушаар эле. Анткени кандай гана темада сүйлөбөсүн, калктын көңүлүндөгү сөздү таап айтчу, ар бир сөзү так, даана, түшүнүктүү эле. Анын дагы бир себеби Жолдубай дикторлуктун мурдатан тапталган



жолуна түшпөй өзүнүн чыйырын салган, мына ушунусу менен ал көрөрмандардын купулуна толгон эле. Албетте ал мурунку дикторлордун тажрыйбасына таянган, алардын көчүн улаган. Ошондой болсо да алып баруучулуктун жаңы кырларын ачууга жетишкен.

Жолдубай теледен өз жолун, өз стилин тапты. Мына ошондуктан көзү өткөнүнө 30 жылдан ашса да бүгүнкү күнгө чейин элдин эсинен чыкпай келет. Анын үстүнө ошол мезгилде Жеңишбек Ашымов, Абаскан Чикеев, Тамара Бакиева, Роза Рыскелдинова, Тамара Алсеитова, Жолдубай Кайыпов, Маргарита Булатова, Анаш Кадырова сыяктуу мыкты дикторлордун чоң мектеби түзүлгөн эле. Азыркы мезгилде ошол мектеп түзгөн салт уланбай, сөздөрдү каалагандай бузуп айткан тележурналисттердин көбөйүп бараткан, албетте, кейитпей койбойт.

Ошол кезде теледе башталган “Ыр кесеге” талап өтө күчтүү болучу. Жолдубайдын талантын элге тааныткан телеберүүлөрдүн бири “Ыр кесе” болду. Ыр кесени Жолдубай ажарына чыгара алып барды. Ал кезде андай маданий берүүлөрдү алып барууга али тажрыйба да чектелүү эле. Анын үстүнө ар бир айтылган сөз, ырдалган ыр цензурадан өтүүчү. Талантты сыйлаган кыргыз эли андай көңүлдөрүнө төп келген “Ыр кеседе” элди ыгы менен ырдатып, сөздү өз орду менен айтып турган, тубаса шык-жөндөмү күчтүү Жолдубайды сөздүн түз эле маанисинде жакшы көрүп калышты. Теле жылдызга айланды.

Анан өз ордун жаңыдан гана тапканда, элге али бергенинен бере турганы көп болуп, бышып жетилип келатканда, 37 гана жашында капилет колдон жулдуруп жибердик. Бул күн 1983-жылдын 29-марты эле. Ошентсе да Жолдубай өзүнүн үнү, дикторлук, артисттик чеберчилиги, өз алдынча чыгармачылык жүзү менен элдин эсинде калды. Ошентип ал аз жашаса да санжыргалуу өмүр сүрүп, өмүрү уламышка айланып кеткен инсан болду. Артында дикторлук нускасы, обондору, үй-бүлөсү, балдары калды. Ырын укканда өзүн көргөндөй болуп каниет кылып келебиз.

Албетте Жолдубайдын жаш кетиши эчендеген эң сонун обондордун жаралбай калышына, артисттик өнөр чеберчилигинин дагы далай кырларынын ачылбай калышына себеп болду. Эми гана чыгармачылык баралына толуп, мөмө байлап, бирок жемиши толук бышып, элге мол түшүмүн төгүлүп-чачылып берээринде арабыздан кете бергени чоң арман болду. Ондон бир гүлү да ачылбай калды. Талантынын көп жагдайлары ачылбаган боюнча өзү менен кошо кетти. Өзү элдин эсинде мөлтүрөгөн жаш бойдон калды. Биз аны менен айылдаш болуп, тууган болуп калганыбызга, аны менен тең ата сүйлөшкөнүбүзгө, сөзүн угуп, талантынын өзүнүн аткаруусундагы учурларын жанынан көрүп, күлкүсүнө канып калганыбызга бактылуубуз.

Анын айрым ырлары бүгүнкү күндө да активдүү ырдалган ырлардын катарында. Алар: Ишенбай Мансуровдун сөзүнө жазылган "Мекеним", "Айтылбай калган махабат", Турар Кожомбердиевдин сөзүнө жазылган "Атам менен энеме", "Алгачкы сүйүү", "Таңкы поезд", "Алгачкы кадам", Эркин Тазабековдун сөзүнө жазылган "Кел бийлели, ырдайлы", өзүнүн сөзүнө жазылган "Атамды ойлоп", "Айылымдын жытын сагынам", "Жашчылык", "Көл үстүндө" ж.б. Ушуга да тобо кылабыз. "Жакшынын өзү өлсө да сөзү өлбөйт" деген ушул эмеспи.

Эми Ж.Кайыпов жөнүндөгү айрым гана эскерүүлөргө орун берейин.

Акын, Кыргызстан жаштар сыйлыгынын лауреаты, маркум Барчынбек Бугубаев Жолдубай Кайыповго арнаган "Таңкы жылдыз" деген ырында Жолдубайдын ырдаганын:

Толкубаган жүрөк толкуп ал анда,
Толкун сыры болгон өңдүү шамалда.
Бий... ыр... сөзү аткарганы жарашып,
Бир башкача таасир берчү адамга.

"Атам менен энемеси" шедевр,
Ар адамга, ар бир жанга керек ыр..." – деп эргүү менен сүрөттөсө, андан ары талантына таасын баа берип суктануу менен:



"Так айтканда таланттууга таң атат,
Таңгалышат, тамшанышат карашат.
Кайыповдун шык-жигери өзгөчө,
Калкыбызга байлык болуп келатат.

Баарын байкап ойлоп көрсөң замандаш,
Бакыт деле чындык менен таламдаш.
Болот экен ушундай бир асылдар,
Бир жаралган, кайра экинчи жаралбас", - деп оор үшкүрөт.

Ош телевидениесинин айжаркын диктору, Жолдубай Кайыпов, Маргарита Булатовалар менен тизгиндешип иштешкен Анаш Кадырова Жолдубай жөнүндө төмөнкүлөрдү айтат:

Жолдубай Кайыпов бул – экрандын жылдызы эле. Иш дегенде жанын берип, тытынып иштечү. Бардык көрсөтүүгө жөндөмдүү болчу. Ырды да укмуш ырдачу, көркөм көрсөтүүлөрдү жакшы алып барчу. Адабият, маданият, саясат, айыл чарбасыбы, айтор баарын майын чыгарып алып барат эле. Өзү ак көңүл, пейили кенен, жайдары жигит болучу. Ал чыкканда карабайм деген киши да аргасыздан карачу. Экөөбүз көп жолу чогуу иштедик, жаңылыктарды алып бардык, ыр окудук. Бишкекке келип кеткенимде чогуу иштешип жүрдүк. Кабинетте гримёрныйда отурганда тез-тез кыймылдап, бардык нерселерди убагында бүтүрүп турган подвижный жигит эле. Анда кайдыгерлик жок болчу. Жаш кетип калганы өкүнүчтүү болду ("Кыргыз Туусу" гезити, 29-31-декабрь, 1998-жыл).

- Ыраматылык Жолдубай Кайыповду жакшы билем. Мен жумушка жаңы келгенде Жолдубайдын ал жерде иштегенине 2 жылдай болуп калган. Чындыгында бул инсан профессионалдуу опера ырчысы эле. Ал өтө шайыр, бир көргөн киши менен тез тил табыша алган жана ким менен маектешпесин анын жан дүйнөсүнө кирип керээр эле. Бир көргөн же бир уккан нерсесин дароо эсине сактап калмайы бар эле. Тамара Алсеитова да коңур үндүү өзүнүн кесибин сүйгөн, тырышчаак адам болчу. Бул эки инсаныбыз бардык жагынан төп келишкен таланттар эле. Тилекке

каршы эрте көздөрү өтүп кетпедиби, - дейт Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, диктор, кесиптеши Бактыбек Мамытов журналга берген интервьюсунда ("Жетиген" журналы, №4, апрель, 2013).

Ал эми Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жогорку категориядагы диктор, Жолдубайдын кесиптеши Гүлшан Молдоева мындай дейт:

"Телевизор болгону бир каналдан көрсөтчү. Өзүбүздүн Кыргызстандан башкасы тартчу эмес. Күнүгө кечки саат алтыда Тамара Бакиева, Роза Рыскелдинова, Жолдубай Кайыпов, Маргарита Булатова деген дикторлорду көрүү үчүн күтүп отурчубуз. Алар эфирге чыкканда мен кадимкидей кыялданып, мен дагы ушулардай болсом деп энсечүмүн. Кийин алардын катарына кошулуп калаарымды түк дагы ойлогон эмесмин".

Жолдубай акыркы жолу Гүлшан менен эфирге чыгып, жаңылыктарды берүү аяктаганда үйүнө кеткен боюнча жумушуна кайрылып келген эмес.

Ал мезгилде Гүлшан Кыргызполиграфкомбинатынын жатаканасында жашачу. Мен да ошол жатаканада турчу элем. Ошол каргашалуу күнү Чотке, Эсенбек байкелерим телефон чалып, Жолдубай жөнүндөгү суук кабарды айтышты. Бул 1983-жылдын 30-марты эле. Чоң эле кишилердин муңкана сүйлөп, инибизден ажырап калыппыз дегендерине анча ишенбей, чуркаган боюнча Гүлшандын бөлмөсүнө барсам, ал дагы ыйлап отурган экен. Ошондо гана Жокемден түбөлүк айрылганыбызга ишендим.

Ага чейин мен Жолдубайга акыркы жолу троллейбустан жолуккам. Келинчегим экөөбүз автовокзалга бараткан элек. Ал жай сураштык. Бир телеберүүгө абдан шашып баратканын, жаңы эле машина алып, гараж жок болгондуктан түнкүсүн телестудиянын короосуна токтотуп жатканын айткан. Аңгыча азыркы Эркиндик бульвары менен Жибек жолу көчөсүнүн кесилишине келгенде, коштошту да, студияны карай чуркаган боюнча кеткен. Ошол боюнча Жокемди экинчи көрбөй калдык.



Ошентсе да Жолдубай журналист Байма Сүтөнова айтмакчы куйруктуу жылдыздай аркасына из калтырып учуп кеткен. Ал эми кылымдык өмүр сүрүп, кумурсканын изиндей изи жок өткөндөр канча. Жолдубай калтырган из көркөм өнөр чебери булгаарыга түшүргөн сынпоздой мезгил өткөн сайын улам дааналанып барат. Ушул тапта Жокенин МЕКЕНИ – өзү туулуп өскөн Жаңы-Күч айылы, өзүнүн аты коюлган мектеби, жылаңайлак балтыркан кечкен балалыгы калган Жакшына жайлоосу тоонун этегиндеги Май булактын башына жайгашкан мүрзөсүнө күңгүрөнө карап, аттигиниң арман ай, Жокебиздин көзү жок дегенде бүгүнкү 70 жылдыгына чейин тирүү болсо биз жөнүндө ааламга даңазалап дагы далай ырдабайт беле дегенсийт.

Жолдубай Кайыпов жөнүндө айылдашы, тууганы, өкүл баласы, тележурналист Сталбек Абдыраев эскерүүлөрдөн, Жолдубайдын обондуу ырларынан (нотасы менен) турган "Өчпөгөн жылдыз" деп аталган китеп жазып, аны 2008-жылы "Турар" басмасынан чыгарган (редактору ушул макаланын автору). Бул китеп эң жакшы даярдалгандыктан жана Жолдубайдын күйөрмандары абдан көп болгондуктан бат эле таңсык китепке айланган, азыркыга чейин бирди таап бер деп сурап жүргөндөр өтө эле көп.

Жолдубайдын өмүр баяны, чыгармачылык жолу "Нарын облусу" деген энциклопедияга (1998), "Кыргыз Республикасынын обончулары" деген маалымдага (2010), Улуттук энциклопедияга, Нарын облусу, Ат-Башы району жөнүндөгү китептерге жазылган (ушул иштерге аралашып, Жокемдин эмгегин элге жеткиргендердин бири болуп келатканыма албетте сыймыктанам). Бул болсо анын эл үчүн жасаган эмгегинин үзүрүн, элдин Ж.Кайыповго болгон урмат-сыйын, астейдил сый-сыпатын туюндурат. Ысымы өзү туулуп-өскөн Жаңы-Күч айылындагы орто мектепке, айылдын бир көчөсүнө, Нарын шаарынын бир көчөсүнө коюлган.

Азыр кыргыз телесинде ошол мезгилдеги тасмага жазылып калгандар көрсөтүлүп, ошол учурдагы дикторлордун иштөө стилдери тааныштырылса, керек болсо дикторлор Жеңишбек

Ашымов, Тамара Жаманбаева, Жолдубай Кайыпов ж.б. атындагы сыйлык белгиленип, дикторлук өнөрлөрү даңазаланса, азыркы муундагы дикторлор аларга таасирленип, аларды туураганга аракет кылып, кыргыз тилинин бузулбашына шарттар түзүлөт беле деген ойдомун.

***Ысмайыл Кадыров***

КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, маданияттын мыкты кызматкери, балдар адабияты боюнчаТоголок Молдо атындагы сыйлыктын, Аалы Токомбаев атындагы адабий сыйлыктын, "Түгөлбай Ата" коомунун лауреаты. КР Билим берүү, Кесиптик-техникалык билим берүү, КР мамлекеттик кызматынын отличниги. Кыргызстан Улуттук жазуучулар союзунун, СССР жана Кыргызстан Журналисттер союзунун, КР Маданият ишмерлери ассамблеясынын мүчөсү. Мамлекеттик кызматтын 1-класстагы кеңешчиси, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратында сектор башчы.



## БАТАДАН БАКЫТ ТАПКАН ТАЛАНТ

«Пограничник» колхозу эки айылдан турат, колхоздун борбору «Пограничник» айылы, экинчи айыл Жаңы-Күч айылы борбордон он чакырым алыс жайгашкан, Жолдубай ага ата-энеси тууган уругу менен Жаңы-Күч айылында жашашчу. Атам кызматкер болуп иштеп калып, 1956-жылы Жаңы-Күч айылынан көчүп келип "Пограничник" айылында жашап калыптырбыз. 1964-68-жылдарда атам колхоздо башкарма, мен 6-7-класстарда окуп жүргөн учурда Жолдубай ага кошуна айылдан келип-кетип колхоздо зоотехник болуп иштеп жүрдү. Биз Жолдубай ага менен уруулаш тууганбыз жана атам Жолдубай ага менен Жумаш эжеге өкүл ата болучу, ошол туугандык мамиледен улам болсо керек биздин үйгө такай келүүчү. Ошол учурдагы колхоздун кызматкери, абдан таза, тыкан, өзүнө жарашактуу кийинген, капкара кар чачын артка тараган, чарчы бойлуу, кара каш, каратору 20-21-жаштагы жаш жигит Жолдубай аганы көрүп бир чети суктанып, бир чети сыймыктанып, Жолдубай ага биздин тууган деп калаар элем. Ата-энем да Жолдубай аганы макташып, адамкерчиликтүү, кичи пейил жакшы бала, Жолдубай жакшы ырдайт деп кеп кылып калышчу. Атам Жолдубай жогорку окуу жайдан, искуство иниститутунан окуганы Фрунзе шаарына кетти деп сөз кылып калды. Кийинчерээк биздин Жолдубай операда ырчы экен, операда оной кишилер ырдабайт, Жолдубай өсчү жигит, өмүр берсин деп атам сыймык менен айтып жүрдү.

Биз студент болуп калган учурда 1972-73-жылдардан тартып Жолдубай ага кыргыз телевидениесинде иштеп, диктор болуп теледен көрүнө баштады. Жаңылыктарды айтып, арноо концертин алып барып, куттуктоолорду сүйлөп жаткан Жолдубай аганын адамды өзүнө тарткан сүйкүмдүү жүзү, кагаз карабай, эч такалбай, так даана сүйлөгөн коңур үнү кыргыз элинин сүймөнчүлүгүнө айланып, телевизорду Жолдубай агасыз элестете албай калдык. Ошол учурларда Жолдубай ага жер-жерлерди кыдырып "Ыр

кесени" уюштуруп жүрдү, теледен алып баруучу, уюштуруучу, обончу жана аткаруучу болуп кайра-кайра чыгып, Жаңы-Күч менен "Пограничниктин" эле эмес, бүтүндөй кыргыз элинин сыймыгына татыды. Каргаша болуп Жолдубай агабыздан 1984-жылы айрылып калдык. Өзүнүн туулуп өскөн айылындагы бир көчөгө, айылдагы орто мектепке Жолдубай Кайыповдун аты берилген.

Жолдубай Кайыпов агабыз туулуп өскөн, тоо этектеген чакан айыл Жаңы-Күч айылынан көптөгөн атактуу инсандар алгачкы агартуучу, кыргыз адабиятынын негиздөөчүсү Сатыбалды Нааматов, кыргыз элинин санжырасын жатка билген, санжырачы, сөзмөр, чечен Айты ата сүйлөп турганда. Ачылып кумар жазылган. Алмадай баштын ичине, ааламдын баарын батырган (Т.Жапаров), Айты Мусаев, колунан көөрү төгүлгөн уста Шоңкоров Мамбеткадыр, райкомдун секретарлары болуп иштеген Карыбеков Акматаалы, Акунов Таке, колхоздо башкарма болгон Абдыразаков Токтосун, төрт айылды бириктирген айылдык кеңешке көп жылдар бою жооптуу катчы болуп иштеген Ибраев Кадыр, узак жылдар бою Ат-Башы райондук жана Кочкор райондук ооруканасында башкы дарыгер болуп иштеген Мамбеткадыров Карыке, узак жылдар бою чуманын райондук бөлүмүндө начальник болуп иштеген Бакчеков Макен чыккан, ушул айылдын тургуну менин таятам Чагараков Алмакун согуш мезгилинде болгон мал-мүлкүн сатып бир танканын пулун топтоп, согушка жөнөткөн. Кермакунов Асанакун агай өтө көп жыл мугалим болуп иштеп, жаңы күчтөрдүн дээрлик баарын окуткан. Кийинки муундан педогогика илимини доктору, Кыргыз илимдер академиясынын анык мүчөсү, Россия, Казакстан академиясынын академиги Эсенбек Мамбетакунов, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргызстан жазуучулар союзунун, СССРдин жана Кыргызстан журналисттер союзунун мүчөсү Кадыров Ысмайыл, генералдар Кайыпов Аалыбай, Жунусов Бейшенбек, философия илиминин кандидаты, профессор Акматаалы уулу Алмаз, Нарын облусунун казысы Ибраев Мамбетасан, ички кызматтын полковниги Кадыров Абдылда, айылга үч жолу



башкарма жана айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайланган, КР Президентинин Ардак грамотасынын ээси, Ат-Башы районунун ардактуу атуулу Абдыразаков Дүйшөбек, Чүй жана Нарын облустарынын ардактуу атуулу, КТРК жана Маданияттын мыктысы, "Кеменгер" сыйлыгынын ээси Абдыраев Сталбек, КТРКнын журналисти КР мамлекеттик тил комиссиясынын мыктысы төш белгисинин ээси, "Улуу мурас", "Улут наркы улуу тил" берүүлөрүнүн автору Абдыразакова Сүйүн (Гүкү), журналист Дүйшөев Өмүралы, Педогогика илимдеринин доктору доцент Мамбетакунов Уланбек Эсенбекович Жаңы-Күч айылынын эли сыймыктана турган уул-кыздары.

Жолдубай аганын иниси КР билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, Кайыпов Малдыбай ага Токмок шаарында окуу жайдын директору, шаардык бийликтин башчысынын орун басары, Бишкек шаардык маданият башкармалыгынын башчысы болуп иштеген. Иниси Кайыпов Аманбай көп жылдар бою Дордой базарында админстратор, Бишкек шаардык кеңешинин депутаты болуп, бүгүнкү күндө өкмөттүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү-облустун губернатору болуп иштеп жатат. Жаңы-Күч айылында Жолдубай аганын бир туугандарынын анын ичинде иниси Дүйшөбайдын колдоосу менен таза суу системасы ишке киргизилген, чакан мончо курулган, мектептин имараты курулуп пайдаланууга берилген, метепке кошумча жаңы корпустун имараты курулган. Дүйшөбай дүкөн ачып узак жылдардан бери элди күнүмдүк керектелүүчү товарлар менен камсыздап келе жатат. Дайыма демилге кылып айылдагы жакшы иштерге колдоо көрсөтүп турат.

Учурда Жаңы-Күч айылына инилерибиз Нурманбетов Төрөбек айыл башчысы, Бакалбаев Мамбеткурман мектептин директору болуп иштеп, айылдын маданиятын ондоо, айыл ичинде тартипти чындоо багытында бир топ жакшы иштерди жүргүзүп жатышат. Айылга ФАПтын жаңы имараты курулду, айылдын ички көчөлөрүнө шагыл төгүлдү, кой ванна курулду, бир трансформатор алынды, 5000 метрлик арыктар тазаланды, медресенин курулушун бүткөрүү үчүн элди көтөрүштү,

контейнерден китепкананын имараты тургузулду. Спорт залы менен мектептин жаңы имаратын куруу үчүн аракеттер көрүлүүдө. Айыл өкмөтүнүн бюджетинен Ж.Кайыпов атындагы орто мектептин имаратына суу киргизүү үчүн 100 миң сом бөлдүргөн, "Айданек" балдар бакчасына компьютер алынып берилген.

***Дүйшөбек Абдыразаков***

КР Президентинин Ардак грамотасынын ээси, Ат-Башы районунун ардактуу атуулу



## КЛАССИКАГА АЙЛАНГАН ЫРЛАР

Жолдубай экөөбүз курбалдаш элек. Бир колхоздо жашасак да эки айыл болгондуктан бири-бирибиз менен анча тааныш болбоптурбуз. Антсе да ата-энесин жакшы таанып элем, себеби: эмгек жолумду айдоочулуктан баштагандыктан "Каманды" жайлоосуна көп жолу көчүрүп барып, үйүнөн туз даам татып сыйларын көргөмүн. Карапайым мээримдүү адамдар эле. Бул үй-бүлөнүн ынтымактуу, ырыс-кешиктүү, берекелүү, уюткулуу адамдар экендигин жубайым Океева Жумаш да ар дайым эскертип айтып келет.

Айылдын чыгаан музыканты, ыр-хор кружогунун уюштуруучусу Томотоев Базарбай агабыз Жаңы-Күчтөн бери таланттуу жаштарды таап ырдатып, беш ыргай бийин бийлетээр эле. Баазарбай ага Жолдубайды, Жакыпбекти дагы бир топ жаштарды Жаңы-Күчтөн чакырып түн бир оокумга чейин ырдатып, даярдатаар эле. Район, облус, республикага чейин кароолорго алып барып, сыйлыктарды алып келишчү. Ушул адам Жолдубайдын талантын ойготту десем туура болот.

Кийин Жолдубай менен Фрунзе шаарынан бир тууган таякеси Дөкөев Үсөн ага менен бирге жүргөндө жолугуп, бетме-бет кол алышып учурашканым эсимде. Ал эми теле берүүдөн өмүрүнүн акырына чейин көрүп жүрдүм. Айрыкча "Ыр кесе" телеберүүсүн такай, калтырбай көрүүчү элек. "Атам менен энеме" деген обондуу ыры арноо концертинен берилбей калган учурун көрө элекмин. Ал ыр кыргыз элинин ата-эне жөнүндөгү гимнине айланды десем жаңылышпаймын. Обондуу ырлары Жолдубайды өлбөс-өчпөс кылды. Ал анын эл үчүн кылган ат көтөргүс эмгеги. Азыр Жолдубайдын "Атам менен энеме" деген ырын Айыма, Аяна деген кыздар жаңы түз, жаңы өң берип ырдап жүрүшөт. Бул ыр классикага айланды десе болот. Кылым карыткан кыргыз элим барында Жолдубайдын ырлары кыргыз элинин жүрөгүндө өчпөс болуп жашай берет.

## ТЕЛЕ ЖЫЛДЫЗЫ ЖОЛДУБАЙГА

Жаркырап жанган бир кезде,
Жылдызы элен теленин.
Жай кышы күткөн келет деп,
Жарыгы элең энеңдин.

Ободо жанган жылдыз деп,
Ойлонуп дале келемин.
Обонуң уксам термелип,
Ойлорго бата беремин.

Даанышман адам эле деп,
Далайлар айтып келишет.
Арноодон дайым калтырбай
Ырларыңды беришет.

"Ыр кесе" кетпейт эсимен,
Ырдатып жүргөн бир өзүң.
Калкыңда жашай берет го.
Жайдары жүргөн мүнөзүң.

Жыл өтө ырың жаңырып,
Арнаган атаң- энеңе.
Элесиң кетпейт, эч качан,
Эмгегиң сиңген элине.



## ЖОЛДУБАЙДЫ ЭСКЕРҮҮ

Жоодурап көздөрү,
Жагымдуу сөздөрү.
Өтсө да көп жылдар,
Эсимден кетпеди.
Көрүнүп теледен,
Жылдызы сен элен.
Суйкайган кыздардын,
Жүрөгүн ээлеген.
Сунулуп ыр десте,
Суусаган ыр десе.
Суктанчу кыргызың,
Алып барсаң "ыр кесе".
"Атам менен энеме",
Ырдалат теледе.
Тажабай көрүшөт,
Көрсө да эми эле.
Өтсөң да дүйнөдөн,
Өчпөгөн жылдызсың.
Эсинен кетпейсин,
Жалпы элиң кыргыздын.
Айыма менен Аяна,
Ырыңды жаңыртты.
Кайрадан төрөлтүп,
Калкыңа таанытты.

**СТАЛБЕК ИНИМЕ**

Рахмат Стал иниме,
Жылдызды кайра тирилткен.
Айылга кызмат көп кылып,
Ата-энени сүйүнткөн.
Аганын ишин улантып,
Ак кызмат кылган кыргызга.
Такалбай таза жүргүнүн,
Чайпалып турган турмушта.
Өркүнүң өссүн Чүйүндө,
Жакшылык болсун үйүңдө.
Аткаргын элдин милдетин,
Ак тилек сага күнүгө.
Жаңылыгын жаза бер,
Сары-Өзөндүү Чүйүндө.
Куштар болуп турабыз,
Куш кабарды билүүгө.
Чың ден соолук каалаймын,
Чыгармачыл иниме.

***Курманалиев Абдысак***
Замандашы, Кыргыз Республикасынын
элге билим берүүсүнүн отличниги

# *Жолдубайдын жарыгы элине жаркырап тураар эле*



## ЖУМАКЕМ БОЛУП ЧЫККАН КҮН ЖОЛДУБАЙ БОЛУП БАТУУДА...

Бир ирет Таластык досубузду айылчылатып баратып, адегенде:

Теминген салкын жели ушул,
Терметкен кубат-деми ушул,
Тетигил тескей-күнгөйгө,
Термелип конгон эли ушул.
Теңдешсиз көркөм Ат-Башы–
Теңирден калган жер ушул!

Куюлган салкын жел ушул,
Күн жеткис кубат дем ушул.
Кулпунган күңгөй-тескейге,
Курчалып конгон эл ушул.
Кут түшкөн көркөм Ат-Башы–
Кудайдын сүйгөн жери ушул! - деп, көркөмү көздү талдырган Ат-Башы менен тааныштырып баратып, анан:

Кайыгып шумкар учкан жер,
Кабарын дүйнө уккан жер.
Кан жолго түшкөн берметтей
Кадыры кымбат кутман жер.
Казыгы алтын калкымдан
Кайрандар чыккан кутман жер.

Кыз-Сайкал күлүк чапкан жер,
Кытайдын жинин каккан жер.
Кылымдап коргоп кыргызын
Кыдырып Кошой баскан жер.
Кыргыз деп келип Алмамбет,
Кыйылып мында жаткан жер.

Ак-Сайдан күлүк чапкан жер,
Айкөлдөр каалап тапкан жер.



Алтайдан келип Манасың,
Аралап күндө баскан жер.
Ажыбек баатыр абаңдын
Алдында сөөгү жаткан жер–деп,

Ат-Башынын айылдарын бирден санап жүрүп олтурган элем. Э, досум, кең Ат-Башы деген мынабул Өзгөрүш деген кичинекей айылдан башталат. Бул айылда таланттуу сатирик жазуучу, белгилүү журналист, коомдук ишмер Султан Ак Торпок (Султан Жумагулов) туулган.

Талды-Суу айылы министр Адамкул Жунусовдун, банкир Эркинбек Үкүевдин, партиялык кызматкер, ишкер Курманбек Жакыпов, КР Башкы прокуратурасынын бөлүм башчысы Талант Конокбаевдин, таланттуу журналист, акын Дүйшөк Мамбетөмүровдун, техниканын тилин мыкты билген Мырзабек Алымкуловдун айылы,

1-Май айылы дүйнөлүк атак-даңкы бар, кыргыздын залкар композитору Жумакебиздин –Жумамүдүн Шералиевдин, таланттуу жазуучу, маркум Эмил Өмүракуновдун, Ат-Башылык белгилүү журналист Тынчтык Султановдун айылы.

Бул Ак-Муз деген айыл, билесиң, мындан кадимки Боогачы чыккан, улуу адамдар ушинтип өзүнүн эле эмес өзү менен санаалаштарынын да атын чыгарып кетет тура, эгер Боогачы болбогондо Үкөйдүн аты чыгарын кудай билет эле? Ат-Башынын эң эле суук жери ушул, суук жерден мыктылар арбын чыгат турбайбы, ушул айылдан өзүң сыйлаган, мамлекеттик ишмер Накен Касиев, министр, генерал-майор Мелис Турганбаев, журналист Турдубек Субакожоев, Конституциялык соттун мүчөсү, акын Жедигер Саалаев, журналист алып баруучу Гулжан Кулмамбетова, тамада Бакай Шүкүров, таланттуу ырчы Гүлжигит Калыков , юрист Чолпонкул Арабаев чыкса,

Баш-Кайынды деген чоң айылдан жалпы Кыргызстан сыймыктанган Советтер Союзунун Баатыры Дайыр Асанов агабыз, анын эл-жерине татыктуу кызмат кылып келаткан уулдары Данил Асанов менен Эмил Асанов, Ат-Башыдан биринчи чыккан бизнесмен, койдун санын 10 миллионго жеткирген экономист Жумагул Жумаков, айыл чарба адиси Дүйшөн Жумаков, жазуучу, юрист Каныбек Бокоев чыккан, мамкызматкер

ыраматылык Чолпонбек Өмүракунов, Кара-Тал айылынан Дүйшөнаалы Токтакунов, Малдыбай Асаналиев,

Ал эми Социалисттик Эмгектин Баатыры, мыкты мугалим Апыш Койчумановдун, банкир эжекебиз Шарипа Садыкбакасованын, ишкер Турдубек Сыдыков, арген үндүү ырчылар Аскат Мусабековдун, Алтынбек Каленовдун айылы–Ак-Моюн,

Андан беркиси атактуу Калыйбек Тагаев менен Майрам Дүйшекеева, Жогорку Кеңештин депутаты Жылдыз Мусабекова, журналист Токтогул Алапаев туулуп-өскөн Бирлик айылы,

Ал эми мынабул Ат-Башы кыштагынын бет маңдайындагы дүпүйгөн Ача-Кайыңды айылы. Бул жерден Социалисттик Эмгектин эки баатыры–Орозакун Мамбетакунов менен Курманбек Жумабеков, илимдин доктору Темирбек Чодураев, тарыхчы Жеңиш Матенова, врач Абаш Иманалиев, илимдин кандидаты Кенжеке Эсеналиева, айылдын мыкты азаматтары Турдумамбет Абдыразаков, Жумалы Мамбетиминов, Черикбай Орозобеков, Имаш Абдылдаев, Бейшек Курманов, маданият кызматкери Коногаалы Эсеналиев, жазуучу Оморов Асыкбек, коомдук ишмер Өмүрзак Абдыразаков, врач Токтобүбү Жоломанова, айыл өкмөтү Бактияр Сатиев, азыркы талanttуу кызыбыз Элмара Турсуналиева менен булбул үндүү ырчы жигитибиз Токтобек Асаналиев чыккан,

Андан арыласаң касиеттүү Чеч-Дөбө, жанындагы Терек–Суу деген айыл. Кадимки тагдыры татаал агабыз, бир эле “Энекебай” деген ыры менен миңдеген жүрөктөрдү титиреткен акын Өмүркул Кулумбаевдин, айылдык акын Жекшенбай Курмановдун, мыкты жетекчи Молдокмат Тезекбаев, мыкты комузчу кызыбыз Нурзат Орозалиеванын мекени.

Журналист, көп жылдар бою маданият тармагын жетектеген Мукан Козубеков Ат-Башы айылынан.

Ат-Башынын күн батышындагы айыл–Ак-Жар, бул жерден бир кезде Социалисттик Эмгектин Баатыры Жаркынбай Акматов аттуу чабан чыккан. Кырктан ашуун заводу бар ишкер Шаршенбек Абдыкеримовдун, эл сыйлаган бир тууган мыкты жетекчи Таштанбек жана мыкты финансист, прокуратура кызматкери Келдибек Саркүевдердин, ЖК депутаты Алмаз



Батырбековдун айылы ушул. Көпүрөдөн өткөндөгү биринчи айыл - Дыйкан, ал атактуу манап Чоконун айылы, коомдук мамлекеттик ишмер Дүйшөнбү Сооронбаев, тележурналист Нарынбек Күрөңбаев, ишкер Арстанбек Абдылдаев ушул айылдын кулуну, Аны басып өтүп, академиктер Абдыкадыр Садыков, Исак Бекбоев, талanttуу телережиссер Бейшенбек Мамбетакунов, ишкерлер Аскар Салымбеков, Бейшенаалы Нурдинов, энергетик Марат Ассакуновдор туулуп-өскөн Кара-Сууга келесин,

Андан өйдөкү жанаша жайгашкан эки айыл– Кара-Булуң менен Кызыл Туу айылдары. Бул айыл кыргыз элине Калкан Керималиевди, врач Айып Бейшеналиевди, окумуштуу Абыкай Искендеровду, Нарындын мурдагы губернатору, учурдагы министр Турдубек Мамбетовди, эмгек ардагери Медет Исаевди, ишкерлер Камчыбек Жолдошбаев, Шермамбет Орозалиев жана айтылуу Мелис Эшимкановду берген.

Кызыл-Туудан ары чыксаң кадимки Казыбек айлына туш келесиң. Бул айылдан Казыбек баштап, далайды тамшанткан талanttар чыккан. Кыргыз эл артисти, талanttуу дирижер Төлөгөн Томотоев, көп кырлуу талант Базарбай Томотоев, атактуу окумуштуу, Манас изилдөөчү Самар Мусаев, кадырлуу карыя Өмөр Жусупов, мыкты мал доктур Касымбек Жусупов, акын, жазуучу Абдыразак Шермамбетов, эмгеги менен баар таап, атагы Кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай таанымал чабан Казыбай Жунусбеков, белгилүү акын Токталы Жапаров, талanttуу агроном, башкарманын башкармасы Мади Мусаев, санжырачы Азиз Муса уулу, мыкты бизнесмен, Бишкектеги “Асыл-Таш” соода комплексинин башкы директору Болот Кенжебаев, журналист, акыйкатчы Кубат Оторбаев, журналист Чолпон Орозобекова, коомдук ишмер Мирбек Темиров, филология илимдеринин доктору, БГУнун ректору Абдылда Мусаев, медицина илимдеринин доктору, талanttуу хирург Акылбек Мусаев, талanttуу окумуштуу, филология илимдеринин кандидаты Сайра Исаева, тележурналисттер Абдырай Болотов, Бейшенбек Калыков жана Макен Чекиров, Сүйүн Абдыразакова, Болот Абдыжапаров, мүнүшкөр-саяпкер, 1 категориядагы үн режиссер Бейшенаалы Копобаев жаштыгына карабай Бишкектин үч районунда

милициянын начальниги болгон Айбек Жайлообаев жана башкалар чыгышкан.

Дагы бир Советтер Союзунун Баатыры Анварбек Чортековдун айылы–мурдагы Калинин, азыркы Ак-Талаа айылы. Бул айылдан партиялык чыгаан кызматкер Жаныбек Турсунов, окумуштуу педагогдор Маамет Койчуманов менен Жумаш Койчуманов, мыкты жетекчиы Жунус Эсенгулов, уулу ЖК депутаты Жунус уулу Алтынбек, кыргыздын мыкты уулдарынын бири Муктар Өмүракунов, "Замандаштын" жигиттери Эмил Өмүракунов менен, республикада бажы кызматын негиздегендердин сап башындагы Нарынбек Айдаралиев таланттуу офтальмолог Азиз Эшмамбетов, Ат-Башы районунан чыккан жазуучулар Муса Мураталиев, Эмил Өмүракунов, Ысмайыл Кадыровдордон кийин төртүнчү болуп "Куюн доор" аттуу роман жазган, талантуу акын жана жазуучу Олжобай Шакир жана башкалар чыккан.

Эми өзү кичинекей болгон менен мыктыларды арбын берген, ошол мыкты уул-кыздарынын аты менен атагы алыска тарап жаткан Жаңы Күч айлына кезек келди окшойт. Айтар сөзүбүздөн мурда буга чейин эле Жаңы-Күчтүн, Жаңы- Күчтүн эле эмес бүтүндөй кыргыз элинин атактуу уулу Жолдубай Кайыповдун элесине арнап "Өчпөгөн жылдыз" деген эскерүү китебин чыгарган, андан кийин "Айылым бүтпөс дастаным" деп, Ат-Башылык жазмакерлердин ичинен биринчи болуп өз айылы, өз айылынын адамдары жөнүндө эң сонун китеп жазган жазуучу, талантуу теле журналист Сталбек Абдыраевдин Жолдубайдын 70 жылдыгына арнап дагы бир китеп чыгарып жатканы кубана турган да, кубаттай турган да жакшы иш экендигин белгилеп кетели. Сталбек мага жолуккан сайын, "Жокемдин 70 жылдыгы кирип келатат" деп эле айта берчү болгон. Ичимден ойлоп койчу элем, бу кыргызда "Жокеме Сталбекче күйгөн жан жок болсо керек" деп. Козголбогон ташты ар дайым ушундай кишилер козгоп, жасалбаган ишти ушундай кишилер жасайт. Ушундай кишилерибиз бар үчүн көзү өткөндөр эскерилип, экинчи өмүрүн жашап келатат. Мындайлар жасачу иштерин Кудай алдында чын пейлинен жүгүрүп, күйүп-бышып жасаса, башка адамдар "эл эмне дейт?" деп уялганынан жасайт.



Мен эми, Ат-Башынын жогорудагы айылдарынан ким чыккандарын санап келип, Жаңы-Күчтөн кимдер чыкканын айтпасам болбос. Нарындагы Университеттин аты кыргыздан чыккан алгачкы окумуштуулардын бири, Сталиндик репрессиядан жок болгон Сатыбалды Нааматовдун атында. Дал ушул биздин сыймыгыбыз болгон Нааматов, Улуттук Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, илимдин доктору, атактуу окумуштуу, мыкты педагог агабыз Эсенбек Мамбетакунов, балдар акыны, жазуучу, журналист, "Кыргыздын Гиннес" китебин жасап чыккан Ысмайыл Кадыров, Ат-Башыдагы 1-секретарлардын бири айтылуу Таке Акунов жана 1-секретарь, кийин көп жылдар мектеп директору болгон педагог Акматалы Карыбеков, башкармалар Мамбетакун Шайылдаев, Өмүргазы Жумаев, Токтосун Абдыразаков, уулу Дүйшөнбек Абдыразаков, инженер Акунов Чоробай, окумуштуу, коомдук ишмер Алмаз Акматалиев, атактуу санжырачы Айты Муса уулу, анын уулу инженер Айты уулу Жапарбек, армандуу кеткен Жолдубайдын жатындаш бир туугандары Малдыбай, Жайлообай, Алыбай, Дүйшөбай, Аманбайлар, курбум Жунусов Молдобай менен иним генерал Жунусов Бейшенбек жана ушул китептин автору Сталбек чыккан жер. Атын атаса куту сүйүнөт дейт, кут болсун!

Сөзүмдү аяктап баратып Жокеме жазган ырымды окуй кетейин:

"Жарк" этсе жайнап шам аккан,
Жан бүткөн баарын караткан.
Жадырап жайнап чыкканда
Жаз дагы жолдон адашкан.
Жаркырап тандай атты эле
Жаңы-Күч деген тараптан.
Бирок,
"Жаш экен, койчу?" дебестен,
Жазгырып кетти Жараткан.
Жоогазын эле, гүл эле,
Жомоктоп турчу үн эле.
Жоготуп алдык кантели,
Жолдубай деген ким эле?

Эми,
Элинде калды элеси,
Эң көпкө сүзсүн кемеси.
Теледен жүзүн өчүрбөй,
Термете берсин жер өзү.
Убалдуу кеткен баласын
Унутпай эстейт эл өзү.

Жомоктоп жолун ашууда,
Жоктотпой таңы атууда.
Жумакем болуп чыккан Күн,
Жолдубай болуп батууда...

Баса, Сталбек бир ирет мага түшүн айтып берген эле. Жаңы-Күчтүн атактуу Жакшына жайлоосу эмнегедир карарып-түнөрүп турган болчу дейт, бир маалдале туш тараптын баары шаңкайып жарк дей түшүп, жанагы карарган булуттун дайны да жок, гүлдөр жайнап, айлана жапжашыл тулаңга бөлөнүп, заматта тыяктан да , быяктан да агылган элге толуп, элдин ортосунда күлүп-жайнап Жолдубай келатат дейт. Ушунчалык ыраазы болгону калың каштарынын арасындагы чачыраган кирпигинен, капкара көздөрүнөн кадимкидей көрүнүп турду дейт. Анан ал Сталбекке жакындап келип, колун кысып, ошол маалда гүлдөрдүн ортосунда пайда болгон жапжаңы клубга кирип кетти, артынан мен, анан эл кошо кирдик деп айтып берген. "Түшүң жакшы экен, иним. Жокемдин арбагы сага ыраазы экен. Арбактын ыраазы болгону чоң белги, буюрса ишиң оңолот экен" дедим. Жолдубайды жоктотпой турган таланттуу журналист жана жазуучу Абдыраев Сталбектей иниси барында 70 жылдыгы белгиленип жаткан Жокебиз дагы 700 кылымга дейре эстелет". Ылайым эле эмгеги элинде калган кыз-уулдарыбыз ушинтип эмгеги менен эстеле берсин!

***Шайлообек Дүйшеев,***
Кыргыз эл акыны, Байдылда Сарногоев
атындагы эл аралык адабий жана Токтогул
атындагы Мамлекеттик сыйлыктардын
лауреаты, II жана III даражадагы "Манас"
ордендеринин ээси.



## ЖОЛДУБАЙ

*Сөзү Шайлообек Дүйшеевдики,*
*Музыкасы Камчыбек Букалаевдики*
*Ырдаган Токтобек Асаналиев*

Жоодурап Чыгыш тараптан,
Жоогазын нурлуу таң аткан.
Жол бойлоп жүрүп Жолдубай,
Жомоктон түшүп адашкан.


Кылгырып Чыгыш тараптан,
Кымыздык нурлуу таң аткан.
Кыялап жүрүп Жолдубай,
Кыялдан түшүп адашкан.

Кайырмасы: Канатын күүлөп аскасы,
Каякка учту ак казы?
Кадыры кымбат уул берген,
Кандай жер элең Ат- Башы!
Калкылдап ырдын кемеси,
Кыргызда калды элеси.
Талантын эч бир жоготпой,
Тарыхта сактайт эл өзү.

Кайырмасы:
Жол бойлоп булут ашууда,
Жоогазын гүлүн ачууда.
Жомогун айтып чыккан Күн,
Жолдубай болуп батууда.

Кайырмасы:

## Жолдубайга






## ЭРДИН АТЫН-ЭЛ БИЛЕТ

### Мырзалар аз жаралат Жолдубайдай

Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, жөнөкөй гана жүрөккө жылуу угулганын айтканда кыргыздын кымбат уулу Жолдубай Кайыпов тирүү болсо ушул жылы 70 гана жашка чыкмак. Ага Кудай көп жакшы шыбагаларды берген экен. Керемет ырларды жараткан обончу, мукам үнү менен ырдап кулак кандырган ырчы-аткаруучу жана диктор. Кайсы жагынан алып караса да шайма-шай көрүнөт. Чынында, элге ал диктор катары көбүрөөк жакындан таанылып, оозго алынган.

Диктор деген радио менен телекөрсөтүүлөрдө алып баруучу, жандуу, жагымдуу үнү, дикциясы, жаркын кабагы менен жакынбы, алыспы, өлкөнүн ар бир үйүндө күндө саламдашып жакын адамындай кабылданып калат. Ал турсун башка жактарга экран аркылуу улуттун жүзүн тааныткан керемет кесип. Дикторлор коомдук-саясий, илимий, көркөм адабий, музыкалык берүүлөрдүн, жаңылыктардын жана кабарлардын текстин көркөмдөп, кемелине келтирип окуп берип, сүйлөө чебердиги менен да айкалыштырып көрүүчүнү өзүнө тартат. Анүчүн алар алдын ала даяр текстти окуп берүү менен гана чектелбестен, ар кандай берүүлөрдү да даярдашат, алып барат. Жаңылууга жол жок. Сөздү так, элге түшүнүктүү, жөнөкөй, туура сүйлөө керек. Эң негизгиси жасалмасыз болуу, маанайды ачуучу жылдыздуу кабагы менен сүйлөө маданиятынын айкалышуусун чебер колдоно билүү чыгаан диктордун гана колунан келет. Бирок мындай баага ар бир эле диктор татый бербейт. Ага туулганда кошо жаралган таланты бар инсандар гана ээ болуп, элдин жүрөгүнө жетет. Кыргыз телерадиосунун тарыхында андай залкар таланттуу дикторлор: К.Алиев, С.Жунушалиева, Б.Акматов, Е.Антипова, З. Мамбеталиева, Г.Норузбаева, А.Ниязов, Т.Жаманбаева, Р. Рыскелдинова, Ж. Ашымов, З. Абдубачаев, У.Мамытов, Т. Алсейитова, Б. Мамытов, Г. Молдоева ж.б. кошууга болот. Аттиң, ону келгенде айта кетүүчү сөз - ушундай төрт тарабы төп дикторлорго азыркы ааламдашуу доорундагы биздин КТРК абдан муктаж. Ошол өнөр

көчүндө Борбор Азия өлкөлөрүнүн ортосунда өткөрүлгөн дикторлор сынагынын баш байгесинин ээси Жолдубай Кайыповдун да жылмайган жылдызы жанып, унутулбас аты менен элде жашап келет.

Жолдубай Кайыпов көрүүчүлөргө сүйлөө маданиятынын бийиктиги, өзүн алып жүрүүсү, жөнөкөй жан дүйнөсүнө жарашкан сырткы жасалгасы менен жасалмасыз мүнөзү, мээрим чачкан жалындуу көздөрү менен көрүүчүнү өзүнө багындырган диктор. Негедир ал ушул кесип үчүн туулгандай сезилет. Дикторлуктагы алгачкы кадамы жыйырма алты жашынан башталып, кыргыз телеэкранындагы элибиздин сүйгөн көрсөтүүсү "Ыр кесе" менен ажары ачылып, алып баруучу катары чыкканы белгилүү. Бирок, тилекке каршы анын теле экранда чыгармачылык жолунун сапары он эки гана жылга келип... үзүлгөнү кандай өкүнүчтүү. Кырчын талдай болгон отуз жети жашында бул жарык ааламдан өтүп кетти... Аны бүтүн кыргыз эли жоктоду! Улуу дебей, кичүү дебей ыйлашты! Он эки жылдын ичинде элдин жүрөгүнө ушунчалык терең сиңген чанда гана тагдырларда болот.

Адамдын тагдыры кандай болсо, аны башкача кылып атайлап бурганга болбойт эмеспи. Ар бир адам өз тагдыры менен туулат тура. Кеп-көп жашап, же аз жашаганында эмес, эмгегинде, талант таразасынын салмагында экен да. Жолдубай Кайыпов көп кырдуу талант. Ал кыска гана өмүрүндө жетимиштин айланасында обон жаратып, айрым ырларын кайра өзү ырдап чыгып, обончу-аткаруучу да катары таанылган. "Мекеним", "Атам менен энеме", "Көл үстүндө", "Алгачкы кадам", "Кел бийлейли, ырдайлы" атуу ырлары азыркыга чейин эл оозунда ырдалып жүрөт.

Анын ысымы кыргыз маданият тармагында түбөлүккө кала турганы чындык. Баарынан да элибиз өзү аны унутпайт. Ал элдик болуп туулган инсан. Анын сыймыктуу ысмы айылындагы мектебине берилген. Жолдубай Кайыповдун 70 жылдыгына карата эскерүүдө бир аз гана сөз кылдык деп ойлойм. Бул залкар талант тууралуу эскерүү гана эмес, атайын изилденген эмгектер жаралаарына ишенем. Андыктан Жолдубай Кайыповдун бейнесин, чыгармачылыгын ачып берүү келечектин иши. Буга чейин дагы акын катары жалпыга маалымдоо каражаттарында



эскерүүлөрдү, ырларды жарыя кылып келдим эле. Бул сапар 70 жылдыгына карата эл катары азыноолак пикир коштум. Жакшынын арты той деген эмеспи биздин кыргыз элинде. Кутман курак маарекесин эл-журтубуз белгилеп, эскерип жатканы той эмей, эмне?! Жолдубай Кайыповдой чыгаан уулун кыргыз элинде ар качан эскерип, атын атап жүрүү тирүүлүктүн бар экенинин белгиси, ыйык милдети. Мен дагы мындай инсан менен замандаш болгонума сыймык кылам. Ал эми бул эскерүүмдүн аягын дагы ыр саптары менен бүтүргөнүм жөндүүдөй көрүнөт:

Ар тагдыр-ар адамдын туулганы,
Баары бир өлбөй турган эмес жаны.
Бирок да суктанарлык айрымдардын
түбөлүк калар ишти жасаганы.
Жол сынап жорголугун далай арбын,
Жолдубай бирөө болчу андайлардын.
Жүрөгү сокконуна кайыл болуп,
Жүргөн көп ортосунда жоктун, бардын.
Мыйзамдуу элде сыйлуу орду бардай.
Мырзалар аз жаралат Жолдубайдай.
Жарк эткен жылдыз сымал жарыгы бар,
Жаз эле... кыш чилдеде тоңду кардай...
Жамандык-кырсык капыс басып аны,
Көз ирмем бир өмүргө татыбады...
Өлүм да март болмокпу жок кылган соң,
Өкүнүп, кимдер гана жашыбады?!
Жакшыдан сыймык экен ат калганы,
Жамандан чындык экен дат калганы.
Өкүнүч болот тура жакшылардын,
Өлүмгө өзгөлөрдөн жаш барганы.
Жакшынын жарыгы өчпөйт анткен менен,
Элинин жүрөгүнө жеткен терең.
Ээрчитип даңазасы өсө берет,
Эртеңки урпактарда жолу кенен.

***Бактыгүл Чотурова,***
акын, Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер

## НАСИП

*«Жакшы адам, жан курбалдай эмеспи,*
*жакшы адам, жакшы берет кеңешти»*
Майрамкан Абылкасымова

1983-жылдын жазында биз алгачкы «Карлыгачтардан» болуп Ат-Башыдан Фрунзеге көчүп келдик. Правда - Бөкөнбаева көчөлөрүнүн кесилишинде Совминдин жер үйүндө кайнатамдын Орозакун аттуу иниси турчу. Ошолордун «времянкасында» көп бүлө болуп, кайним Карыбектики менен бирге убактылуу байыр алып калдык.

Короодо бир жаңы, көк түздөгү «жигули» машинасы турат. «Бул Жолдубай Кайыповдуку» дешти, үйдөгүлөр. Жолдубай ага, машинасына келген сайын короонун кожоюну Дик деген немец овчаркасына тамак-аш ала келип эркелетип кетет. Бир күнү эч нерсе албай калыптыр. Машинасын кайтарып жаткан итке куру кол келип калганына катуу ыңгайсызданып, «Кап...», деп тегеренип калды.

«Жакшы адамдын бир аты жөнөкөйлүк» дегендей, биз ошондо Жолдубай аганын, айбанга да калп айта албаган өтө жумшак, көнүлчөөк адам экенин билдик.

Жолдошум Канатбек дароо эле Айыл чарба министрлигине кесиби боюнча жумушка кирди. Мен жумуш таппай бир топ каржалып калдым. Бир күнү чай үстүндө,- ушул Жолдубай Кайыпов мени радиого киргизип койсо жакшы болот эле. Сиз айтып көрсөңүз кантет? - деп калдым, кайненеме. Чоң кайненем «кандан бектен кайра тартпаган», өкүм кыйын киши эле:

- Анын эмнеси бар экен, айтам эле. Короодон кармап айткан туура эмес болоор. Дасторкон көтөрүп үйүнө баралы,- деди. Ошентип, насип буюруп, кайненем, кайним болуп бир күнү үйүнө бардык. Москва-Шопокова көчөлөрүнүн кесилишиндеги көп кабаттуу үйлөрдүн биринде экен. Кудай жалгап апасы да отуруптур, жеңе жумушта окшойт, кичинекей эки эркек баласы жүрөт. Кайненем курбалдашына кезигип, ал-жай сурашып, айылдагы жаңылыктардан кеп козгошуп жыргап эле калышты.



Өзү, «кабагым, кашым» дебей, шашмалап бизге чай даярдап кирди. Мен жардам берейин деп ашканасына чыксам, «Ой, отура берегой, сен коноксуң да, өзүм эле...» деп болбой койду.

Жолдубай ага үстөлдүн үстүн жайнатып, баарыбыз чайга отургандан кийин кайненем «бул келиним журналист» деп сөз баштап, менин жумуш издеп жатканымды айтып, түз эле, «жардам бер» деди. Мен ала келген документтеримди сундум. Аларды карап чыгып:

- Жетекчилерге айтып көрөйүн, КПССтин мүчөсү экениң жакшы экен. Айылдан өтүп келген турбайсыңбы. Бирок, партбилетиң жанында эле болсун. Аны мындай эле айтам. Партбилетти бирөөгө бергенге болбойт да..., - деди, аны мага берип жатып. Мен, - Ооба,- деп уялып кеттим. Чоң конок тосуп жаткансып, тамак асып, коньягын ачып кайним экөөбүзгө куюп, тост сүйлөп, бизди да сүйлөтүп, жадырап-жайнап узатканына ыраазы болуп, жетине албай чыктык.

Мен Жолдубай агадан жооп күтпөй эле, абысыным Айнага кошулуп «Кыргызавтомаш» заводуна штамптоочу (штамповщица) болуп жумушка кирип кеттим. Жумушум оорураак, станокто Т-75 тракторунун кичинекей бочогун жасайм. Айлыгым 240 сом (ал кезде колхоздун башкармасынын айлыгы ушундай болсо керек эле), түштөнүү бекер, эки маал сүт, печенье берет. Жумуштан чыгып, душка түшүп анан үйгө келебиз. Ошентсе да, өз кесибим менен иштей албай каламбы деп, ичтен кайрылып жүргөнүмдө кайненем бир күнү «Жолдубай сени аябай мактады» деп калды. Көрсө, машинасына келгенде иштеп жатканымды айткан го:

– Келиниңиз абдан эстүүлүк кылыптыр. Заводдун жумушчуларына мамлекет чабан, саанчыларга карагандай эле карайт. Айлыгы да жакшы, иштей берсе, үйдү да эрте алат. Эстүү келин турбайбы, бизде айлык аз, жакшы кызматты да дароо бербейт - деп айтыптыр. Бул кабарды укканда, - ии, туура эле кылган турбаймбы,- деп көңүл жубатып калдым.

Ошентип кыш келди, каракүл тумагы, ага түспөл каракүл жакалуу пальтосун кийип, үйдөн чыкканыбызга күлөбагып учурашып кечинде машинасын коюп, эртең менен айдап кетип жүрдү. Телевизордон чыккан сайын, кичинекей Азаматыбыз, «Биштин Жолдубай байке, кайа-кайа, биштин Жолдубай!» деп

сүйүнүп, сүйүнчүлөгөндөн тажабайт. Биз да, «биздин Жолдубай агабыз» деп, операдан «Беш бойдоктун» бири болуп, чачын тармалдатып алып ырдап чыгып жатканын, «Ыр кесе», «Тогуз кайрык» берүүлөрүн уюштуруп, алып барып жүргөнүн көрүп сыймыктанып калабыз.

Ал кабылган каргашалуу окуя эсимден кетпейт. 1984-жылдын жайы беле күзү беле. Бир күнү жумуштан келсек, үйдөгү кыздардын бири Жийдегүл:

– Жолдубай байкени өлтүрүп кетишиптир, – деген суук кабарды угузду. «Кимге зыяны бар эле?» – деп ишенип ишене албай, аң-таң болуп турдук. Биз эле эмес, уккандын баары кайгырып, үй-бүлөсүнүн бир мүчөсүндөй жүрөктөрүнө жакын болуп калган жаркын адамды жамандыкка кыя албай турушту.

Эркектерибиз барып, сөөктү кичи мекенине узатышып келди. Баарыдан машина кайтарган Дикке убал болгондой, дарбазанын түбүн айланчыктап көпкө күтүп жүрдү. Аны карап туруп атаганат, мындай күн болоорун билгенде ушул итти жанына салып алса, аман калмак беле?- деген да ой келди.

Башка салганга көнбөскө чара жок экен. Ошол эле жадырап-жайнап, жаңылыктарды айтып Жолдубай Кайыпов чыкчу көгүлтүр экрандан, анын өмүрүнө мыкаачылык менен кол салган канкорлорду, алардын сотун аргасыз көрүүгө да туура келди. Сот залынан күйүп-жанып, «Менин баламды кандай кылып өлтүрсө, буларды да ошентип өлтүргүлө! Менин колума салгылачы!» - деп кыйкырып тура калып жаткан Кайып атаны эстегенде азыр да денем дүрт этип, жаман болом. Кудай баланын жамандыгын ата-энеге көрсөтпөсүн…

Кийин, терезеден алыска көз чаптырып, эки колун бооруна алып «Апам менен атама» деген ырын ырдап калганда, «Атаңгөрүү-ү, чырактай болгон кургурум, «Экөөнөргө өмүр бою карызмын» дейт тура, карыз болуп жок дегенде 50гө чыксаң эмне?…» деп абдан кейип алчу ыраматылык кайненемди эстейм.

Андан бери 33 жыл өтүптүр…Кайран гана талант, сулуулук, арманга айланган жаштык!..

***Гүлмайрам Саалаева***

журналист, КР Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабынын Маалыматтык камсыздоо башкармалыгынын башкы адиси

# «Өчпөгөн жылдыз Жолдубай» жөнүндө ырлар



## ЖОЛДУБАЙ

Согуш бүтүп, тынчтык орноп жаңыдан,
Эл турмушу оңоло элек абыдан.
Айыл элин түзүп турган көбүнчө,
Кемпир менен чалдар эле карыган.

Кайып менен Салик анда жаш эле,
Жаштыкка да, шаттыкка да мас эле.
Миң тогуз жүз кырк алтынчы жылында,
Уулдуу болду Жолдубайдай бат эле.

Жолдубайы зирек чыкты жашынан,
Музыкага жакын болду башынан.
Уюп жаткан зор таланты бар экен,
Жүрөгүндө кайнап жаткан, ташыган.

Өнүп-өстү Жаңы-Күчтө Жолдубай,
Аталары салып кеткен жолду улай.
Зоотехник болуп алгач айылда,
Иш жасады көптүн көөнү толгудай.

Камандыга бараар эле атасы,
Колхоз малын жайлоолотуп жайында.
Жумаш менен ошол жерде таанышты,
Өзү дагы жагып калды кайынга.

Эң бир сонун обондорду жаратты,
Элдин көркөм табитине төп келген.
Институтта окуп, операда иштеди,
Диктор болду сындан өтүп көптөрдөн.

Эргип угуп ар бир сөзүн сүйлөгөн,
Экрандан жолукчу элем күндө мен.



Оттуу кезин карегимде калтырып,
Отуз жети жашында өттү дүйнөдөн.

37 жашында өттү дүйнөдөн,
Мезгилинде жайнап турган, гүлдөгөн.
73 болуп калса эмне деп,
Ошол жашты ойлоп кээде күрмөлөм.

Он жыл ашык иштесе да болгону,
Так мүдөөнү таап айтчу эле ойдогу.
Тагдыр деген татаал тура кантели,
Тентектерден набыт болду жолдогу.

Көрүүчүлөр тарта алышпай карегин,
Көргөн сайын көркөм сөздүн чеберин.
Күлсө күлкү, сүйлөсө сөз жарашып,
Көркү болуп туруучу эле теленин.

***Ысмайыл КАДЫРОВ***
***акын, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер***

## ЖОЛДУБАЙГА

Аз өмүрдө айтып бүтпөс иш жасап,
Асыл жандын талантынын молдугу ай.
Ат-Башынын арчасындай жаш бербей,
Алып кеткен шум тагдырдын кордугу ай,
Жалын болуп жанып турган кезинде,
Ок жаңылган шумкар болдуң Жолдубай.

Сүңгүп кеттиң уч-кыйырсыз тереңге,
Сүйүү толгон жаштыгыңдын айлынан.
Айландырып армандуу бир дастанга,
Айтып жүрөр атпай журтуң айрылган.

Жаратпаптыр же болбосо Төштүктөй,
Жакшы адамдын жанын катып койгудай.
Экранда, эл эсинде жашайсың,
Эстеликсиң, эмки өмүрүң ушундай.
Эчен кылым өтсө дагы эскирбес
Эмгегиң бар, эсил кайран Жолдубай.

***Анархан Дөөлөткaзиева,***
акын



Жолдубай атасы Кайып жана бир туугандары менен



Жолдубай апасы Салиман жана бир туугандары



Жолдубай группалаштары менен






Жолдубай Курбалдаштары менен



Бактылуу жубайлар



Жолдубай атасы Кайып, инилери Малдыбай, Жайлообай, Аманбай, уулу Бакыт менен



Карындаштары Турсунбүбү, Гүлсүнбүбү жана балдары менен



Уулдары Бакыт менен Бакайдын кичинекей кездери




Иниси Дүйшөбай жана балдары менен




Бир туугандары менен эс алууда



Меймандар менен эстелик



Ата, бала



Уулу Бакыттын үйлөнүү тою



Айылдаштары менен эстелик үчүн




Маданият ишмерлери менен



Жубайы Жумабүбү



Кызы Айнура, уулдары Бакыт жана Бакай



Жумабүбү эже уулу Бакай, келини Алтынай неберелери менен



Жолдубай теңтушу Чодонов Кубанычбек менен





Жолдубай Нарын областынын “Ыр кесесинде”



Бир аздан соң эфир башталат





## ЖИГИТ ӨЛБӨС БОЛСОЧУ

*Кыргыз журтунун белгилүү уулу, ырчы жана диктор*
*Жолдубай Кайыповдун эстелигине*

Гүлү болуп жигиттик толуп турган
Күнү өчүп... жер алдын конуш кылган,
Кандай жаман, кош айтуу тирүүлүккө
Гүлгүн чакта эртелеп тоңуп, сынган!

Буйругу көп жазмыштын билинбеген,
Буйткага алып асылдын миңин жеген...
Сөз жок эле сөзүндөй жанга жагым,
Көз жок эле көзүндөй күлмүндөгөн.

Табият март, ага энчи миңди берген,
Талант берген, өң түсту, үндү берген.
Бирок аттиң ойгонбос уйкуга алып,
Баткан эрте түбөлүк күндү берген.

Жайдар көкүл жаштыктын үлгүсүндөй,
Жайнап турчу кабагы кирди билбей.
Жашагысын келтирип селкилердин,
Жарк дедирчү күлгөнү түндү күндөй!

Арсыз өлүм күчсүзүн билди бекен?
Ансыз ажал тойалбай жүрдү бекен?
Айтканына тагдырдын айла жок да,
Бул жашоодон өткөрбөйт кимди десен?!

Кырсык кокус бактысын байлап салган,
Акындардын тилинде сайрап арман,
Жакындары дилинде күйүп жоктоп,
Жалгыз өкүнч жаштыгы жайрап калган.

Жакшы өмүрүн аз ченеп, таразалап...
Койгонуна туралбай арачалап.
Алаканды жайсак да элестери,
Сулуулукту тургансыйт даңазалап.

Аргасы жок кечкендей бул жалганды,
Айтылбаган арзуусу сырлар калды.
Ыргагынан жүрөктүн үнү угулган
Ырдалбаган аялуу ырлар калды.

Жылмайыңкы жүзү жок, кокус соолуп,
Жыгылса да оордунан тургус болуп,
Жылдар менен жаңырып жашап турар,
Жылдыздардын ичинде жылдыз болуп.

Эл арасы эстесе өйүп көңүл
Эскерүүлөр толкутат кейиш көлүн.
Көзү жайнап дагы эле экрандай,
Жүргөн бекен аралап бейиш төрүн?!

Аны жоктоо өкүнүч болду кандай!
Антсе дагы калтырган орду бардай.
Ошентсе да түн каптап айдай жүзүн,
Жигит өлбөс болсочу Жолдубайдай!

***Бактыгүл ЧОТУРОВА,***
*Кыргыз Республикасынын*
*маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын*



## ТАҢКЫ ЖЫЛДЫЗ

***Жолдубай Кайыповго***

Уккан элем калган экен көңүлдө,
Жакшы адамдар болот экен өмүрдө.
Теңтуштары кийин айтып жүрүштү,
Теледеги бир чогулуш жөнүндө.

Дикторлукка конкурс жыйынтыгында,
Сөз беришет кичүү менен улууга.
Ак кызматты аркалатмак болушат,
Акылдуууга... Ишмер...Чечен...Сулууга.

Жолдубайды алмак болуп калганда,
Жолун бирөө тоскон дешет андайда.
- Кийинчирээк алсакчы!- дейт бир калыс,
Кишилер көп бу сынакта тандалма.

- Ошол кезде Балташ агай туруптур,
Дегиңкиси эн бир сонун сунуш бул.
... «Мындай диктор бизге керек абыдан!»
...деген сөзгө эл көңүлүн буруптур.

Анда болсо угуп тур!
- Баары жакшы сүйлөгөнү басканы,
Өзү ырдап өзү обон жазганы.
Жогорулап өсөт эле өлкөбүз,
Жолдубайдай болсо кыргыз жаштары.

Биз эмне үчүн жасалманы мактайбыз?
Биз эмнеге акыйкатты айтпайбыз?
Мындай таза, ачык айкын таланты.
Орто Азия чөлкөмүнөн таппайбыз!

Эл жактырат таза талант чыгышын,
Булбул барда каргаларың курусун.
Жолдубайды бүгүн ишке алалы,
Иш боюнча ушул менин сунушум.

Ширин сөзүн даана, таптак айталат,
Бул инимдин жүргөн жери салтанат.
Жолдубайым башка өлкөгө барса да,
Кыргыз ырын, кыргыз жүзүн алпарат.

Ошондуктан олку- солку ордуна,
Оргуштаган талант жакта болгула.
Ичи тардык керек беле кыргызга,
Иш… иш үчүн кол көтөрүп койгула!.

- Деген кезде буулуп турган баятан,
Зал жаңырып чабылыптыр алакан.
Сезиминди акыл оройт турбайбы,
Сергек ойлоп чындык менен карасаң.

Бий, ыр, сөзү баардыгына жагыптыр,
Бир добуштан дикторлукка алыптыр.
Ошол күнү борбор кыргыз теледен,
Кайыпов деп жарык жылдыз жаныптыр.

* * *

Бир Кайыпов режиссер теледе,
Калайыкта калыстыгы кең эле.
Байкап көрсөм эмгек өмүр баянын,
Балташ ага иш иштептир көп эле.

Кайыповдун экинчиси Жолдубай,
Касиетти калың берген чоң кудай.
Илбериңки бардык жердин жылдызы,
Иш аткарган эл ыраазы болгудай.



Биз ал кезде көрүүчү да угуучу,
Жолдукебиз баардык жердин сулуусу.
Кандай гана тема алып барса да,
Калкыбыздын черин жазып туруучу.

«Ыр кеседе» анык шыгы ачылып,
Ыраактарга каректери чачырап.
Кол жээгинен… же тоолордон тартса да,
Көргөн жандын көңүл жарпы жазылып.

Бир башкача жакын болуп ырларга,
Ар бир күнү арзып турган сыйларга,
«Кел бийлейли, ырдайлы!» - деп Гүлсайра,
Эжем экөө дует ырдап турганда…

Толкубаган жүрөк толкуп ал анда,
Толкун сыры болгон өңдүү шамалда.
Бий… ыр… сөзү аткарганы жарашып,
Бир башкача таасир берчү адамга.

«Атам менен энемеси» шедевр,
Ар адамга, ар бир жанга керек ыр.
Азыр деле радио- теледен,
Анда санда бир угабыз негедир.

Бир жаралган жылдыз болуп ааламга
Бийиктиги үлгү болот адамга.
Туйгун болуп жан- дүйнөдө чабыттап,
Туура- даана туш келиптир заманга.

Так айтканда талантууга таң атат,
Тан калышат таң калыша карашат.
Кайыповдун шык жигер өзгөчө,
Калкыбызга байлык болуп келатат.

Баарын байкап ойлоп көрсөң замандаш,
Бакыт деле чындык менен таламдаш.
Болот экен ушундай бир асылдар,
Бир жаралган, кайра экинчи жаралбас.

Элге жетип эфир иши оңдолуп,
Кээде иште… олтурчу экен ойлонуп.
Канаттарын каккылаган жай албай,
Калбаса деп туугн досум кор болуп.

Ата- энесин…туугандарын… бөлөсүн.
Тууган жерин… жалган- чындык күрөшүн…
Ала- Тоону чарк айланып теледен,
Акыйкаттын тартсам деген «сүрөтүн!»..

Жаңылыкты, жакшылыкты издеген,
Табылганы талант менен түптөгөн.
Бир топ жылы радио- телени,
Дүңгүрөтүп өстүрүптүр иш менен.

Обон жазып калыкылдаган булуттай.
Эргип турган эл алдына чыгып жай.
Айылына каттачу экен ар убак,
Атасынын айткандарын унутпай.

Бирдей карап шаар менен айылга,
Келип кетип туугандары жанында,
Аманбайы КМУ жакта студент,
Малдыбайы маданият жагында.

***Барчынбек Бугубаев***
***Кыргызстан жаштар сыйлыгынын лауреаты***



## ЖОЛДУБАЙ

Кайыштырып, канча досту тууганды,
Кайран жүрөк какпай калды ууланды.
Адам турган сени жоктоп кейиште,
Ар бир үйдө жетим калды сыналгы.

Кайралбадык какшап колду сунуп да,
Канткен менен калган жоксун унутта.
Обонуңа берип узак өмүрдү,
Олда чиркин, жатасың ээ, тыякта.

Ата энеңе али жапжаш бала элең,
Адамдарга эң жароокер жан элең.
Радиодо ыр агызган шаң элең,
Экранда күйүп турган шам элең.

Күлүңдөгөн элесиңе бир нуска,
Гүлдесте элең сунулчудай нур кызга.
Элге жакан сендей диктор таланттуу,
Элүү жылда келсе келээр кыргызга.

Таң калтырып окшош элең жылдызга,
Таңга жетпей өчтүң, бирок, турмушта.
Жүрөктөргө гүл жайнаткан сендей жан,
Жүз жылда бир чыкса чыгаар кыргызда.

***Асанбек Иманбаев***
Акын

## СЕЗИМДЕ САКТАЛГАН ЭЛЕС

Жоодурап турса теледе,
Жолдубай иним ким эле.
Жол басып өмүр турганда
Жоргосу чыкмак тим эле.

Жигиттин эле жылдызы,
Жибектей болуп созулган.
Жибитип эчен жүрөктү,
Жибермек сүйүү отунан.

Ташкындап чыккан жашынан,
Таланттын эле булагы.
Табийгат берген өнөрү,
Ташыркап эрте кулады.

Жадырап сүйлөп турганда,
Жарашчу эле өзгөчө.
Жалыны болмок өнөрдүн,
Жалп этип эрте өчпөсө.

Алпештеп сүйгөн ата-эне,
Аларга эмгек кылганы.
Арноосу калды артында,
Айтылып каалоо ырлары.

Мекенге арнап чыгарган,
Мезгилдүү жакшы ырларын.
Менимче көркө келтирмек,
Мелтиреп турган кырлары.

Кайрылган эле жаштарга,
Кайдыгер карап турбайлы.
Керемет чыккан чыгарма,
«Кел бийлейли, ырдайлы».



Өзгөчө шандуу өткөзгөн,
Өтүмдүү кылып «ыр чыны».
Өнөрү күчөп турганда,
Өкүттө калды көп сыры.

Табигат берген өнөргө,
Таазим кылып жүрөлүк.
Таланттын алпы Жолдубай,
Тарыхта калды түбөлүк.

***Токталы Жапаров***
*акын*

## ЖОЛДУБАЙГА

Эскерип бүгүн жатабыз,
Эсил маркум Жокемди.
Өзүм билбей турамын.
Өлүү же тирүү десемби?...

Оодарбай өтүп кеттиң го,
Отуз жети куракты.
Оо тагдыр сени кантейин.
Ойлотподуң,
Бакыт, Бакай, Айнур, Жумашты.

Кыргыздын сендей кулуну,
Кырчынында жатпасын.
Кыз-кемпир ыйлап солкулдап,
Кыйын болду Ат-Башын.

Өлсөң дагы ыйыксың,
Өз журтуңду ойлогун.
Айланайын Жолдубай,
Арбагыңда колдогун.

**Жолочу Рыспаев,**
*акын, сатирик*

## ОШОЛ СЕНСИҢ

Теңир тоонун тескейинде айылдан,
Тетик элен теңкурлуудан айырмаң.
Буурул таңда буудан минип булкунтуп,
Жылгалардан жылкы тосуп кайырган.
Калды элесин турагында өскөн жер,
Өтсө дагы жылдар жылып, ай ылдам.

Керимселдүү кенен жайлоо "Жакшына"
Жарашыгы жалпы журтта жакшы баа.
Алыс жактан көзгө урунат мөл булак,
Аска жарып агып түшкөн ак шынаа.
Ошол сенсиң, ошол сенсиң Жолдубай,
Жанаштырган кереметти жакшыга.

Керүүсүндө арча жыты буркурап,
Сансыз гүлгө саймаланып турчу убак.
Татымы күч табияттын ширеси,
Таамп турчу зор талантка ыр чубап.
Ошол сенсиң, ошол сенсиң Жолдубай,
Авазынды аалам муюп, тынч угат.

Касиеттүү жериң, талант сүрөөчүң,
Ай, жылдыздар адаштырбай бирөөсүн.
Чатыр- Көлгө, түндө түшүп келишет,
Таштап салып асман- жерде тирөөчүң.
Ошол сенсиң, ошол сенсиң Жолдубай,
Күн, түн жаркып жанган жылдыз бирөө, чын.

Улуу тоону көз мелжиген бийиктен,
Алаксытат, ак булуттар чийип чек.
Туялекпиз арт жагында булуттун,
Турганына тоо чокусу кийип көк.



Ошол сенсиң, ошол сенсиң Жолдубай,
Урпактарга узун сабак, бийик сөз.

***Керимбек Кадыракунов***
*А.Осмонов атындагы адабий сыйлыктын лауреты, Эл аралык "Арча" адабий сыйлыгынын ээси, Эл аралык Коомдук Академиянын академиги*

## ЖОЛДУБАЙ КАЙЫПОВДУН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ

Тирүүлүктүн шааниси ажайып ээ?
Сансыз, түмөн сыр катып илебине.
Жарк этип чыгар элең экрандан,
Далай кыздын чок салып жүрөгүнө.

Жанып турчу чолпондой эки көзүң,
Келбетиңе келишип кулк-мүнөзүң.
Сен жарашып көгүлтүр экранга,
А экран күнүн берди өлбөстүктүн.

Абан салып, ажайып ырдаар элең,
Кубандырып элинди жыргаар элең.
Азыр сен, экрандан бир көрүнсөң,
Абаныңды жыргап бир тыңдаар элем...

***Рабиха Алыбаева,***
*журналист, акын*

## ЖОЛДУБАЙДЫН ЖЫЛДЫЗЫ

Эрте куурап, мезгилинен кеч гүлдөйт,
Эл-жер үчүн кылган эмгек эскирбейт.
Көкүрөктө жашай берет көөнөрбөй,
Жолдубайдын өмүрүнө кеч кирбейт.

Кандек иттер үрө берет чаңкылдап,
Карга-кузгун жүрө берет каркылдап.
Жолдубайдын жолу көктө, мейкинде,
Сан жылдызга чагылышат жаркылдап.

Уулу болсоң жалгыз ата-эненин,
Уулубуз дейт жумурай журт, эми элиң.
Мөртү келген үн, түс, келбет келишип,
Көркү болгон экрандын, теленин.

Көз тийдиби көз тайгылткан көркүнө,
Жаш тушуктуң шум ажалдын өртүнө.
Жылдар агаар, бирок элдин эсинде,
Жылдыз сымал жаркырай бер, мөлтүрө!

***Өмүрбек Тиллебаев***
*журналист, акын*



## СЕН ТИРҮҮСҮҢ

***Жолдубай Кайыповдун элесине***

Турмушта бирөө жарк деп жанып өтөт,
Бирөөлөр агындыдай агып өтөт.
Бирөөлөр жүз жыл жашап эч из салбай,
Бирөөлөр сезимге от жагып өтөт.

Сен бүгүн да миң сан элдин эсинде,
Ай жамалың али экран бетинде.
Коңур үнүң, кош кара каш, сурма көз,
Козгойт суроо ошолбу деп сезимде.

Сен сен элең, жолдош элең жан курбу,
Ага элең кичүүлөргө бир сырлуу.
«Тигил жактын» бар экени чын болсо,
Титр жандап, алып барып жүрсүңбү?

Аз жашайт дейт асыл, тунук жакшы адам,
Адам өлбөйт калайык калк баркtаган.
Сен тирүүсүң, өлбөсүңө ишенем,
Сени өлбөйт деп какшаганым какшаган.

Сенсиз бөксө экрандын бир жери,
Сендей эмес башкалардын тилдери.
Сезим козгоп, жан дүйнөңдү толгонткон,
Сендей жигит тез өтөөрүн билгенби.

***Дүйшөк Мамбетөмүров***
*Журналист*

**КОШТОШУУ**

Жашоо бүттү, жарык өчтү жалп этип,
Караңгы түн болгон сындуу көрүнөт.
Кечээ жүргөн, бир таланттан айрылып
«Шум ажал» деп көздөн жашым төгүлөт.

Талант өттү, ысмы бирок өлгөн жок,
Аз жашады, кырк жашка да чыккан жок.
Жакшы адамдын өмүр жашын аз кылып,
Ажал деген талантты аяп койгон жок.

Кырчын өмүр кетсе дагы кыйылып,
Ак эмгеги калды бизге эстелик.
Эмгегинди баалап дайым унутпай,
Элиң даңктайт түбөлүккө эскерип.

***Касымбек Жусупов***
*айылдашы*

## *Жолдубай Кайыпов тууралуу «Өчпөгөн жылдыз» китебинен үзүндүлөр*



Ат-Башыда деле Күн Чыгыштан чыгып Батышка батат. Күн чыгышында Өзгөрүш, Күн батышында Жаңы-Күч деген айыл бар. Күн чыгышынан Жумамүдүн Шералиев чыкса, Күн батышы дагы бир керемет талантты – Жолдубай Кайыповду берген. Кээде Ат-Башынын Күнү мага Жумамүдүн болуп чыгып, Жолдубай болуп батып тургансып сезилет. Жумакем жөнүндө: «...генийлер билинбей келет, алар бизге СОККОН жел, аккан суу, өскөн чөп менен келет. Жел болуп сызып, суу болуп агып, чөп болуп өсүп келет. Артист сулуу болмогу парз. Ага карабай сулуу болгон эмес ал, ошонусу эң туура болгон. Генийдин сулуулугу – Кудайдын жаңылыштыгы. Сулуу генийлер көпкө жашабайт. Көз тийип өлөт» деп жазганымды, анан журналист иним Сталбек Абдыраев түйшүгүнө карабай түзүп чыгып, анан «карап бериңиз, байке» деп алып келген ушул эскерүүлөрдү окуп чыгып, Жолдубайдын булуттай сулуулугун эстедим.

***Шайлообек Дүйшеев***
*Кыргыз эл акыны*

Жолдубай Ала-Тоонун Теңир тоосунан жаралып келген, ак кар менен көк муздан таза, коңур керемет үндүү, жарык дүйнөгө чанда жаралган таланттардын бири. Жолдубайдын ырлары, үнү бизде түбөлүк жүрөктө кала турган үн, ырлар. Кээ бир ырлар бар, жаралышынан жок болгону бат болгон. Андай чыгармалар бир, эки жылдан кийин бат эле унутулуп калат. Жолдубайдын ырлары болсо түбөлүк доор карыта турган, кылым карыта турган ырлар.

***Мамытбай Салымбеков***
***ЖК нын экс депутаты***

Жолдубай Кайыпов желеден чыккан тулпар, уядан чыккан шумкар эле.

Аскасы бийик, тоосу бекем, суусу таза, жайыты кенен кереметүү Ат-Башыдан төрөлгөн Жолдубай агабыздын таланты дагы ушундай ар кыл. Кыргыздын «Туяктуунун баары эле тулпар эмес, канаттуунун баары эле шумкар эмес» дегениндей, Жолдубай агабыздын көгүлтүр экрандан жарк деп чыга калган элеси аны көрүп-билгендердин түбөлүккө эсинде калды.



***Камчыбек Жолдошбаев***
*ЖКнын депутаты*

1975–84-жылдары Кыргыз телесинде Жолдубай Кайыпов деген жылдыз бар эле. Айжаркын жүзү, коңур үнү, жупуну мүнөзү, терең интеллектиси, чыгармачыл көрөңгөсү аркылуу ал теледе аттын кашкасындай айырмаланып тураар эле. Ал кезде дикторлук кесип жаңы эле түптөлүп, эл оозуна алынып келе жаткан жаңы кесиптерден болчу. Ошол дикторлук кесиптин көч башында Жокем болчу ыраматылык.

***Бактыбек Мамытов***
*КРнын эмгек сиңирген артисти*

«Жолдубай Ат-Башынын Ала-Тоосундай бийик, мөлтүр суусундай таза обондору менен өзүнө эстелик тургузуп кетти»

**Калыйбек Тагаев**
*КРнын Эл артисти, обончу композитор*

Жолдубайдын көзү өтүп кеткени менен тирүүлүктө анын жолу узарып баратат.

Биз Жолдубай Кайыповдун ысмын өткөн чак менен эскерип жатабыз, артында калган эмгектери аркылуу биз бул ысымды келээр чак менен далай эскеребиз деп ойлойм. Жолдубай Кайыпов кыргыз искусствосунда эле эмес, Кыргыз телесинде өзгөчө орду бар бийик инсан эле. Анын жүзү аркылуу, анын образы аркылуу, сөзү аркылуу дүйнөнү таанып, биз анын ыры менен чоңойдук. Ар бир кыргыз баласы анын ырын тумардай кастарлайт, мен да ошолордун арасына өзүмдү кошомун. Себеби, баарыбыз анын ырларын угуп гана тим болбостон, ошол ырлар менен жан дүйнөбүздү байыттык. Адам өзүнүн өмүрүндө көп жашайбы, аз жашайбы, менимче, адамзаттын тарыхында бул дүйнөдөн ширеңке чагылгандай

жанып өткөн адамдар болот. Бирок алардын ысмы, адамдык бийик сапаттары түбөлүккө жашай берет. Ошондой адамдардын бири Жолдубай Кайыпов.

***Султан Раев***
*жазуучу-драматург*

Таенем: «Жердеги ар бир кишинин асмандагы жылдызы бар, жылдыз учканда ал жылдыз кимге тиешелүү болсо, ошол адам о дүйнөгө сапар алат» дечү. Мен таңдана угуп, көктү тиктеп, «менин жылдызым кайсы болду экен» деген боюнча уйкуга кетээр элем. Азыр болсо ошол жердеги жылдыздардын бири диктор Жолдубай Кайыповду эстеп олтурам. Анын жылдызы күтүүсүз мезгилинен эрте учуп кеткен. Жолдубай чынында асмандагы өзүнүн жылдызынан жерге түшүп келгендей киши болчу. Анткени мен аны канча тиктебейин, кайсы учурда болсун Жолдубай Кайыповдун жылдызы дайыма жүзүнөн жанып, жакшылыгын чачыратып турчу. Бул анын кудайдан берген касиети эле.

***Сыдык Акматов***
*тележурналист*

Ар бир аймактын, ар бир айылдын урматтап алчу уулу, көкөлөтүп көтөрүп алчу кулуну болот. Ал андай жогорку даражага өзүнүн эл-жерине, жоро-жолдошторуна, улуу-кичүүгө жасаган эмгеги, урмат-сыйы, адамгерчилиги, таза ыйманы менен гана жетээри талашсыз. Биздин айылдын ушундай кулундарынын бири маркум Жолдубай болчу. Шум ажал аны колдон эрте жулуп кетти. Аз жашаса да, артына көптөгөн иштерди жасаганга үлгүрдү.

***Карыбеков Акматалы,***
*Жолдубайдын мугалими, эмгек ардагери*
***Абдыразаков Токтосун,***
*эмгек ардагери*
***Жалгаева Келдиш,***
*сүт товар фермасынын башчысы*
***Миңбаев Бакирдин,***
*Кара-Булуң орто мектебинин мугалими*



Жигит өлбөс болсочу, Жолдубай Кайыповдун таланты ар тарабынан байчечекей гүлдөрүндөй ачыла баштаган чакта, отуз жети курагында бу жарык дүйнөдөн түнүп кетти. Бирок анын артында Жолдубай диктор, Жолдубай артист, Жолдубай обончу, Жолдубай көркөм окуунун устаты деген баа элдин жүрөгүндө жашап калды.

Жолдубайга табият өң-түстү мол берген экен, ага жанаша адамгерчиликти да, андан кынтык табыш кыйын эле.

***Амантур Акматалиев,***
***элдик этнограф, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер***

Бир кездеги Кыргыз телесинин жүзү Жолдубайдын өңүнө окшош болчу.

**Алмазбек Акматалиев,**
*профессор*

Жаратканды өзү жаралганда эле теледиктор болсун деп төгөрөгүн төп кылгандай: Жолдукебизде кулакка жагымдуу үн бар эле, көрөрманды магниттей тартып алар жылуу ажары, жылдыздуу түспөлү бар эле, бул экөөнө жуурулушуп, жогорку билими, артисттик ийкемдиги жана журналисттик чеберчилиги бар эле.

***Капарбек Токтошов,***
*журналист*

*Жолдубай кыргыз маданиятына, искусствосуна ак жаркын жол салган көп кырдуу, көп сырдуу талант болучу. Жолдубай тубаса диктор, обончу, аткаруучу эле. Анын өзүндөй жаркылдаган, салмактуу да, ойлуу да, кыялкеч да мукам обондору кылым карытып кыргыз жеринин ой-кырларында жаңырып, күйөрмандарынын жан дүйнөсүндө дайыма сактала берет. Улуу таланттын өлбөстүгү ушунда.*

**Тынчтык Султанов,**
*журналист*

Тагдыр дейбизби, же талант дейбизби, бул эки нерсенин дарысы жок тура, бир гана артында эмгек калат экен. Сиз ошол элиңизге өтөгөн эмгегиңиз менен, кооз үнүңүз менен элиңиздин арасында легенда болуп жашай бересиз. Өнөрканамдын ичинде бир сандыгым бар, анда Роза Рыскелдинова эженин жана сизге окшогон улуу адамдардын чыгармалары, сүрөттөрү бар. Кээ бир элдердин байлыгы акча болсо, алтын болсо менин байлыгым – ушулар. Улуу адамдардын сүрөттөрү, чыгармалары менин жан дүйнөмдөгү байлыктар деп эсептейм.

***Макен Жапарова,***
*Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү, элдик чебер*

Болгону 37 жашты жашады, аттиң! Бирок аз жашаганы менен саз жашап, артында өчпөй турган из калтырып кетти. Арадан чейрек кылымга жакын убакыт өткөнү менен, азыр да Жолдубай агай тууралуу миңдеген күйөрмандары, кесиптеш-санаалаштары жылуу пикир менен эскерип келишет. Ашкере таланттын азыр да да өзүнүн аткаруусундагы «Атам менен энеме» аттуу керемет ырын угуп, көргөн сайын көкүрөктү дүүлүктүргөн кусалык, сан жылдап болсо да тарабаган сагыныч, эң ардактуу деген адамыңдын элеси көзгө тартылып, эстейсиң, аргасыз жан дүйнөң жанчылып, жаратканга наалат айтып ийгиң келет, атаганат. А бирок анте албайсың, адам адам болуп жаралган күндөн күндүн атышы менен батышындай эч бир өзгөрбөй турган мыйзам ченемдүү нерсе бар. Ал – өмүр менен өлүм. Болгону, өмүр сүйүнтөт, өлүм күйүнтөт.

***Асыран Айдаралиев,***
*журналист*

Керемет түү Ат-Башыдан эмне деген адамдар чыкпаган. Улуу Казыбек акын жердеши гана эмес тууганы, дагы бир жердеши кыргыздын кыйырына таанымал акын Шайлообек Дүйшеев деген:
«Бороонду бойлоп Үкөйлөп,



Боогачы өткөн жер экен» дегендей Ат-Башы таланттардын мекени. Кээде Жолдубайдын сүрөтүн карап турсаң, өзүнчө эле бир поэзия дүйнөсүндө жүргөндөй болосуң. Сүрөтүнөн суурулуп чыгып, азыр эле жашоого аралашып кетчүдөй элес калтырат. Турмуштун бизге белгисиз диалектисинде мындай адамдар көп жашашы керек эмес экен. Булар өтө сулуу, өтө акылдуу келип бу дүйнөгө сыйбай турган адамдар. Буларда өзүнчө бир жашыруун сыр бар. Эмне дейлик Жолдубайдын атында борбордо бир көчө болсо, эстелиги болсо жакшы болоор эле, Жолдубайдын бизге калтырган эмгектери буга абдан эле татыктуу. Жаткан жери жайлуу болсун.

***Эркин Касымов,***
*КР эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, профессор*

## ӨЧПӨГӨН ЖЫЛДЫЗДЫН ТУРМУШУНАН

Жолдубай 1946-жылы төрөлгөн. Он баланын туну. Ата-энеси малчы болуп, мал артынан көпчүлүк убактарда жайлоодо жүрүшкөндүктөн, Жолдубай айылдагы таенесинин колуна келип, мектепке барат. 8-классты бүтүп, Караколдогу айыл чарба техникумуна кирип, аны бүтүргөн соң, Ат-Башынын өзү туулган Жаңы-Күч айылында зоотехник болуп иштеген. Малчы болуп иштеген ата-энелери чогуу жайлагандыктан Жолдубай болочок жубайы 16 жаштагы Жумаш менен кезигип селкинчек тээп, акчөлмөк ойноп, жаштыктын жалын курагын өткөрүшкөн.

Жумаш айылдагы орто мектепти аяктап, бүтүрүү аттестатын колуна алып, борборго окууга жөнөй турган болгондо Жолдубайдын сомодой-сомодой болгон таяке, тааженелери ала качып беришкен. Эки жаш тирлик кылабыз деп борборго келишип, Жолдубай сырттан окуп жаткан айыл чарба институтун таштап, искусство институтуна, жубайы кыз-келиндер пединститутуна тапшырышат.

Жолдубайдын бала кезинен эле «чымыны» бар эле. Тизелей олтура калып ыр жазмай адаты бар болчу. Анан ээндеп алып кыйкырып ырдаганды жакшы көрчү. Өзү теңдүүлөр көчө сапырып, оюндун «акесин таанытып» жүргөндө атасына ыйлап жатып, аккордеон саттырып алып, тез эле ойногонду үйрөнүп, бат эле обон чыгара баштайт.

Баарынан да, эки жаштын ата-энесине концерт коюп бергендери кызык. Жолдубай аккордеон ойнойт, жубайы кайын сиңдилерине кошулуп алып, үйдү көтөрө бийлейт. Атасы менен апасы уул-келининин өнөрүнө маашырланып, ыраазы болуп төрдө отурушат. Айрыкча кайнатасы: «Ии, бали, бийле кызым» деп келинин алкайт. Ансайын келини ары тегеренип, бери тегеренип, жакшы эле чамгарактайт...

«Жолдубай да кызык, «Кой, кайын-журтуңдун алдында шүк отур» дебейби. Же кайненем: «Сени келин деп коёт, кайнатаңдын



алдында тайраландаба» дебептир. Балалык баёолугубузду карасаң» деп Жумаш эже күлөт.

Чын-чынына келгенде дикторлук кесиптин түбүн түптөгөн Жолдубай болду дешет кесиптештери. Кандай гана маалымат болбосун, зыңкыйып отуруп алып, жайдары, жылуу жүзү, так, жагымдуу дикциясы менен окуп, ар бир угуучунун ой-сезимине жеткире алчу. Программаларды окуп жатканда же ар кандай берүүлөрдө ал телевизордон түшүп келип, экранды көрүп жаткан көрүүчүлөр менен бир үйдө чогуу олтургандай элес калтырып, сөзүнө түшүнбөй калуу деген болгон эмес. Ал чыныгы алып баруучулук искусствонун чебери эле. Кыргыз элине таанымал дикторлор Бактыбек Мамытов, Сатыбалды Жээнбеков, Гүлшан Молдоева Жолдубай Кайыповдун дикторлук мектебинен «билим» алган шакирттери.

Жолдубайдын теледеги жылдыздуу жүзү, алып баруучулук чеберчилиги, татына келбети, мукам үнү, бийик ой чабыты, далай көрүүчүлөрдүн жүрөгүнөн түнөк тапканы жалпыга белгилүү. Жолдубай бала кезинен сүйгөн ырчылык өнөрүн таштаган жок. Ал ырдаган ырлар, мейли теледе, мейли радиодо болсун, уктурула калса, угуучуну да, көрүүчүнү да ойлонтуп, делдейтип коёр эле.

Баарынан да анекдот айтканды жакшы көрчү. Ал анекдот айтканда, аны уккандар боорун тырмап күлүп, үстөл үстүнөн кулап түшкөн күндөр болгон экен. Кээде анын айткандарын угуп атып, эфирден кечигип калган дикторлорду жетекчилик тилдеген учурларын көп эскеришет кесиптештери.

Жолдубайдын кара сөзгө төкмөлүк өнөрү бар болчу. Эч кандай сценарийсиз багыт алган темасын шатыратчу. Мындай сапат бардык кишиде эле боло бербейт. Ар кандай шарт менен мына эфирге азыр чыгыш керек деген учурларда кабагым кашым дебестен, адатынча шартылдай басып студияга кирип кетчү. Мына, өз кесибин канчалык деңгээлде сүйгөнүн ушундай мамиледен эле билсе болот да...

Бир туугандары анын жанда жок боорукерлигин мындай эскеришет: ата-энеси жокто бөбөктөрүнө тамак бышырып, уй саап, нан жаап эне түйшүгүн тартчу экен. Кийин да ар дайым


# *Жолдубай Кайыповдун жүрөктөн түнөк тапкан ырлары*



Мынакей алдыга чексиз мейкиндик тартылып, бийик чокулуу тоолор салабаттуу бой керет. Мына ушул ажайып көрүнүш сапары карып алыстан келаткан кыргыз баласынын көзүнө урунганда жүрөк туйлап, көкүрөктү бир булкуп алат да, көзүнөн зор кубанычтын, сагынычтын мөлтүр жашы куюлуп, ушул улуу тоолор арасында там туң баскан алгачкы кадамың, бала чагың, бөпөлөп өстүргөн ата-энең, чогуу жүргөн курбуларың эске түшөт.

## МЕКЕНИМ

Салмактуу Сөзү И. Мансуровдуку




Кымбатым өскөн жер мекеним,
Сен десем толгонуп кетемин,
Энемдей асырап чоңойттуң,
Сүтүңдү мен актаар бекемин.

Тоолоруң, түздөрүң, белесиң,
Көңүлгө жат болуп келесиң.
Киндик кан тамызган Ата-Журт
Чаалыксам күч-кубат бересиң.




Көкөлөп зоболоң, жылдызың,
Гүлзардай кулпунду уул-кызың
Таанылгыс өзгөрүп өңүктү,
Кечээги тоодо өскөн кыргызым.

Кымбатым өскөн жер мекеним,
Бактылуу бир балаң экенмин.
Атамдай алпештеп өстүрдүң,
Наныңды мен актаар бекемин.

Ак элечек энебиз, ардак көргөн атабыз, кубаныч көз жаш кылып бир тилегин он кайталашат. Ооба, алгачкы кадам шилтеп, ата-эненин бөпөлөгөн колунда чоңоюп, билим алып, анан уядан учабыз. Ата-эненин мээриминдей мээрим, тилегиндей тилек, ата-эненин жүрөгүндөй жүрөк, бизге жасаган эмгегиндей эмгек жок го.

## АТАМ МЕНЕН ЭНЕМЕ

Жай, назик Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Жүрөсүңөр жашап иштеп алыста,
Чолоо тийбейт ай өткөрбөй барышка.
Ак эмгекти актайын деп уулуңар
Билим үчүн түшкөн узак жарышка.

Ойлоорсуңар санаа тартып камыгып,
Садагалап караанымдан кагылып.
Силер мени самагандай жол карап,
Мен да жүрөм өзүңөрдү сагынып.

Силер анда, мен күнчүлүк алысмын,
Заманаман калбай келет жарышкым.



Алпештеген энем менен атакем,
Экөөңөргө өмүр бою карызмын.

Менин жараткан ырларым, ортого салган сырларым алыстан сагынычты козгоп, аксакалын жайкалткан акылман Бакай атамды, бир туруп адам баласы үчүн ыйык, ак чач энени элестеткен касиеттүү Ала-Тоо жөнүндө, өзүм күбө болгон жаркын элестер жөнүндө болмокчу.

## АЛА-ТООНУ САГЫНАМ

Ылдам Сөзү А. Өмүркановдуку




Айлар бойлоп алыстасам жанынан,
Ала-Тоонун аппак чачын сагынам.
Көрүшкөнчө көңүлүмдү сооротуп,
Көздөн учкан элесиңе кагылам.

Жылдар бойлоп алыстасам жанынан,
Ак пейилдүү кыргызымды сагынам.
Ал учурда солгун кагат жүрөгүм,
Аба жетпей айрылгансып каныман.

Кандай болсо бир тууганым, балдары
Так ошондой Ата-Журтум ардагым.
Көңүлүмдөн чыкпай жүрчү ушулар,
Мекенимсиз, менин жалгыз калганым.



Жолдубай кесиптеши Гүлшан менен иш үстүндө



Кыргыз телесинин кызматкерлери



Көл кереметине суктануу





Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат



Тажикстандагы кыргыз адабият жана, искусствосунун декадасы. Дүйшөмбү шаары



Кеңешип кескен бармак оорубайт






Жолдубай студенттер менен



Теле берүүгө даярдык учуру




Ыр кесенин катышуучулары менен



Алыкулга суктануу





Алыкулга суктануу





Эргүү





Жашоого суктануу



Ыр кесенин катышуучулары менен




Бактылуу күндөр



Жубайлар



Замандаштар



Курбалдаштар



Ата- энеси, бир туугандары менен



Кайын журту менен



Чер жазышуу
СССРдин эл артисти Эстебес Турсуналиев менен



Үй бүлөсү, бир туугандары менен



Кошуналар балдары менен



Үй-бүлөсү, бир туугандары менен



Эстелик үчүн





## АТАМДЫ ОЙЛОП

Жайыраак Сөзү автордуку




Жылдыз тиктеп бийикте,
жүргөндүрсүң атаке.
Сагынганын уулуңдун
Билгендирсиң атаке. (2 ирет).

Жылдыз тиктеп түндүктөн,
Жаткандырсың мени ойлоп.
Уйкум качып, бугум ташып,
Мен дагы жүрөм сени ойлоп. (2 ирет).

Жылкы тосуп тоолордон,
Гүл аралап басаарсың.
Жолоочуну алыстагы,
Балдарымбы деп караарсың. (2 ирет)

Шаңкайган көк мөңгүнүн
Суусун жутуп атаке
Узак жаша. Тоолоруңду
Медер тутуп, атаке. (2 ирет)

## ЭНЕ ЖҮРӨГҮ

Ойлуу Сөзү Т. Кожомбердиевдики



Эне чарчап эс алам дейт бешимде,
Анан кайра эс алам дейт кечинде.
Камын көрүп жүрө берип балдардын,
Олдо энеке ай,
Калбай калат чаалыкканы эсинде.

Кайырма:
Кыялын да айга кулач серметип
Уулум бачым чоңойсо деп эр жетип
Алдей айткан
Ак бешикти назик терметип.



Баласынын буту кылдай тилинип,
Чебеленет эне чиркин бүлүнүп,
Жүрөк дале сыздап турат басылбай,
Олдо энеке ай,
Бала небак ойноп кеткен жүгүрүп.

Кайырма:
Ачып салып мүнөздөгү туюкту,
Алыс таштап тоңдук менен кыйыкты.
Энелердин жүрөктөрүн сактайлы,
Оо адамдар!
Абайлайлы ыйыктардан ыйыкты!
Кайырма:

## АЙЛЫМДЫН ЖЫТЫН САГЫНАМ

Сөзү автордуку



Жүрөгүм туйлап туулган жерге камынам.
Жеткиче шашам караанын көрүп камыгам.
Алтын нур чачып, жүзүңдү боёп албыртып,
Айылда таңдын атканын эстеп сагынам.

Жылкы айдап таңдан, жылганын ары жагынан,
Жыпарын искеп, күчүнө гүлдүн багынам.
Санаадан чыкпай, канчалык алыс жүрсөм да,
Сабаанын жытын, кулундун үнүн сагынам.

Жер көп деп кооз, өзүмдү алдап сабылам,
Жоокасы үчүн канча бир жолу жаңылам.
Ата-энем жаккан, уюлгуп көккө булаган,
Түтүнүн эстеп, арчанын жытын сагынам.



## ТУРНАЛАР ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Сөзү автордуку



Адамзат! Мен силерден сураар элем,
Куштардын катар сабын бузбашыңды.
Тилеймин күндүз күлүп, бейпил түндө,
Көшүлүп сенин да тынч укташыңды.

Оо, эмне үчүн турналар ыйлап өтөт,
Оо, сезимге так салып кыйнап өтөт.
Оо, түгөйүн качанкы жоктоп өтөт,
«Ааламды чарк айландым, жок...» деп өтөт.

Ак богок буудайлардын сөзү бүтпөй,
Ак кайың чачын жайып, тынч уктасын.
Наристе, ак чач эне, тоо, талаалар,
Турналар «тарс» эткен үн эч укпасын!

Оо, адамзат! Көз чаптыр куштар өтөт,
Оо, ойлочу, эмне үчүн сыздап өтөт.
Оо, сабынын кемтигин толтура албай,
Ааламга жар салышып ыйлап өтөт...

## КОМСОМОЛ ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Жай Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Эрини киберсиген кара бала,
Эртеден жеген эмес калама да,
Эсирген кулактардан тартып алган,
Эгинди тартып барат арабада (2 ирет)

Кылкылдап күн уяга жаңы батты,
Кыңылдап арабакеч айдайт атты.
Камданып жат баладан өч алууга,
Канкорлор буктурмада аңдып жатты.

Жарык жок, жардам да жок түнкү жолдо,
Жагымсыз дабыш чыгат онду-солдо.
Солк этип жаш жүрөгү комсомолдун,
Сол камчы шакылдады оң жак колдо.


Аңгыча катуу нерсе тийди башка,
Алсырап кулап барып түштү ташка.
Жалындуу кыргыздын бир комсомолу,
Жайында араң чыкмак он беш жашка.

Айлана тунжурады сырын катты,
Ай чыгып аскаларга кайра батты.
Ээсинен ажыраган элирген ат,
Эгинди тартып кетип бара жатты!..



## КЫРГЫЗ КЫЗДАРЫ

Тезирээк Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Каптаган да душман бизди батыштан.
Кайран шерлер карты туруп атышкан.
Кырылышып кан төгүлгөн майданга,
Кыргыздардын кыздары да катышкан.

Бекем кармап автоматты колуна,
Мина койду жырткычтардын жолуна.
Жааган октун арасынан жалтанбай,
Жарадарды сүйрөп салып жонуна.

Эстен кетпейт окоптордун сыздары,
Эстен кетпейт кычыраган кыштары.
Совет жерин коргош үчүн душмандан,
Салгылашкан кыргыздардын кыздары.

## УЗАК КҮТҮҮ

Жай

Сөзү автордуку




Каны катып жаактары карышып,
Санаалары батыш жакка жарышып.
Кан майданга узатышкан (оо-оой) жакынын,
Көнөктөтүп көздүн жашын агызып,
Кала берип үмүт отун тамызып.

Алды согуш кары-жаштын чамасын,
Кандай дабаа айыктырат жарасын.
Күтөт дале, ичтеринен тымызын,
Сүйгөн жарын, жандай көргөн агасын,
Бир тууганын, кайтпай калган баласын.

Канча мезгил артка сызды агылып,
Канча адамдар жүрөт кайгы жамынып.
Өзүлөрү ата болгон кап-качан,
Дале жүрөт аталарын сагынып,
Көз ирмемге, бир көрүүгө зарыгып.



## ЧОҢ СУУ АГАТ ТҮБӨЛҮК

Жайыраак

Сөзү С. Акматбекованыкы




Айлыбызда чоң суу агат
Суу үстүндө көпүрө.
Чоң суу агып кайда барат?
Мурап билет, эл билет.
Жети бала бир классташ,
Окуп, жаттап, жатышкан:
«Мен келемин, сен келесиң, ал келет» деп жазышкан.

Жети үй эле, жети эшигин
Күн чыгышка ачышкан.
Жети эшикти жаап бир күн,
Жөнөп кеткен батышка.
Мекен үчүн бөлөк элде
Жер жазданып калышты.
Бир айылда бир мезгилде
Жети үй калды жарыксыз.

Айлыбызда чоң суу агат,
Суу үстүндө көпүрө.
Чоң суу агып кайда барат.
Мурап билет, эл билет.
А көпүрө үстү менен
Күн-түн балдар көп өтөт:
«Мен өтөмүн, сен өтөсүң Ал даты өтөт» деп өтөт.



## ЭСТЕН КЕТКИС БАЛАЛЫК

Жайыраак Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Кандай тунук, кандай кымбат балалык,
Кайра баштан келээр болсо жаралып.
Ойлой берем чыбык минген күндөрдү,
Ортобузда болсо да көп аралык.

Балалыгым кызгалдактай жайнаган,
Балалыгым арашандай кайнаган.
Далай жылдар өтсө дагы арадан,
Да бир ирет көргүм келет кайрадан.

Балалыктан калсак дагы айрылып,
Башты салып мүңкүрөбөй кайгырып.
Ошентсе да балалыктын күндөрү,
Оо чиркин ай, бир көрүнсө кайрылып.

## АЙГА

Орточо

Сөзү А. Осмоновдуку




Жаз мезгили, он беште ай,
Уйкуга мас өзөн сай.
Көркүн калам айталгыс,
Олдо тоонун түнкүсү ай. (2 ирет)

Сүттөй аппак сулуу май,
Уйкуга мас капчыгай.
Сүрөт менен айта алгыс,
Олдо түндүн күчтүүсү ай. (2 ирет)

Ойдогу үйдө уктабай,
Оюн курган кыз бала, ай.
Кыз бала ойнун терметкен
Асмандагы алтын ай. (2 ирет)

Ойноктогон чымчыктай,
Олдо кыздын күлкүсү ай.
Кыз күлкүсүн терметкен.
Ободогу күмүш ай.



## ТООЛОР КӨРКҮ

Орточо

Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Чокусу күндү тиреген,
Бүркүтү булут жиреген.
Көркөмүң сенин Ала-Тоо,
Көңүлгө шаттык ширеген.

Өзүндө чексиз сулуулук,
Бийиктик менен улуулук.
Жылдызың санап уктасам,
Жүрөккө түнөйт жылуулук.

Зоолоруң Айдын түнөгү,
Булагың кыргыз мүрөгү.
Касиет сени көргөндө,
Калтаарыйт адам жүрөгү.

Көкүрөк арым сабалап,
Көкөлөп кетет абалап.
Көркөмүң сенин Ала-Тоо,
Көңүлдү коёт дабалап.

## КӨРГӨНДӨЙ БОЛДУМ ӨҢҮМДӨ

Сөзү Б. Сарногоевдики




Баратып өскөн жеримде,
Балачак түштү көңүлгө.
Көп жылдар мурда өткөндү,
Көргөндөй болдум өңүмдө. (2 ирет)

Кармалбас жибек жел эзет,
Капталда жолдон эл өтөт.
Капыстан келет оюма,
Карагат терген көнөчөк. (2 ирет)

Кыяда жолдон эл өтөт.
Кылактап жибек жел эзет.
Кыялга түшөт заматта,
Кызылгат терген көнөчөк. (2 ирет)

Балалык экен жакшы убак,
Барк албай жүрсө жакшылап.
Тойпондоп кемпир чал болуп,
Той берген жалпак таш турат.



Ушунун баары жыйылып,
Алдыман өтөт чубуруп.
Жаш кездей келет ойногум,
Жалпак таш жакка бурулуп. (2 ирет)

Баратып өскөн жериме,
Бала чак түштү көңүлгө.
Көп жылдар мурун өткөндү,
Көргөндөй болдум өнүмдө. (2 ирет)

## ЖАҢЫРЫК

Мелүүн Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Океанга күндун нуру чагылып,
Ак чардактар аянычтуу чаңырып.
Өжөрлөнүп толкун урса асканы,
Өскөн жерден угулгансыйт жаңырык.

Элестетем адыр, токой, түзүңдү,
Берекеге толуп турган жүзүңдү.
Самап кетем сабаадагы кымызды,
Сабагынан самсаалаган жүзүмдү.

Элестетем жазгы нөшөр төккөнүн,
Жамыраган козуларын, көктөмүн.
А мен болсо Ата-Журтту кайтарып.
Алыстагы океанда чектемин.



## АЙ, КӨЛҮМ АЙ..

Орточо ойлуу Сөзү С. Абдраевдики




Кетеримде көлүм менен коштошуп,
Көөнүмдү эзип көнүлүмдү буй кылат.
Толкундары буттарыма чалынып,
Ажырашпай көздүн жашы кылгырат.
Ай, көлүм ай,
Билбейм неге көздүн жашы кылгырат.

Ай көлүм ай, карай берем кыялбай,
Эрте-кечиң толкуп ташкан кыялдай.
Аттиң чиркин убакыт аз мынчалык,
Келип кетем сени жандап туралбай.
Ай, көлүм ай,
Күйөт жаным сени жардап туралбай.

Улутунам ыйлап турган баладай,
Тиктейм сени тиктегенден тажабай,
Акырында мезгил бүтүп аргасыз,
Кете албадым арт жагыма карабай.
Ай, көлүм ай,
Кантип кетем арт жагыма карабай.

## ЖАҢЫ ЖЫЛ – ЖАРКЫН ҮМҮТТӨР

Орточо, ойлуу Сөзү Т. Кожомбердиевдики



Кандай шаттуу карысы да, баласы,
Ар биринин ак тилектүү санаасы,
Кубанычтуу жаңы жылды тосууга,
Кучак жаят кең Фрунзе калаасы.

Кайырма:
Жашыңарга карыңарга,
Бакыт тилейм баарыңарга.
Жаңы жылым куттуу болсун,
Ар бир үйгө бакыт консун!

Бийиктерде кызыл туулар желбиреп,
Биздин сансыз ийгиликти эл билет.
Кыргызстан өткөн жылды узатты,
Кыйла сонун иштер менен белгилеп.



Кайырма:

Ата-Журтум күтүп турган сагынып,
Кирип келди бакыт жылы жаңырып.
Алды жакта күтөт канча жеңиштер,
Алды жакта канча сонун жаңылык!

Кайырма:

## ЖАШЧЫЛЫК

Шайыр Сөзү автордуку



Жазгы түндө махабатка мас кылып, жашчылык.
Кышкы суукта ай талаага шаштырып.
Илебине мөңгү эриген мөлтүрөп,
Жалын бүрккөн, оттон ысык жашчылык.

Кайырма:
Шоокуму шок, тоскоолуу жок ар качан – жашчылык.
Шайыр-шаңдуу бардык ишке маш кылып.
Октой учуп колго урунбайт кармасам,
Опсуз күлүк, кайра калбас жашчылык.

Чарчоо билбей, тоо жаңыртып каткырып – жашчылык.
Туу чокуда, кыйын белде ач туруп.
Албуут дайра, дың жерлерди багынткан,
Кубаты мол, кырчын кезек жашчылык.

Гүл турмушту бейкуттукка бастырып – жашчылык.
Таң калтырып жылдызга жол ачтырып.
Ала -Тоодой бийик максат, ак тилек,
Нур заманга жарашыктуу жашчылык.



## УЗАТУУ ВАЛЬСЫ

Шаңдуу Сөзү Т. Кожомбердиевдики



Зал ичин карасаң бир башка күлкү сайран.
Узатуу кечеси бул кезде кудум майрам.
Алыска көкөлөп обону кыз жигиттин,
Оркестр өзүнө чакырат алда кайдан.
Эр жигиттер шаттанышат,
Эл ишине аттанышат.

Узаттык аларды шаң менен таң атканда,
Бий бийлеп, ыр ырдап кумарды таратканда.
Кымбатсың туулган жер ар качан уулуң үчүн,
Кылчактап карашат алыстан баратканда.

Кайырма:
Милдетти аткарып жадырап келесиңер,
Жалжал көз селкиге гүлдесте берерсиңер.
Азамат жигиттер аман бол, көрүшкөнчө,
Ар убакта каректе сакталат элесиңер.

Кайырма:

## ТӨРТ КАЙРЫК

Тез, шандуу — А. Чойбекованыкы




Боз талаада боз шыбак,
Желге секин ыргалат.
Боз талааны шандантып,
Бозой ыры ырдалат.
Боз асманда боз булут,
Не ырдалбай, эмне ырдалбай тим калат.

Көк конушта көбүргөн,
Көк шиберге көмүлгөн.
Көп гүлдөрдүн көркөмү,
Кетпей койду көнүлдөн.
Көк асманда көп жылдыз,
Күйгөн оттой себилген.

Ак тоолорду аралап.
Аппак шоола сызылат.
Ак шооланы оронуп,
Арген күүсүн кыз угат.



Аппак жүздүү ал кызга,
Ашык жигит кызыгат.

Жашыл дүйнө жаз дүйнө,
Жаш сүйүүгө термелет.
Жазды сүйгөн жүрөккө,
Жалбыз жыты тең келет.
Жалындатып жаштыкты,
Жашоо бакыт тандашат!

## МАЙРАМ ЫРЫ

Тез, көңүлдүү Сөзү Т. Кожомбердиевдики



Ажайып күн нуру төгүлдү,
Ансайын балкытып өмүрдү.
Оркестр шаңк этти үн салып,
Асманга учуруп көңүлдү.
Жүрөктү толкуткан майрамда,
Баарыңар кубанып сайранда.

Калайык майрамга камданып,
Жеңиштер жаратты чамданып.
Жашартып жиберди көңүлдү,
Жан жактан музыка шаңданып.
Курбулар кутмандуу майрамда,
Кубанып ыр ырдап сайранда.

Мекендин жаштары, карысы,
Ырдасын, бийлесин баарысы.
Кубаныч өмүрдүн тиреги,
Кубаныч өлбөстүн дарысы.



Канакей кутмандуу майрамда,
Каткырып, бий бийлеп сайранда.

Гүл болуп Ата-Журт жайнады,
Күү чертип жүрөктөр сайрады.
Күлмүңдеп келиптир кайрадан,
Күлкүнүн, бакыттын майрамы.
Туугандар, кутмандуу майрамда,
Кубанып, ыр ырдап сайранда.

# ШАЙЫР ЖИГИТ

Шайыр, тез Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Мен кеткенде апам калган сүйлөнүп,
Эки күндө качарсың деп сүйрөлүп.
Кейигенсиз кур бекерге апаке,
Келе жатам үй курганды үйрөнүп.
Кайтып келем үй салганды үйрөнүп.

Кирпич куйдум аптаптарда куурулуп,
Бетим күнгө түлөп түштү туурулуп,
Эми мына эмгек менен достоштум,
Ысыгына-суугуна жуурулуп.

Көнгүчөктү далай тоскоол кезикти,
Күжүрмөнгө бакыт ачат эшикти.
Өздөштүрүп келе жатам курбулар.
Өлкөм сүйгөн курuучулук кесипти.
Эң ардактуу эл сыйлаган кесипти.



# ШААРЫМА КАЙТЫП КЕЛЕМ

Орточо Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Ак булуттун үстүнөн кайтып келем,
Атыңды миң кайталап айтып келем.
Ашыгып келбетиңе кумар болуп,
Алыс жактан шаарыма кайтып келем.

Артта калды чеги жок чөл да, талаа.
Ай сайын алып учуп барат санаа.
Аңгычакты жүрөктү «болк!» эттирип,
Алды жактан көрүндү жылдыз калаа!

Берекелүү борборум койну кенен,
Жүрөккө эне сымал жакын белең!
Алыс кетсем жаныңан, сени самап
Ашыгып кучагыңа кайтып келем!

## КЫЗ-ЖИГИТТЕР

Тез

Сөзү автордуку




Кылкылдап күн уяга батып барат,
Кызарып тоо-талаалар күйүп жанат.
Кайтышып шаңдуу эмгек майданынан
Күлкүсү кыз-жигиттин обо жарат.

Кайырма:
Кыз-жигиттер чогуу курган,
Оюну бар, ырлары бар.
Айлуу түндө айта турган,
Түгөнбөгөн сырлары бар.

Кайырма:
Ай толуп, теребелди көркко бөлөп,
Ашыккан тоонун жели жыпар себет.



Айылдын четиндеги калың бакка,
Үн созуп, жалын жаштар бирге келет.

Кайырма:
Селкинчек, жашынмактай оюну белен,
Ак чөлмөк, шакек салмай. Сөзү терең,
Бактылуу Ала-Тоолук кыз-жигиттер,
Оюндан, эмгектен да кемибеген.

Жамгырдан көл жаралат. Кыргыз баласы көл деген сөздү укса, бийик тоолор ортосунда, асман менен беттешип жаткан мөлтүр тунук Ысык-Көлүн көз алдына тартат. Көлүбүз бирде океандай зор, айбаттуу болуп көрүнсө, бирде наристедей назик ары аярлуу сезилет.

Ал кээде мелмилдеп, өңүн күндүн нуруна боёп, өзүнчө шыбырап тургандай созулса, кээде толкундары удургуп, сен олтурган кайыгыңды сылай термеп сыр бөлүшүп жаткандай сезилет.

## КӨЛ ҮСТҮНДӨ

Ойлуу Сөзү автордуку




Көлдүн үстү. Толкунду араладым.
Көңүл кушун канткенде табаламын?..
Кандай кылам? Күндөгү жалгыз кайык,
Көрүнбөдүң, жүрөктү жараладың,жараладың.

Калак шилтеп баратам түгөй издеп,
Табияттын татына жытын искеп.



Кубаныч күтүп үмүттүү жашасаң да,
Кыйын экен же тапмак үмүт үзмөк.

Көл бетинде бүлбүлдөп күйөт жарык.
Кумарланам көркүнө сүзүп барып.
Мага булгап жоолугун ал да келет,
Мен издеген баягы жалгыз кайык.

Көл боюнда ай нуруна эркелешкен жаш улан-кыз, төшөлгөн кумга чалкалай, баштарын тийгизип келдүн жыбыраган майда толкундарынын добуштарына кулак түрүшүп, көлдүн бактылуу болгула деген үнүн таңкы салкын жел коштоп, көл жээгиндеги бийик өскөн теректердин жалбырактары дагы алакан чаап коштогондой сезилет. Бул тилек жүрөктөрдөн канчалык терең сыр болуп айтылса дагы ааламга бат эле тарап жаңырыкка айланып кетет тура.

## АЛГАЧ СҮЙҮҮ

Ойлуу, жай Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Андан бери жылдар алмашты,
Кара чачты бубак кар басты.
Сүрсө дагы мезгил мезгилди,
Эстен кетпейт сүйүүм алгачкы.

Күн чартылдап булут түнөрүп,
Үнсүз турдук сөздөр түгөнүп,
Терс бурулдум, көздөн жаш ыргып,
Дегениңде: «Кош бол, түбөлүк».

Жаштык оргуп нурлуу жүзүңдөн,
Эрдиң таттуу ширин жүзүмдөн.
Аралыктын баарын багынтып,
Ар күн сайын көрөм түшүмдөн.



Самайм бирге жүргөн күнүмдү,
Уксам деймин назик үнүңдү.
Сууйт колун, сурайм, сунбагын,
Эми мага кызыл гүлүңдү.

# ТАҢКЫ ПОЕЗД

Ылдам Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Жүрөк көөдөндө тынбай ургулап,
Күлүк сезимдер сызат ыр курап.
Алды жактагы алыс сапарга,
Поезд үн салып мени жылдырат.

«Кош» деп айта албай жал-жал карасаң,
Мөлтүр көзүңдөн жашың кылгырат.
Поезд күүлөнүп барат акырын,
Калдың перрондо жалгыз, жакыным.

Бирок калгансыйт сенин жаныңда,
Менин жүрөгүм оюм, акылым.
Күүлөп канатты күүсүн ойнотуп,
Күтөт горизонт, сансыз чакырым.

Адыр, кырандар артка агылат,
Максат жылдызы бийик жагылат.
Жалбыз жыттанган назик дестеңе,
Кайра-кайрадан жүзүм малынат.
Анда-санда да токтоо билбеген.
Таңкы поездин үнү жаңырат.



# ЖОЛ ЖҮРӨРДӨ

Орточо, мелүүн Сөзү Ж. Абдыкалыковдуку




Качан болсо жөнөрүмдө алыска,
Жан кыйбасым турат жашың кылгырып.
Же жарабай жөн сөз айтып калышка,
Жер карайсың чемоданым жылдырып.

Мына дагы жөнөөр жагым алыс жак,
Жан кыйбасым, узатууга келесиң.
Поезд жүрдү, баратабыз алыстап,
Дале кетпейт жаш чайыган элесиң.

Жөнөөрүмдө күлө кыстым боорума,
Бирок «кош» деп колум сага бербедим.
Жол караба, убайым жеп ооруба,
Кайтып келем илимди өтөп, эрмегим.

«Кош» деп сен да сунба колуңду,
Жакшы көрбөйм жаш да төкпө кыйнаба
«Кош» дегенден «аманбы» сөз орундуу,
Жаш өмүрдө жашайлычы кыйлага.

## АЙТЫЛБАЙ КАЛГАН МАХАББАТ

Ойлуу, мелүүн Сөзү И. Мансуровдуку




Жүрөк дегдеп күлгүн жаштык кезимде,
Сени чындап сүйгөндүгүм эсимде.
Көз карашың карегиме кадалып,
Айткандарың калды терең сезимде.

Ойго салам бир кезекте болгонду,
Жаш көпөлөк гүлгө барып конгонду.
Жал-жал карап жалындап сүйөрдө,
Жан жыргалым неге көөнүң толгонду.

Кокусунан көчөлөрдөн көргөндө,
Кубанармын көңүлүңдү бөлгөнгө.
Бул дүйнөдө сенден башка киши жок
Жаным секет таанибаган өңдөнбө.

Мезгил сызып артта далай кыр калды,
Ким кайтарат тагдыр жолу кылганды.
Жаш теректин саясына жашырып,
Сага айтылбай махабаттуу сыр калды.



## КЫЗ ЖАНА БУЛАК

Мелүүн Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Кыз саамайы тармалданат,
Өкүм сүрөт жаз айы.
Булак болсо жагалданат,
Күзгү болуп атайы.

Назик селки ойлой берет,
Кундуз чачын таранып.
Булак болсо ойной берет,
Тоодон ылдый шар агып.

Махабаттан эмне кымбат,
Жалындуу жаш куракта.
Эркелеткен жигит кылдат,
Жолугушкан убакта.

Эстен кетпейт ошол күнкү,
Сырдашкан кез булакта.
Тоо жаңырткан шаңдуу күлкү.
Дале турат кулакта.

Ойлуу селки көп убактан,
Эр жигитти сагынып.
Ал экөөнүн көл булактан,
Жүзү турчу чагылып.

Жүрөк сыздап жана берет,
Үмүт жиби үзүлбөйт.
Булак болсо ага берет,
Кыздын оюн түшүнбөйт...



## ЖАЗГЫ СҮРӨТ

Сөзү А. Чойбекованыкы




Көшүлгөндө асман бүркөлүп,
Тоолор уктайт булут чүмкөнүп.
Магдырашат жашыл талаалар,
Кызгалдактан эндик сүйкөнүп, (2 ирет)

Көк шиберге гүлү кубулуп,
Алчаларда мөмө түйүлүп.
Күндүр-түндүр ыйлап жаткансып,
Мажүрүм тал турат ийилип. (2 ирет)

Сымбат көркү көңүл кандырып,
Көз чырагын бал-бал жандырып.
Элик буттуу кыздар баратат,
Бозойлорду эстен тандырып. (2 ирет)

Жаап өтсө жамгыр себелеп,
Күн желеси түшөт керемет.
Жаанга жуулуп күтөт жаш жигит,
А сулуусу наздуу, келе элек. (2 ирет)

## КЕЛ БИЙЛЕЛИ, ЫРДАЙЛЫ

Шайыр, тез                    Сөзү Э. Тазабековдуку




Көк асманда сүттей ай,
Биздин сөздөр бүтпей ай,
Сансыз жылдыз жагылат,
Жашообузду нары улап,
Жаштык ыры жаңырат.

Кайырма:
Эй-эй, бизге заман жылмайды,
Суктандырып күндү, айды.
Күлкү чачып кыз-жигит,
Кел бийлели, ырдайлы.

Гүлгүн курак гүл курак,
Күндө жаңы ыр курап.
Кайгы сезбей мүнөткө,
Күлкү толуп жүрөккө,
Шаттык менен күн өтсө.

Кайырма:



Ырлар, ырлар, ырлар ай,
Жашообуздун жыргалы ай.
Күлкү чачып эриндер,
Көкөлөсүн көңүлдөр,
Көркүн ачып өмүрлөр.

Кайырма:

## КЛАССТАШ КЫЗ

Мелүүн Сөзү Ж. Мамытовдуку




Заман ажайып, көркү бир башка,
Көңүл делгирет дайым ырдашка.
Бойдо махабат, ойдо махабат,
Классташ кызга, асыл курдашка. (2 ирет)


Күндөр татына, терең сырлары,
Сүйүү, сагыныч обон-ырлары.
Өчпөйт сезимден, чыкпайт эсимден,
Класcташ кыздын баскан-турганы. (2 ирет)

Сызат абада мезгил жебеси.
Артка таштала<br>т өмүр белеси.
Жүрөт жүрөктө ар бир мүнөттө,
Класcташ кыздын күндөй элеси. (2 ирет)



## БИР ЭЛЕС

Мелүүн Сөзү А. Чойбекованыкы




Мен азыр алыскы тоодомун,
Желеде кулундар байланган.
Бүгүн таң шаңкайып булутсуз,
Бүркүттөр чокуда айланган, (2 ирет)

Таштар да сулуулук арттырып,
Жөлөнгөн тоосуна жарашкан.
Көк кашка булактын жээгинде,
Балтыркан жалбызга жанашкан. (2 ирет)

Боз үйдө татына жаш келин,
Ак шайы жоолугу үлбүрөп.
Ал түндө калганбы уйкудан,
Коюлат көздөрү үргүлөп. (2 ирет)

Мен азыр алыскы тоодомун,
Кишенеп кулундар желеде.
Сен гана алыссың жанымдан,
Жалындайм козголуп делебе. (2 ирет)

## ЖОЛУҢДУ ТУРАМ КАРАП

Мелүүн Сөзү Э. Тазабековдуку



Ажайып күндөр калды,
Сүйүүнүн мекенинде.
Сен неге сүйөм дедиң (ай),
Жан кыйнап кетээринде.

Сен кеттиң а мен калдым,
Кусанын жетегинде,
Элесиң, начат менден,
Мына эми жетээримде.

Айдын да келчү жазы бар,
Арзыган кумар жазылар.
Кыйыла бербей көп эле,
Кыйналган кезге арзып ал.

Жүрөктөн кетпей эл иши,
Жүргөнүм жайлоо өрүшү.
Асылкеч, болбойт эмеспи
Айрылбай түтүн көрүшүү.



Өзөндүн суусу күркүрөп,
Өрдөштү көздөй бүркүлөт.
Жылдызды тиктеп жатамын.
Жылкылар менен бир түнөп.

Агытсам ойдун кемесин
Алдымда сенин элесиң.
Ак карлуу ашуу тараптан
Ак пери окшоп келесиң.

## ӨЧПӨС СЕЗИМ

Жайыраак Сөзү А. Чойбекованыкы



Келчи сен камчыңды уруп оңду солго,
Алдыңда тулпарыңды таскактатып.
Күзгүгө каранууга үлгүрө албай.
Калайын таң калгандан (ай) таштай катып.

Токтобой ат үстүнөн илип алып,
Өңөрүп алып каччы алыс жакка
Сагынтып комузгактуу жылгаларым,
Тындырбай көз жашымды агызмакка.

Кусаны үйүп-жыйып көкүрөккө,
Болоюн алыс жердин сары гүлү.
Эскирбес сүйүүм калган адырдагы,
Эңсейин ошол кездин жарым күнүн.



## КҮТТҮРБӨЧҮ КУРБАЛЫМ

Тез Сөзү автордуку



Мөлтүрөгөн кездөрүңдү,
Балдай ширин сөздөрүңдү,
Сагындым.
Күлкү төгүп көңүлүмө,
Кубат болуп өмүрүмө,
Табылдың.
Мезгил өттү, алыс кетти,
Бирок сенсиң көңүлүмдө, сезимде,
Тоо жаңырткан биздин ырлар,
Купуяда жаткан сырлар эсимде.
Кел жарк этип тыцшап көрчү,
жүрөгүмдүн сырларын.
Жол каратып зарыктырып,
Күттүрбөчү курбалым, курбалым.

Жан жыргаткан жазгы күндү,
Мемиреген айлуу түндү,
Самадым.
Токтоо бербей тынчымды алды,
Көздөрүмдүн курчун алды,
Жамалың.
Сен алыстан кат жиберсең,
Бат жиберсең, мен сүйүнүп калайын.
Тоонун гүлүн терип алып.
Обон созуп, жолуң тосуп барайын.
Кайырма:
Биринчи куплет кайталанат.
Кайырма:




Эстелик үчүн





Жолдубай СССРдин телевидениесинин диктору Л.Ковеленов менен. Москва шаары





Жаш активдер






Бактылуу балалык



Бир туугандары Малдыбай, Алыбай менен




Ааламга жол, айылдан башталат



Жаңы күчтүктөр



Жаңы күч айылынын көрүнүшү



Кесиптештер



Жумабубу эже уул - келини, неберелери менен



Музейден






Музейден көрүнүш



Жакшына жайлоосу



Кайып ата, Салиман апа балдары
Аалыбай, Малдыбай, Жайлообай, Аманбай менен



Уулу Бакыт үй-бүлөсү менен



Жубайы Жумабүбү -, кызы Айнура, уулдары Бакыт, Бакай



Уулу Бакай үй-бүлөсү менен



Жумабүбү эженин тоюунда Малдыбай менен



Уулу Бакай келинчеги Алтынай



## МЕН САГА ИЗДЕТЕМ

Ойлуу, мелүүн Сөзү автордуку




Бийик жерде асман толгон жылдызга,
Жал-жал карап мени эстеп жүрдүңбү...
Белек кылып жылдыз берген энчилеп,
Жаш баладай кыялыма күлдүңбү?..
Оой, оой,
Сенден алыс, сени ойлоп мен дагы.
Жылдыз карап турганымды билдиңби?..

Сан жылдыздын арасынан бирөөнү,
Сага окшотом, алып учуп жүрөгүм.
Ошол жылдыз сага дагы көз ымдап,
Мени эсиңе салса экен деп тиледим.
Оо-й көөдөн толгон сагынычты чогултуп,
Көз талытып жолуң, тосуп жүрөмүн.

Бирде күлүп, бирде кайгыруу,
Тирүүлүктүн чиелешкен шарты экен.
Узатканда көздүн жашын кылгыртып,
Турмуш, жазмыш дагы бөлөөр бизди эчен.
Оо-ой шашпа сени, мен да кетип алыска,
Жылдыздардын арасынан издетем.

## СЕН ЖӨНҮНДӨ

Жайыраак Сөзү автордуку



Чыкпас болдуң оюмдан,
Унутпадым, чолпон жылдыз өңдөнгөн жамалыңды.
Катып жүрөм көңүлдүн түпкүрүнө,
Карегиме калтырган караанынды.

Кайсы жакта жүрөсүң эмне иш кылып,
Калдым бекен мен дагы капарында.
Кубаныч, капамды тең бөлүшүп,
Коңшусуңбу турмуштун сапарында…

Куш жетпеген алыска санаам учат,
Кусалыгым көңүлгө толгонунан.
Кезигишип калууну күтүп жүрөм,
Кыйма-чийме турмуштун жолдорунан.



## АК ГҮЛҮМ

Ылдам Сөзү И. Мансуровдуку



Ботодой болгон көзүңдөн (ой),
Кылыктуу чыккан сөзүңдөн.
Гүл өстүрүп алсамбы,
Гүлдөн бир артык өзүңдөн.

Ак гүлүм ай, ак гүлүм,
Мага эле тийген ак күнүм.
Кел ээрчишип басалы
Көрккө да бөлөп жаз күнүн.

Тал чыбыктай чоюлган (ай),
Элик бир мүчө боюңан.
Түнөк таап алсамчы,
Түйүнчөктөй сыныңдан.

Ак гүлүм ай, ак гүлүм,
Сага арналат татты үнүм.
Кел басалы жанашып,
Көрккө бөлөп жаз күнүн.

Олоң кара чачыңдан (ой),
Татынакай атыңдан.
Ачык айтсам жүрөктүн,
Ардагысың катылган.
Ак гүлүм ой, ак гүлүм,
Жакшы эле көргөн ак гүлүм.
Тамашада себеп бар,
Деми сенсиң күлкүмүн.



## ЖААНДА

Жай, ойлуу

Сөзү Р. Алыбаеваныкы




Жапжашыл дарактар да. Теребел да,
Чөгөрүп сулуулукту жүздөрүнө.
Турамын бопбоз болуп, төгөт жамгыр.
Кусалык толуп барат жүрөгүмө.
Эстеймин жамгырдагы күтүүлөрдү.
Эстеймин жамгырдагы сүйүүлөрдү.

Жап-жашыл жылбырактар дилдирешет,
Даракка сүйөнүп мен турам катып.
Көзүмдөн жаштар агат тамчылардай,
Ойлорум бүт денемди солкулдатып.

Кайырма:
Өткөндер менден канча алыстаса,
Ошончо кымбат болуп кала берет.
Нөшөрлөп жамгыр жааса басылбаса,
Сагыныч, бук болууну ала келет.

Кайырма:

## КОЙ КАРАБА МЕНИ…

Жайыраак Сөзү И. Мансуровдуку




Жал-жал тиктеп жүрөгүмдү жаралап,
Жылмаясың жан дүйнөмдү аралап.
Сезип турам жактырасың сен дагы,
Көңүлүңө да мени катып пааналап.

Ой кара көз, айтарда сөз,
Билбегенсип ачылбайсың кыйлага,
Ой, садага, кой караба.
Мени дагы өзүңдү да кыйнаба.

Жаштыгыма жарык чачып жамалың,
Эмнегедир келе берет карагым.
Сезип турам шынаарлайсың жакынсың,
Сенин дагы мени келет карагың.



Ой кара көз, айтаарда сөз,
Билбегенсип кеп саласың сыйдана.
Ой садага, кой караба,
Өзүңдү да, мени дагы кыйнаба.

Сезимимден такыр кетпейт элесиң,
Сен да ичиңден өзүңдү өзүң ээсин.
Эмне оюң бар же бир ачык айтпасаң
Анда үзөлү бул азаптын желесин.

## КЫЙНАЛУУ

Жайыраак Сөзү Э. Тазабековдуку



Сен үчүн сагынычым чексиз дайра,
Эстеймин элесинди кайра кайра.
Эми мен унуталбайм,унуталбайм,
Жүрөккө кыла алмакмын кандай айла.

Кайырма:
Сагынганым, эңсегеним,
Бир көрсөтчү көздөрүңдү
Жашынбачы жароокерим,
Укчу ыйлуу сөздөрүмдү.

Айрылдык куштун эки канатындай,
Ок даарып кайтпай калган түнөгүнө,



Ырдабайм мурдагыдай күлкү чачып,
Төкпөймүн ыр нөшөрүн жүрөгүнө

Кайырма:
Сагынганым, эңсегеним,
Бир көрсөтчү көздөрүңдү.
Жашынбачы жароокерим,
Укчу, ыйлуу сөздөрүмдү.

Акыркы сүрөтүңдү өрттөп жатам,
Көрүнүп сезимимди козобосун.
Дүйнөдө арман кечип өткүм келбейт,
Түшүрбөйм жаштыгымдын көшөгөсүн.
Кайырма:

Адам өмүрүндөгү кайталангыс нерсе балалык. Жаштык кез дегеле өзүнчө керемет нерсе. Бирок турмуштун бул тынымсыз кыймылын токтотуп туруу, кармап калуу колдон келбес.

Бала, бала, бала менен бүлөбүз,
бала күлсө бактылуубуз күлөбүз,
кубанабыз кучактайбыз, өбөбүз,
Кубанычтын кучагында жүрөбүз.

Сактагыла, сактагыла баланы,
Аман өссүн чалгын канат жетилип,
Айга барсын болочоктун кадамы.

## АЛГАЧКЫ КАДАМ

Орточо Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Бир, эки, үч,
Кетип барат күч.
Кээде ийреңдеп,
Кээде басып түз.

Кайырма:
Алгачкы кадам,
Тай-тай-тай бөбөк.



Биринчи кадам.
Тай-тай-тай бөбөк.
Ушинтип баарын,
Үйрөнөт адам,
Үйрөнөт адам.
Кубанып карап,
Кадамдап барат.
Элеңдеп кайра,
Отура калат.

Кайырма:
Ооп оң-солго,
Оңолуп зорго.
Башталды сапар,
Алыскы жолго.

Кайырма:

## ТАЙ ЖАРЫШ

Шайыр Сөзү автордуку




Этек жең, дирилдеп,
Күлүктөр бириндеп.
Алдыга озгондор,
Албырат күлүндөп.
Кадимкидей тай жарыш,
Каткырыкка бай жарыш.

Түзөңгө барышып,
Жөнөштү жарышып.
Булт берип тайлары,
Бутка бут кагышып.
Ойноктогон тай күлүк,
Озоор экен кай күлүк.
Лай-ла-ла-ла-ла-ла-ла-лоой,
Озоор экен кай күлүк.

Күлүгүн табышып,
Бапестеп багышып.
Мынакей жайлоодо,
Келишет жарышып,
Тизгин колдо карышып,
Балдар келет жарышып.
Ла-ла-ла-ла-ла-ла-ла-лоой,
Балдар келет жарышып.



## КЕЧКИ ЖОМОК

Жай, назик сезим менен Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Илгери бир абышка,
Бара жатып алыска.
Кулак түрүп калыптыр,
Ыңаалаган дабышка.
Ойбой, бой-бой кызык,
Ошол жакка барыптыр,
Көргөндө таң калыптыр,
Алтын бешик ичинен,
Апакай, алтын көкүл,
Бала таап алыптыр.

Тойго малын союптур,
Жакшы ат таап коюптур.
Ал баласы эр жетип,
Айга барып конуптур.
Ой-бой, пай-пай, кызык,
Жылдыздарды териптир.
Сурагандын баарына

Эли-журтун кубандырып,
Бирден жылдыз бериптир.


Аалам сырын билиптир,
Өчпөс чырак илиптир.
Ошол нурдан тараган,
Азыр күйгөн электр
Жомок соңу ушул,
Алтын кызым ай нурум.
Күмүш балам күн нурум.
Төшөгүнө жата гой
Жөлөгүм, медерим,
Уктаар экен ким мурун.



## ГҮЛ СУГАРГАН КЫЗ

Көңүлдүү

Сөзү Т. Кожомбердиевдики




Улам жаркып тегерек
Учат желге эбелек.
Гүлнар жүрөт ал кезде,
Гүлдөргө суу себелеп,
Оо-оой
Г үлдөргө суу себелеп.

Күнгө күйгөн денеси,
Күлө карайт энеси.
Көз алдыга тартылат.
Гүл бакчанын элеси. (2 ирет)

Гүлнар күндө сугарды,
Гүлкайырлар сыланды.
Көйкөлгөндө гүлзарлар,
Көргөн адам кубанды. (2 ирет)

Жымыңдайт кыз жайдары,
Жыттуу гүлдөр жайнады,
Бутагына алардын,
Булбул конуп сайрады. (2 ирет)

## НУРЛУУ КӨЛЧҮК

Көңүлдүү Сөзү Т. Кожомбердиевдики



Бөбөк чуркайт сүйүнүп,
Суунун үстү чийилип.
Калат анын бутуна,
Кепич болуп кийилип.
Ээй кызык, оой кызык,
Ээй кызык, оой кызык,
Кепич болуп кийилип.

Көйрөңдүгү билинип,
Көлчүк ичи чийилип.
Таманына бөбөктүн,
Кошо кетет илинип.
Ээй кызык, оой кызык
Кошо кетет илинип.

Бала чуркайт түйүлүп,
Келчүк менен сүйүнүп.
Суу кепичи чалп этип,
Турбайт бутка илинип.
Ээй кызык, оой кызык
Турбайт бутка илинип. (2 ирет)



## СОҢКУ СӨЗ

Кыргыздын өчпөгөн жылдыздай жанган, таланттуу уулу Жолдубай Кайыповдун 70 жылдыгына арналган китеп колуңарга тийип, силердин сыноонордо турат. Бул эскерүү китеби аны билип-көргөн, бирге иштеген, кыргыздын мен деген чыгармачыл таанымал адамдарынын «Өчпөгон жылдыз» атанган Жолдубай акенин кайталангыс талантын, ажарлуу тышкы келбети менен ички дүйнөсүнүн төп келгендигин, улуу адамгерчилигин, шайыр-шайдоот мүнөзүн, иштерман, уюштургучтугун, обон-ыр жаратуудагы өзгөчөлүгүн белгилешкени болду. «Кайталангыс адам, мыкты талант эле»- деген алардын берген баасы, жыл өткөн сайын анын чыгармалары аркылуу өмүрүн узартып келет. Ал талыкпаган эмгекчилдигинин аркасы менен жеке чыгармачылыгында өзүнүн эле атагын чыгарбастан, Ата-энени, Мекенди, тунук сүйүүнү, жаштыкты даңазалап кетти. Анын ырларынан жаштыкка өзгөчө баа берилип, бирок аны оюн-шооктун, шаан-шөөкөтүн гана эмес, эмгектин, аракеттин, изденүүнүн мезгили деп жанталашып иштеген тура көрсө.

Жашоого сергектигинен теленин татаал сырларын аз убакытта өздөштүрүп, өзүнүн артында элине өлбөс-өчпөс эмгегин калтырды.

Улуу талантты таанып-билип, көргөндөрдүн эсинде Жолдубай байке 37 жаштагысындай жапжаш, өрт курагындагы, жаз мезгилиндеги мандалактай көрктүү боюнча түбөлүккө калды. Биз аны турмушта аз жашады, экранда андан да аз жашады деп өкүнүп-өксүп жүрөбүз, мени таң калтырганы анын кыска өмүр жолунда жанын үрөп иштегени. А балким, чын эле тирүүлүктө ал өмүрү кыска болоорун билгенби, же чындап эле кудайым ага ушундай талантты, эмгекчилдикти, зиректикти, сезимталдыкты айкалыштырып туруп жаратканбы, жанына тынчтык бербеген эмгекчилдиги аны аз өмүрүндө көптөгөн иштерди жасаганга үлгүрткөн экен.

Мен муну алгачкы «Өчпөгөн жылдыз»- аттуу алгачкы китебимде кандай сезип бааласам, бул китепти жазып, изденип жүргөн убагымда даана байкалды. Алдыда дагы көптөгөн максаттары аткарылбай калды аттин!...

Арадан канчалаган убакыт өтсө дагы аны менен кошо иштешкен, чогуу жүргөн адамдар Жокесин унутушпаптыр. Анын орду толукталбай армандуу күнгө айланган жашоосу эми анын чыгармаларында кыргыз эли менен кылым карытып жаңыра бермекчи. Жолдубай байкенин чыгармаларына экинчи өмүр бере турган иш-чаралар уюштурулуп, ал акырына чыгарып үлгүрбөгөн чыгармалар жарыкка чыгаар. Бул багытта Жолдубай акенин бир туугандары, үй-бүлөсү, дегеле анын талантын сыйлагандар арасында жакшы максаттар бар. Ошондуктан жакын арада Жолдубай Кайыповдун чыгармаларынан турган Ата Мекен, ата-эне, бала баркы, тунук сүйүүгө жыш ырларын топтоп, элге алып чыксакпы деген илгери үмүттөр буюрса ишке ашат. Анын чыгармалары балдарыңарды, конокторуңуздарды, деги эле кимди болбосун кайдыгер калтырбай, жакшы үмүттөргө жетелээрин бөркүңүздөй көрүңүз. Соңунда айтаарым Жолдубай агабыз өзү арык чаап, суу буруп, сугарып гүлдөтүп, жайнатып, артына калтырган чыгармалары жылдарды карытып, жаңы заманбап нукта өнүгүп кыргыз элинде жашай бермекчи.

***Сталбек Абдыраев***

Бул жашоодо чындык бар да, төгүн бар,
Жанган от бар жана өчкөн көмүр бар.
Өлдү, бүттү дегендерге кошулбайм,
Өлүп, бирок жашай берчү өмүр бар.

***Эсенгул Ибраев,***
Кыргыз эл акыны




***Мазмуну***


*Жолдубай* ........ 3
*«өчпөгөн жылдыз» жолдубай кайыпов* ........ 7
*Тубаса талант эле* ........ 24
*Жокем телевидениеге ак пейилден кызмат кылды* ........ 27
*Жүргөн жери шаң эле, жүзү дагы жарык шам эле* ........ 29
*Монитор алдындагы жолдубайдын элеси эч эсимден кетпейт* ........ 31
*Маанай жаркыраткан талант эле* ........ 36
*Жакшынын өзү өлсө да сөзү өлбөйт* ........ 43
*Батадан бакыт тапкан талант* ........ 53
*Классикага айланган ырлар* ........ 57
*Жумакем болуп чыккан күн жолдубай болуп батууда* ........ 62
*Жолдубай* ........ 69
*Эрдин атын-эл билет* ........ 71
*Насип* ........ 74
***«Өчпөгөн жылдыз жолдубай» жөнүндө ырлар*** ........ 77
*Жолдубай* ........ 78
*Жолдубайга* ........ 80
*Жигит өлбөс болсочу* ........ 81
*Таңкы жылдыз* ........ 83
*Жолдубай* ........ 87
*Сезимде сакталган элес* ........ 88
*Жолдубайга* ........ 89
*Ошол сенсиң* ........ 90
*Жолдубай Кайыповдун жаркын элесине* ........ 91
*Жолдубайдын жылдызы* ........ 92
*Сен тирүүсүң* ........ 93
*Коштошуу* ........ 94
*Жолдубай Кайыпов тууралу «өчпөгөн жылдыз» китебинен үзүндүлөр* . 95
*Өчпөгөн жылдыздын турмушунан* ........ 102
*Жолдубай кайыповдун ардак наамдары:* ........ 105
*Жолдубай кайыповдун ысмын алып жүргөн жайлар:* ........ 105
*Мекеним* ........ 108
*Атам менен энеме* ........ 110
*Ала-тоону сагынам* ........ 112
*Атамды ойлоп* ........ 113
*Эне жүрөгү* ........ 114

*Айлымдын жытын сагынам* ... 116
*Турналар жөнүндө баллада* ... 117
*Комсомол жөнүндө баллада* ... 118
*Кыргыз кыздары* ... 119
*Узак күтүү* ... 120
*Чоң суу агат түбөлүк* ... 121
*Эстен кеткис балалык* ... 123
*Айга* ... 124
*Тоолор көркү* ... 125
*Көргөндөй болдум өңүмдө* ... 126
*Жаңырык* ... 128
*Ай, көлүм ай..* ... 129
*Жаңы жыл – жаркын үмүттөр* ... 130
*Жашчылык* ... 132
*Узатуу вальсы* ... 133
*Төрт кайрык* ... 134
*Майрам ыры* ... 136
*Шайыр жигит* ... 138
*Шаарыма кайтып келем* ... 139
*Кыз-жигиттер* ... 140
*Көл үстүндө* ... 142
*Алгач сүйүү* ... 144
*Таңкы поезд* ... 146
*Жол жүрөрдө* ... 147
*Айтылбай калган махаббат* ... 148
*Кыз жана булак* ... 149
*Жазгы сүрөт* ... 151
*Кел бийлели, ырдайлы* ... 152
*Классташ кыз* ... 154
*Бир элес* ... 155
*Жолуңду турам карап* ... 156
*Өчпөс сезим* ... 158
*Күттүрбөчү курбалым* ... 159
*Мен сага издетем* ... 161
*Сен жөнүндө* ... 162
*Ак гүлүм* ... 163
*Жаанда* ... 165
*Кой караба мени...* ... 166



*Кыйналуу* ... 168
*Алгачкы кадам* ... 170
*Тай жарыш* ... 172
*Кечки жомок* ... 173
*Гүл сугарган кыз* ... 175
*Нурлуу көлчүк* ... 176
*Соңку сөз* ... 177



## Абдыраев Сталбек Нурмамбетович

1962 - жылы 26-февралда Ат-Башы районуна караштуу Жаңы-Күч айылында туулган. Жогорку билимдүү. Кесиби уюштуруучу-методист.

Абдыраев Сталбек эмгек жолун 1985-жылы Нарын шаардык аткаруу комитетинде маданий агартуу инспектору болуп иштөө менен баштап, Нарын шаардык маданият бөлүмүнүн башчысы, Нарын облустук маданият башкармасында башкы адис, облустук Эл чыгармачылык борборунун жетекчиси, Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын жооптуу кызматтарын аркалаган.

1993-жылдан тарта журналисттик кесипке аралашып, жаңыдан түзүлгөн Нарын телерадио-компаниясында режиссер, алгачкы диктор, 1995-жылы Чүй-Токмок шаардык маданият бөлүмүнүн башчысы, Чүй облустук «Сары Өзөн », «КООРТ» телекомпаниясында диктор-алып баруучу, кабарчы, 2001-жылдан тарта «Ала-Тоо» маалымат программасында «Жаңылыктардын» алып баруучусу, «Басма сөзгө баяндама» көрсөтүүсүнүн автору, алып баруучусу, «Ала-Тоо аймактарын» редакциясынын шеф редактору, «Ала-Тоо» студиясынын Чүй облусу боюнча өз кабарчысы болуп эмгектенди.

Кыргыз телесинин жылдызы болгон Жолдубай Кайыпов тууралу «Өчпөгөн жылдыз», «Айылым бүтпөс дастаным» аттуу китептердин автору.

Сталбек Абдыраев КТРКнын отличниги, КР маданият министрлигинин мыктысы. Чүй облусунун «Кеменгер» сыйлыгы баштаган бир катар министрликтердин төш белгилеринин жана мактоо баракчаларынын ээси. Нарын облусунун ардактуу атуулу.